**К. Тыныстанов атындагы Ысыккөл Мамлекеттик университети**

Экономика жана менеджмент институту

Экономика кафедрасы

**Джунушева К. С., Кадыркулова Ч.Т., Мамытов Б.Ж.**

# Экономика теориясы

(усулдук колдонмо)

Каракол - 2007

Китепче экономика теориясы предмети боюнча кыргыз тилинде окутулуп жаткан студенттик тайпаларда колдонуу үчүн иштелип чыкты. Студенттердин билим алуу процессинде ушул предметти баштоо түшүнүктүү жана ыңгайлуу болсун үчүн: «Экономика теориясынын предмети», «Менчик жана ишкердик эмгектин формалары», «Рыноктук экономиканын негиздери» деген үч темадагы практикалык сабактын усулдары көрсөтмө куралдары менен берилди. Азыркы учурда ар бир адамга кездешүүчү жумушсуздук, инфляция, фискалдык саясат деген актуалдуу темалардын программада талап кылынган боюнча: «Жумушсуздук жана калкты ишке тартуу саясаты», «Инфляция жана ага каршы чаралардын системасы», «Мамлекеттин фискалдык саясаты» деген лекциялардын толук мазмууну чагылдырылды жана түшүнүктөр, көнүгүү үчүн тесттер сунушталды.

Экономикалык кесиптеги студенттер билип алышсын үчүн Нобель сыйлыгынын экономика боюнча лауреаттарынын тизмеси көрсөтүлдү. Китепче студенттерге, окутуучуларга жана экономика билимине кызыккандарга арналат.

«Экономика теориясы» окуу-усулдук китепчеге

## Ой-пикир

Китепчеде авторлор тарабынан кириш сөз катарында китепченин жалпы мазмууну, максаты жана кимдерге арналганы айтылат. Андан кийин экономика боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаттарынын тизмеси берилген. Анын негизинде окурмандар алардын эмгектери менен таанышып өзүлөрүнө тиешелүү маалыматтарды алып, таанышууга мүмкүндүк алышат. Тизменин аягында кыргыз элинен чыккан атактуу экономисттер дагы камтылган. Мындай маалыматтарды чогултуу көп эмгекти талап кылат, ошондуктан бул тизме окурмандарга алардын эмгектери менен таанышууга чоң жардам берет.

Китепченин мазмууну экономика теориясы предметинин актуалдуу темаларын чечмелеп окутуунун усулдук кеңештери менен башталган. Эң биринчи үч теманы кантип чечмелеп, кайсы адабияттан алуу керектиги көрсөтүлүп, ар бирине тиешелүү схемалар, таблицалар берилген. Мындай усулдук кеңештер биринчи жолу студент болуп, биринчи курста окуп жаткан жана өз алдынча кенен студенттик аудиторияда чыгып сүйлөөнү максат кылган жаштарга кыргыз тилинде экономиканын теориясын таанып билүүгө чоң жардам берет.

Ошондой эле көлөмдүү курстун ичинен үч көйгөйлүү теманы тандап алып лекциясын беришкен. Чынында эле бул темалар өтө актуалдуу, анткени ким жумушсуз болбойм деп тастыктай (далилдей) алат, ким Адам Смиттин «Көрүнбөгөн колуна» тартылбайт жана түртүлбөйт, ким салык саясатынан качып кутула алат, кимдер гана жашоо турмуштагы экономикадагы кездешүүчү ар түрдүү мүчүлүштөрдөн кыйынчылыктардан чыгууну каалабайт??? Ушул темаларды кыргыз тилинде студенттерге толук түшүнүк берүүгө жасалган аракеттер алардын келечектеги теориялык калыптануусуна мүмкүндүк берет.

Ушундай усулдук-окуу китепчесине тандалган темаларды кыргыз тилинде белгилүү илимий-практикалык деңгээлде чечмелеп түшүнүк берип жаткан бул окутуучуларды колдоо менен бирге мындай окуу куралды катуу сындагандан алысмын жана менден башка окурмандар деле өз ойлорун кошумчалайт деп ойлоймун. Ушундай аракет жасалган саамалык улана берсин жана авторлорго ийгилик каалайм.

**Жумалиев К.Ж.-**
**экономика илимдеринин**
**кандидаты.**

# Кириш сөз

Биз, авторлор «Экономика теориясы» аттуу окуу усулдук китепчени ушул мазмуунда чыгарууну ылыйык көргөнүбүздүн ***биринчи*** себеби  болуп мектепти жаңы бүткөн кечээки окуучу бүгүн студент болуп, болгондо да экономика боюнча кесипке даярдалууга багыт алып жатканда канчалык кыйынчылыктарга туш келгенин эске алдык. ***Экинчиден***, окуп билим алуучу китептер көбүнчө орус тилинде болгондуктан жана тилди начар билген студенттердин кандай кыйналганын эске алып эң кымбат, татаал «Экономика теориясы» предметинин айрым темалары боюнча усулдук кеңеш берип, кантип бир теманын мазмуунун кандайча ирээти менен кандайча чечмелөөнүн жолун көрсөттүк.

Мындан тышкары, бүгүнкү күндө ар бир адам инфляцияга, жумушсуздукка, оор салыктарга туш келип жатышат жана калктын жашоосуна чоң түйшүк алып келүүдө. Ошондуктан аздыр көптүр билими бар адам азыркы катаал шартардан чыгуунун жолун издеп чакан, кичи жана орто бизнеске өтүп, өзүнүн ордун рыноктон таап кетсе, ал адамга да, мамалекетке да канчалык жеңилдик болоорун окутуп, үйрөтүп койсок деген максатка ушул китепчени жаздык.

Окурмандар тарабынан болгон сын пикирлерди туура кабыл алабыз жана келечектиги иштерибизге колдонобуз.

Авторлор:
Джунушева К.С.
Кадыркулова Ч.Т.
Мамытов Б.Ж.

# Экономика боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаттары.

1969-жыл – Ян Тинберген (Голландия) жана Рагнер Фриш (Норвегия)-экономикалык талдоодо математикалык ыкмаларды тузгөндүгү жана колдонгону үчүн.
1970-жыл – Пол Самуэльсон (АКШ)-экономиканы илимий талдоонун деңгээлин жогорулатууга кошкон салымы үчүн.
1971-жыл – Саймон Кузнец (АКШ)-экономикалык өсүштү эмпиирикалык жол менен изилдөөлөрү үчүн.
1972-жыл – Кеннет Эрроу (АКШ) жана Джон Хикс (Великобритания)- жалпы экономикалык тең салмактуулук теориясын жана жыргалчылык теорияларын иштеп чыкандыгы үчүн.
1973-жыл – Василий Леонтьев (АКШ)-«Сарптоо-өндүрүү» теориясын иштеп чыкандыгы үчүн.
1974-жыл – Фридрих Фон Хайек (Британия) жана Гуннар Мюрдаль (Швеция)-акча теориясы, конъюнктуралык термелүүлөр жана экономикалык, социалдык жана структуралык кубулуштардын тармагындагы эмгектери үчүн
1975-жыл – Тьяллинг Купманс (АКШ) жана Леонид Канторович (СССР)-ресурстарды оптималдуу колдонуу теорияларын иштеп чыкандыгы үчүн.
1976-жыл – Милтон Фридмен (АКШ)-керектөө, акчанын тарыхы жана теориясы тармагындагы изилдөөсү үчүн.
1977-жыл – Джеймс Мид (Британия) жана Бертиль Улин (Швеция)-эл аралык соода жана эл аралык капиталды жүгүртүү тармагындагы иштери үчүн.
1978-жыл – Герберт Саймон (АКШ)- экономикалык уюмдардын чөйрөсүндө кабыл алынуучу чечимдердин процессин новатордук изилдегендиги үчүн.
1979-жыл – Артур Льюис (АКШ) жана Теодор Шульц (АКШ)- жаңы өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасы боюнча жүргүзглгөн иштери үчүн.
1980-жыл – Лоуренс Клейн (АКШ)- эконометрикалык моделдерди түзгөндүгү жана аларды экономиканын термелүүсүн жана экономикалык саясатты талдоодо пайдалангандыгы үчүн.

1981-жыл – Джеймс Тобин (АКШ)- финансы рынокторунун керектөө, иш менен камсыз болу өндүрүш жана баалар менен болгон байланышын изилдегендиги үчүн.
1982-жыл – Джордж Стиглер (АКШ)- өнөр жай түзүлүштөрүн, рыноктордун жана мамлекеттик тейлөөнүн ролун изилдегени үчүн.
1983-жыл – Джерард Дебре (АКШ)- жалпы экономикалык тең салмактуулук теориясы боюнча иштери үчүн.
1984-жыл – Ричард Стоун (Британия)- улукттук эсептердин теориясын иштеп чыккандыгы үчүн.
1985-жыл – Франко Модильяни (АКШ)- акча жыйноо процессин жана финансылык рынокторду талдоосу үчүн.
1986-жыл - Джеймс М. Бьюкенен (АКШ)- экономикалык жана саясий чечимдерди кабыл алуу теориясынын негиздерин өркүндөткөндүгү үчүн.
1987-жыл – Роберт Солоу (АКШ)- экономикалык өсүш теориясына жасалган салымы үчүн.
1989-жыл – Морис Алле (Франция)- инвестициялар жана процент деңгээлинин теориясы боюнча иштери үчүн.
1989-жыл - ТругвеХаавельмо (Норвегия)- эконометрия жана өндүрүштүк функция теориясы боюнча иштери үчүн.
1990-жыл – Гарри Марковиц (АКШ), Уилям Шарп (АКШ) жана Мартон Миллер (АКШ)- финансы тарабындагы изилдөөлөрү үчүн.
1991-жыл - Роналд Коуз (АКШ)- трансакциондук чыгымдардын жана менчик укугунун проблемалары боюнча иштери үчүн.
1992-жыл - Гэри Беккер (АКШ)- микроэкономикалык талдоонун чөйрөсүн кеңейткендиги үчүн.
1993-жыл - Дуглас Норд (АКШ) жана Роберт Фогель (АКШ)- экономикалык теорияны тарыхый изилдөөлөргө колдонгондугу үчүн.
1994-жыл - Райнхартд Зельтен (Германия), Джон Неш (АКШ), Джон Харшаньи (АКШ)- оюндар теориясын экономикага байланышта иштеп чыгуудагы салымдар үчүн.
1995-жыл - Роберт Лукас (АКШ)- рационалдуу күтүүлөрдүн гипотезасын ишпет чыккандыгы жана колдонгондугу үчүчн.
1996-жыл - Джеймс Миррлиз (Британия), Уильям Викри (АКШ)- толук эмес маалыматтын шартында финансылык чечимдердин теориясын ишпет чыккандыктары үчүн.
1997-жыл - Роберт Мертон (АКШ) жана Майрон Скоулз (АКШ)- туунду баалуу кагаздарды баалоо методун ишпет чыккандыгы үчүн.

1998-жыл - Амартия Сен (Индия)- жыргалчылыктын экономикасына жасаган салымы үчүн.

1999-жыл - Роберт Манделл (АКШ)- экономикасы ачык өлкөлөрдөгү акча жана фискалдык саясаттарды изилдөөсү үчүн.

2000-жыл - Джеймс Хикман жана Дэниел Мак Фаден (АКШ)- микроэкономика боюнча иштери үчүн.

2001-жыл - Джожд Акерлоф, Майкл Спенс, Жозеф Стиглиц (АКШ)- ассиметриялык маалыматтуу рыноктордy талдоосу үчүн.

2002-жыл - Даниел Канеман (АКШ)- психологиялык изилдөөдөн экономикалык илимге адамдын пикирине Жана алардын чечим кабыл алуудагы калтаарыгандыгына тийиштүү интеграцияланган түшүнүктөрдү киргизгендиги үчүн.

2002-жыл- Вернон Л. Смит (АКШ)- эмпирикалык экономикалык талдоодо айрыкча рыноктук альтернативалуу механизмдерин изилдөөдө зарыл курал катары лабораториялык эксперименттерди түзгөндүгү үчүн.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН АЛГАЧКЫ ЭКОНОМИСТТЕРИ

Раззаков Исхак - 1910 – 1979 ж.
Рыскулбеков Муса – 1912 ж.
Дикамбаев Казы -1913 ж.
Сүйүмбаев Акматбек -1920 – 1993 ж.ж.
Бегалиев Сопубек -1931 – 2002 ж.ж.

### Практикалык сабак.
### Темасы: Экономика предметине кириш сөз

**Планы:**

1.Экономика жөнүндө жалпы түшүнүк.
2.Экономикалык илимдин өнүгүшү.
3.Экономика илиминин предмети жана усулдары, экономикалык закондор, предметтин функциялары.

**Адабияттары:**


1. Кемпбелл Р., Стенли. Л. Брю – Экономикс М, 1992.
2. Самуэльсон П., Нордхаус В. – Экономикс М, 1992.
3. Маркс К. Капитал (в кн. Маркс К., Энгельс Ф., Соч. т. 23)
4. Булатов А.С. Экономика М., 1995.
5. Борисов Е.Ф. Основы экономической теории М,1996.
6. Мейманов К.М. Рынок экономикасынын теориясы. Бишкек,1993.
7. Казакеев А.К. Экономикалык теориянын негиздери. Бишкек,1994.

8. Джунушева К., Шакитов Ш. Рынок экономикасынын терминдери. Каракол, 1996.
9. Боконтаева Д., Джунушева К. Экономическая теория. Каракол, 2001.

## УСУЛДУК КЕҢЕШТЕР

### *Биринчи суроо*: ЭКОНОМИКА ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК.

Бул суроону чечмелөө «Экономика дайыма эле болгонбу?» - деген суроодон башталат. Анын жообу кыска «жок, болгон эмес» дешет. Алгачкы адамдар таш балта жана жаа жасап, аң атып алып, теңдештирип бөлүп алгандары экономика боло албайт экен. Бирок акырындык менен жашоо татаалданып, улам эмгектин бөлүнүшү келип чыгат жана өндүрүүгө, бөлүштүрүүгө, алмаштырууга, керектөөгө көптөгөн общинанын ичиндеги адамдар катыша баштаган. Ушул учурдан баштап *экономика* келип чыккан. Өнүкпөгөн экономика болсо деле адамдардын арасында өзгөчө мамиле пайда болду, ал *өндүрүштүк* мамиле, б.а. экономикалык мамиле деп аталат. Демек бул мамиленин келип чыгышын айтып берүү менен бирге, материалдык байлыктардын коомдук өндүрүлүшү, алмаштырылышы, бөлүштүрүлүшү, керектелишине жана анын негизинде пайда болгон өндүрүштүк мамилелердин жыйындысы *экономика* болуп эсептелээрине токтолгула. Ал үчүн К. Меймановдун көрсөтүлөн китебинин 5-7 беттерин, А. Казакеевдин китебинин 6-бетинен жооп издегиле. Эң кенен түшүнүктү К.Маркстын «Капитал» деген эмгегинен 5-21 беттеринен табасыздар жана ***№ 1 таблицаны*** карагыла.

*Таблица №1*




«Экономикалык теория» Матюхин И. Т., Осмоналиев А. О., Бишкек 1997.

Экономика адепки коомдо пайда болуп, адамзат тарыхынын өзүндөй эле байыркы. Бул жерде айта турган бир нерсе, адепки общиналык коомдо экономика, албетте, чегине жеткен жөнөкөй болгон, анткени алар колдонгон эмгек куралдары өтө жөнөкөй, алардын эмгектик көнүгүүсү, шыгы чектелүү болгон. Мына ушул али алсыз өндүргүч күчтөгү өндүрүштүк мамилелерди, коомдун экономикасы жана турмуштун башка жагдайларын аныктап

турушкан
деп жыйынтыктаган соң: *өндүргүч күчтөр* жана *өндүрүштүк мамиле* дегенге
жооп бергиле ал үчүн ***№2, №2а таблицаларды карагыла***. Ошону менен бирге өндүрүш адамзаттын жашоосунун эң жөнөкөй жана ошону менен бирге эң башкы шарты экендигин далилдеп,адамзатка искусство, илим боюнча иш жүргүзүүдөн мурда К.Маркс аныктагандай эң биринчи үй-жай, кийим-кече, тамак-аш керек экендигин баса көрсөткүлө. (Маркс К.Энгельс Ф.Соч.т. 23, 5-21 беттер).

Таблица №2




«Экономикалык теория» Матюхин И. Т., Осмоналиев А. О., Бишкек 1997.

Өндүрүштүн натыйжасы материалдык байлыктар жана кызмат көрсөтүүлөр болуп эсептелет. Коом канчалык жакшы өнүккөн болсо, кызмат көрсөтүүдөгү өндүрүштүн маанилүүлүгү жана салыштырма салмагы ошончолук жогору болот. Өндүрүштү ишке ашырыш үчүн өндүрүш каражаттары (же капитал) керек. Алар өз кезегинде эмгек предметтерине (буюмдарына) бөлүнүшөт. Алардын ичинде чийки заттар, жарым фабрикаттар,
эмгек куралдары, станоктор, имараттар, көптөгөн башка буюмдар бар. Өндүрүштө аны кыймылга келтирип жаткан адам факторунун ролу зор. Сиздер *өндүрүш каражаттары, анын предметтери* дегенге жоопту К.Маркс,
Ф.Энгельстин (соч. т. 23) жыйнагынан табасыздар. Жыйынтыгында канчалык
илимий-техникалык жетишкендик жогору болсо, адамдын кыймылдаткыч күч
катарындагы ролу азаярын белгилегиле.

Коомдогу экономикалык мамилелер өлкө менен өлкөнүн, ишканалардын,
шаарлар менен кыштактардын, майда мүлк ээлеринин ортосундагы өндүрүш каражаттары, материалдык байлыкты жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү маселелери боюнча мамилелер, карым-катнаштар катары түшүнөбүз. Мына ушулардын бардыгы экономикалык мамилелер же б.а. алардын системасы өндүрүштүн ал-абалына шайкеш келип, анын өнүгүүсүн, натыйжалуу иштөөсүн
камсыз кылууга тийиш. Ошондуктан тигил же бул коомду алып кароодо өндүрүш жана ага тийиштүү экономикалык мамилелер бирдикте алынып

каралат. Мындайча мамиле жасоо чындыгында бүтүндөй экономика илиминде
кабыл алынган. К.Маркс өндүрүштүн ыкмаларын (өндүрүмдүү жана өндүрүштүк мамилелердин биримдиги) жана экономикалык формациялардын
алмашууларынын негизинде тарыхты мезгилдерге бөлүнүүнү жүзөгө ашырган.

Тарыхтын өндүрүштүк _беш ыкмасын_ атагыла жана анын өндүргүч күчтөрүн жана өндүрүштүк мамилесиин тапкыла.

Марксисттик эмес экономикалык илим мезгилдештирүүнү _экономикалык өсүштүн стадиялык теориясын_ биринчи орунга техникалык абалы боюнча карайт: дагы бири индустриалдык коом теориясы. Анын негиз салуучусу Ростоу У. Анын оюнда коомдун _эки түрү_ бар: традициялуу (капитализмге чейинки) жана индустриалдык (капиталисттик). Экономикалык
өсүш беш стадиядан турат: традициялуу (көнүмүш) коом, өткөөл коом, индустриалдык, постиндустриалдык коом, массалык керектөө коом стадиясы.
Буларга кенен түшүнүктү К.Меймановдун көрсөтүлгөн китебинин 7-бетинен карагыла.

### *Экинчи суроо: Экономикалык илимдин өнүгүшү.*

Экономика илиминин калыптанышын карап чыгуу керек. Ал үчүн Конфуций (Кун-Цзы) (551-479 б.э.ч,), Ксенофонт (430-354 б.э.ч.,), Платон
(428-3476.э.ч.), Аристотель (384-3226.э.ч.) сыяктуу философтордун экономика
илимине кошкон салымына токтолуу керек.

Мисалы: _Конфуций_ - мамлекет элди кыйнабай, оор салыктарды салбай адилеттүүлүк, абийирдүүлүк менен башкарышы керек деген.

_*Ксенофонт*-айыл-чарба жүргүзүүнү биринчи коюп, «товар» деген аныктаманы киргизген, ал эмгекти табийгый түрдө акыл жана күч эмгегине бөлүнгөндүктөн кул ээлөөчүлөр жана кулдар табийгый деп түшүндүргөн_

. _*Платон-*_ мамлекет
идеалдуу коомдук түзүлүш деп жеке менчикке каршы чыгып, аялдар жана балдар жалпы болушу керек деген.

_*Аристотель-*_ кул болуу жаратылыштын
бергени. Мамлекет барынан жогору турат, ар бир адам мамлекеттин алдында
жоопт уу жана милдеттүү. Ошондуктан жеке менчик сөзсүз керек, илимди «экономия» жана «хрематистика» боюнча изилдөө керек, коомдо акча, товар чоң мааниге ээ болот деп көрсөткөн.

*Таблица №2а*




«Экономикалык теория» Матюхин И. Т., Осмоналиев А. О., Бишкек 1997.

Ушул ой жүгүртүүлөрдү, илимий изилдөөлөрдү өз оюңар менен түшүндүрүп, анын туура жагын жана кемчиликтерин көрсөткүлө. Жоопту көрсөтүлгөн адабияттардан табасыздар.

Экономика илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкондорго *меркантилдик багыттагы окумуштуулар кирет.* (15-17 кылымдар). Меркатилизмдин көрүнүктүү өкүлдөрү Англиялык мектептен *У. Стаффорд* (1554-1612 жж), *Манн* Т. (1571-1641жж) болушкан. Булар улуттук рынокту коргоонун усулдарын, акчанын айлануусун жөнгө салууну, алтынды өлкөдөн чыгарбоону жана жасалма акчага каршы күрөшүүнүн жолдорунун теориясын калыптандырышкан.

Ал эми Франциялык меркантилдик мектептин негиз салуучулары *А.Монкретьен* (1575-1621ж.ж.), *Ж.Б.Кольбер* (1619-1693 ж.ж.) биринчи жолу «саясий экономия» терминин колдонушкан. 1770- жылы Монкретьен «Саясий экономиянын трактаты» китебин жазган, мамлекеттин ролун жогору коюп, активдүү соода балансынын теориясын беришкен.

Демек, сиздер меркантилизм багытын эки түрдүү талкуулаганда: алгачкы жана акыркы деп бөлүп, алардын мыкты жактарын, кыянаттыктарын, мамлекеттин ролун, соода капиталынын өзгөчөлүгүн көрсөткүлө. Жыйынтыгында француздук мектеп - майда буржуазиянын, англиялык мектеп- өнөр-жай буржуазиясынын тараптарын талашканын белгилеген. Үчүнчү орунда - классикалык саясий экономиянын келип чыгышы турат. (XVIII кылымдын аягы **XIX** кылымдын башталышы). Эмгектин нарк теориясын бергендер дагы эле англиялык жана франциялык окумуштуулар. Эң алгачкы негиздөөчүгө *У.Петти* кирет (1623-1687 ж.ж.) Биринчи жолу «Экономикалык статистика» илимин негиздеген. «Эмгек -- байлыктын атасы, жер - байлыктын энеси», -деген. Рента, жердин баасы, дифференциалдык рента, ссуда, проценттин теорияларын берген. Анын негизинде классикалык саясий экономиянын негиз салуучулары, У.Петтинин окуучулары физиократтар мектебин түзүшүп, ири капиталисттик фермердик чарбанын кызыкчылыгын коргошкон жана экономикада негизги орунду айыл-чарба өндүрүшүнө беришкен. Соода, өнөр- жай эч нерсе бербейт деп аларды жокко чыыгарып, жер жөнүнөгү экономикалык илимди өнүктүрүп, салыктын үч принцибин киргизишкен. Буга негиз салуучулар *Франсуа Кенэ* (1694-1774 ж.ж.) «Экономикалык таблица» китебин жазган, *Аян Роббер Жак Тюрго* (1727- 1781 ж.ж.) топурактын азыктуулугунун кемүү законун ачкан, суроо-талап теориясын негиздеген.

Жыйынтыктоодо айыл-чарбаны, өнөр-жайды, сооданы салыштырып чын эле акыркы эки тармак «тукумсуз» дегенге киреби деген суроого жооп бергиле.

Жогоруда аталган окумуштуулардын таалимин алган, саясий экономияны илимге айландырган көрүнүктүү окумуштуу <u>*А.Смит*</u> (1723-1790 ж.ж.) эмгектин коомдук бөлүнүшү окуусун, акча, нарк, капитал теорияларын
негиздеген. Айрым каталыктарына карабай бул теориялар саясий экономиянын
негизин түзгөн. Анын эң чоң салымы рынок «көрүнбөгөн кол» жана мамлекет
«көрүнгөн кол» деген теориясы.

Ушул теорияларга көңүл буруп жатканда А.Смиттин схемасы боюнча түзүлгөн «Калкты жашына жараша топко бөлүп улуттук кирешеден үлүшүн белгилөө» боюнча түзүлгөн таблицаны карап талкуугa алгыла:

*Таблица №3*

| Жашы | Улуттук киреше түзөбү. Коомдон канча алат? | Улуттук киреше түзөбү. Коомго канча берет? |
|---|---|---|
| 0-15 жашта | Коом, үй-бүлө, мамлекет берет (өтө көп берет) | Жок |
| 16-19 жашта | Коом, үй-бүлө, мамлекет берет, дагы көп берет. | Аздыр көптүр коомго берет, ишке жарап маяна алып калышат |
| 20-34 жашта | Киреше түзөт, кирешени өзүнүн керектөөсүнөн үч-төрт эсе көп түзүшү керек | Керектөөсү өсөт, көбүн өзү камсыз кылат, коомго көп берет, булар коомдун тиреги |
| 35-49 жашта | Түзөт, коомдук продукцияны кайталап өндүрүүгө катышышат. | Коомго көп берет, ишканаларга ээлик кылышат, керектөөсү да өсөт. |
| 50-64 жашта | Аз өлчөмдө түзөт, же түзбөйт. | Жаштарга насаатчы болот, керектөөсү кескин кыскарат |
| 65тен жогоруу | Байлыкты анын тукуму түзөт. | Өз байлыгынын учурун көрүп эс алууда жүрөт. |

(Е. Ф. Борисов «Основы экономической теории» 1996 г.)

Катасы жок окумуштуу болбой койбойт. А.Смит дагы «негизги» капитал жана «айлануучу» капитал, «кошумча нарк» категорияларын ката түшүндүргөн. Сиздер аны экономикалык илимдин азыркы аныктамасы менен
туура жообун бергиле. Бүгүнкү экономисттер <u>*П.Самуэльсон, В.Нордхаус*</u> «А.Смит эркин атаандаштыктын пайгамбары» дешет. Эмне үчүн? «Элдердин байлыгы» китебинде материалдык өндүрүштүн продукциясы улуттун «байлыгы»- деп белгилеген. А.Смит акча, капитал теорияларын негиздеген«экономикадагы малекеттин үстөмдүгү» экономиканы начарлатаарын айткан.

<u>*Д.Рикардо*</u> -- өнөр - жай революциясынын доорунун экономисти (1772-1823 ж.ж.).А.Смиттин окуусундагы макроэкономикалык изилдөөлөрдүн кемчилигин тапкан. Д.Рикардо «Саясий экономиянын жана салык салуунун принциптери»китебин 1817-жылы жазган, нарктын эмгек теориясын, рента теориясын, бөлүштүрүүнүн экономикалык закондорун ачкан. Улуттук продукцияны бөлүштүрүүдөгү таптык мамилени эске алышы Рикардонун абройун жогорулаткан.

<u>*Неоклассикалык*</u> экономисттерди эки тараптуу карайбыз: 1) К.Маркстын «Капитал» эмгегинин жактоочулары; 2) Кейнстик экономикс. Бул
улуу окумуштуулардын экономикалык салымдарына көңүл бөлгүлө. Учурунда
экөөнүн окуусу тең революцияга алып келди.

<u>*Маржилизмдин*</u> атасы <u>*Л.Вальрас*</u> (1834-1910 ж.ж.) Х1Х-кылымдын экономиксине чоң өзгөрүү киргизди,Суроо-талап жана сунуш, товардын пайдалуулугу, баа атаандаштыктан келип чыккан жалпы тең салмактуулук теорияларын, азыркы учурдагы рынок экономикасынын теорияларын берип, чыныгы экономикалык революция, жалпы элдин жыргалчылыгы теориясына коомду багыттады.

## ***Үчүнчү суроо*: Экономика илиминин предмети жана усулдары, экономикалык мыйзамдар, предметтин функциялары**

Суроого жооп берүүдө, экономика теориясынын окута турган предмети эмне болуп эсептелерине бөтөнчө көңүл буруу керек. Ал үчүн жоопту Ф.Энгельстин (К.Маркс, Ф.Энгельс. Соч.т.20,153.бет жана <u>*Макконнелл Р., Брю Л.*</u> америкалык окумуштуулардын окуу китеби «Экономикс» 1992.21.бет»).

Дагы бир америкалык окумуштуу <u>*Самуэльсондун*</u> *(* «Экономика»25.бет) аттуу китебинде (25.бет)«Экономикалык теория деген эмне?» деген атайын параграф
бар, анда мындайча аныктамалар берилген:

1. Экономикалык теория деген адамдардын ортосундагы алмашууга жана акча менен алакалашууга байланыштуу ишкердүүлүктүн түрлөрү жөнүндөгү илим;

2. Экономикалык теория деген адамдардын күнүмдүк ишмердүүлүгүн, алардын жашоо үчүн каражаттарды тапкандыгы жана ошол каражаттарды пайдалангандыгы жөнүнөгү

илим;

3. Экономикалык теория деген керектөө жана өндүрүш тармактарында адамзат өз милдеттерин кандайча аткарып жаткандыгы жөнүнөгү илим;

4. Экономикалык теория - байлык жөнүндөгү илим.

Жогорку айтылган аныктоолордо олуттуу айырмачылыктар жок жана предметтин эң негизги багытын көрсөтүп турат.

Бир сөз менен айтканда «Экономика» илими бул адамдар жана коом тартыш ресурстарды колдонуу жолдорунун ыгын таап, учурдагы жана келечектеги керектигин экономикалык тандоо аркылуу аныктап туруп товар жана тейлөөлөрдү өндүрүп, аны бөлүштүрүп, алмаштырып, керектөөнү үйрөтүүчү илим экен деп жыйынтыктоо керек.

Экономика илимин андан ары изилдөөдө деги эле *мыйзам же экономикалык мыйзам* эмне экенине түшүнүк бериш керек (жоопту Маркстын
«Капиталынан» табасыздар т.23 5-21 беттер, т. 19, 350 бет, т. 20, 153 бет, А.Казакеев Экономикалык теориянын негиздери 15-16 бет) жана ***№4,5,6 таблицаларды карагыла.***

Предметти аныктагандан кийин экономика илиминин милдеттерин (функцияларын) атагыла:

- окуп-үйрөтүү милдети;
- методологиялык милдети;
- практикалык-колдонмо милдети;
- тарбиялык милдети.

(К.Мейманов.Көрсөтүлгөн адабият, 8-9 беттер ***таблица №7 карагыла)***

Экономика илиминин экономиканы изилдөөлөрдүн көп ыкмаларын колдоноорун эске алсак ал *көп усулдарга таянат.* Мисалы: таанып-билүүдө диалектикалык усулду, илимий-абстракциялык, индукциялык, дедукциялык, абстрактуудан конкреттүүлүккө өтүү, тарыхый жана логикалык, математикалык моделдештирүү, эксперимент усулдарын жана башка усулдардын толук чечилишин Боконтаева Д. жана Джунушева К. «Экономическая теория» китебинин 6-9 беттеринен алыңыздар. ***№8 таблицаны карагыла***

Акырында предметтин *логикасына жана концепциясына* көңүл буруш керек.Ал үчүн П.Самуэльсондун аныктамасы бардык өлкөлөр үчүн экономиканы рыноктук багытка уюштуруунун негизи проблемасына төмөнкү коцепцияны белгилейт. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1. Эмне өндүрүш керек?
2. Кантип өндүрүш керек? (ресурсу жана технологиясы)
3. Ким үчүн өндүрүш керек? (кирешелер кандай бөлүштүрүлөт)

Муну чечмейинче экономика өнүкпөйт.

Ал эми предметтин логикасы:

- эң жогорку максатты аныктоо;
- киреше бөлүштүрүүдөгү теңчилдик;
- калкты иш менен камсыз кылуу;
- баалардын оптималдуулугу, эгерде алар жогорулап кетсе компенсациялоо;
- бүткүл дүйнөлүк чарбага катышуу, рынокту өнүктүрүү;
- коомдун экологиялык коргонуусун камсыздоо.

Ушул маселелрди кенен билиш үчүн (Е. Ф. Борисов. Көрсөтүлгөн адабият. 30-31 беттерди, Булатов А.С. «Экономика» 1-5 беттерди карагыла). Ошентип биз экономика предметинин кириш сөз бөлүгү менен толук тааныш боло алабыз жана сиздер практикалык сабактарга кантип даярдануу керек экендигине көрсөтмө аладыңыздар.

*Таблица №4*

Экономикалык мыйзамдар жана категориялар

Экономикалык мыйзамдар

Зарыл, туруктуу кайталанып себептүү, шартталышкан байланыштар жана материалдык байлыктарды адамзат коомунун ар кандай баскычтарындагы өндүрүү, бөлүштүрүү, алмаштыруу, жана керектөө процесстериндеги экономикалык кубулуштардын өз ара көз карандуулугу: М: нарк закону, акчанын айлануу закону ж. б.

юмикалык категориялар

Өндүрүштүк мамилелердин тигил же бул жактарынын маңызын чагылдырып турган теориялык (логикалык) түшүнүктөр (абстракциялар) М: нарк, акча, капитал, жумушчу күчү, товар ж. б.

*Таблица №5*




Казакеев А.К. Экономика теориясынын негиздери (Көрсөтмө куралдар) Бишкек 1994ж.

*Таблица №6*




*Таблица №7*




«Экономикалык теория» Матюхин И. Т., Осмоналиев А. О., Бишкек 1997.

*Таблица №8*




**Практикалык сабак**

**Тема 2. Менчик жана ишкердик эмгектин формалары**.

**Планы:**

1. Өндүрүш каражаттарына болгон менчик, менчиктин субъектилери жана объектилери.
2. Өндүрүш каражаттарына болгон менчиктин формалары.
3. Менчикти мамлекеттин энчисинен ажыратуу жана приватташтыруу.

**Адабияттары:**


1. Закон Кыргызской Республики «Об общих началах разгосударствления, приватизации и предпринимательства» от 17.01.1992 г.
2. Кемпбелл Р., Макконнелл, Стенли Л. Брю  Экономика. Таллин, 1992 т. 1, гл. 2.
3. Булатов А. С. Экономика. М., БЕК 1995, т. 1, гл. 21.
4. Борисов Е. Ф. Основы экономической теории. М. 1996, Новая волна, 1996 гл. 2.
5. Лившиц А. Я., Никулина И. Н. Введение в рыночную экономику. Высшая школа 1994, гл. 1,2,3.
6. Джунушева К. С., Шакитов Ш. Ш. Рынок экономикасынын терминдери. Караркол 1996.
7. Казакеев А. К. Экономикалык теориянын негиздери. Бишкек 1994. 27-32 беттери.
8. Мейманов К. М. и др. Рыноктук экономика теориясынын негиздери. Бишкек 1996. 18-25 беттер.
9. Осмоналиев О. А. Основы рыночной экономики. Бишкек 1995, ч. 1, раздел

## Усулдук кеңештер:

***Биринчи суроо*: Өндүрүш каражаттарына болгон менчик, менчиктин субъектилери жана объектилери**

Биринчи суроонун мазмунун чечмелеш үчүн: менчик экономикалык категория дегенди түшүндүрүүдөн баштагыла. Кайда барбасын бардык жерде негизги суроо: өлкөдө *экономикалык бийлик* кимге тиешелүү, б.а. өндүрүлгөн продукция кимге таандык, анын ээси ким дегенге жооп бериш керек. Ачык айтканда жер, фабрика, заводдор, ишканалар, материалдык жана руханий байлык кимге тиешелүү? Экономикалык бийликтин маңызы өндүрүш каражаттарынын ээсине карата келип чыгат, алынган натыйжа дагы ошолорго таандык. Ар бир мамлекет буларды юридикалык мыйзамдары менен коргойт.

Ошондуктан менчик деген эмне, анын кандай юридикалык укутук мамилелери бар жана менчик эмнеге карата болгон дегенге жоопту (Борисов Е. Ф. Основы экономической теории. М. 1996, 25-26 беттен, Мейманов К. М. ж.б. Рыноктук экономика теориясынын негиздери. Бишкек 1996. 9-10 беттер, Боконтаева Д., Джунушева К. Экономическая теория, Караркол 2001, 16-17 беттен таба аласыздар.)

Андан кийин менчик – бул мүлккө, кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу жана материалдык жыргалчылыкты ээлеп алуунун тарыхый атайын бир формасын көрсөтүүчү өндүрүштүк мамиленин негизи экенин аныктагыла. Менчиктин мамилесин ушул жерден эки түрдүү карагыла:

1. Юридикалык мааниде – менчик ээси мүлккө карата ээлик кылат, ал пайдаланат, буйрук берип бийлигин жүргүзөт (анын субъектилерин атагыла).
2. Менчик экономикалык мааниде – өндүрүштүк мамиле, ал керектөө менен байланышкан. Демек, менчик - бул ээлик кылуу. Жообун кара. (Боконтаева Д., Джунушева Көрсөтүлгөн адабият, 21 бет)

Менчик «меники» деген карама-каршылыктын мамилесинде ал ресурска эч ким кире албайт, анын натыйжасы ээсине эле таандык (менчиктин объектилерин аныктагыла). **№1 таблицаны карагыла.**

Менчикти реализациялоонун экономикалык формалары. Таблица №1

| Менчик формалары | Менчик объектиси | Менчик субъектиси | Менчикти реализациялоонун экономикалык формалары |
|---|---|---|---|
| 1. Граждандык менчик | Короо-жай | Ар бир адам | Натуралык продукция |
| 2. Коллективдүү менчик | Жер участкалары, ишканалар | Ар бир граждандык коллектив | Киреше |
| 3. Акционердик коом | Акционердик ишканалар | Акционердик коллектив | Акциялар, дивиденд |

Мейманов К. М. Рынок экон. теор. негиздери. 12 бет

Айрым учурда менчиктен күч менен «четтетүү» болсо мурдагы ээси ээлик кыла албай калат. Макулдашып карызга «арендага» алып иштетсе ээси кала берип, натыйжаны бөлүштүрүүгө үч контрагент катышып калат. Мына ушундай татаал экономикалык байланыштар адамзаттын тарыхында менчикти ар түрдүү жактарга кызмат кылып келгенин көрсөтөт. Ошондуктан менчиктин типтерин, формаларын көрсөткүлө. Аны эки түрдүү алса болот:

1) Тарыхый формациялык түрдө.
2) Институционалдык түрдө.

(Борисов Е. Ф. Көрсөтүлгөн адабият 38-40 беттер, Мейманов К. М. Көрсөтүлгөн адабият 11-13 беттер, Казакеев А. К. Көрсөтүлгөн адабият 27-28 беттер). Бул суроону жыйынтыктап туруп конкреттүү түрдө менчикти типтештирип ар бир формасына мүнөздөмө бергиле.

***Экинчи суроо*: Өндүрүш каражаттарына болгон менчиктин формалары**

Бул суроону ээлик кылуунун жөнөкөй формасынан азыркы учурга чейинкисин алыш керек:

А. <u>Ээлик кылуунун биринчи тиби</u> – жеке менчик. Айрым адамдар мындай менчикти өзүмдүкү, байлыгымдын негизги булагы деп кабыл алышат. Ээлик кылуу эки түрдүү пайда болот:

1. Өз эмгеги менен
2. Бирөөлөрдүн эмгеги менен

Дыйкандар, зергерлер, усталар, кол өнөрчүлөр ж.у.с. өздөрү иштеп, өздөрү менчиктеп бирөөлөргө көз каранды эмес жеке чарбанын ээси болушкан.

Буржуазиялык доорго чейин миңдеген жылдар бою айыл чарба үстөмдүк кылып өндүрүштүн негизги фактору жер болуп эсептелген жана ага болгон менчик негизги ролду ээлеген. Тарыхый менчиктин биринчи субъектиси алгачкы общиналык болуп формасы общиналык жамааттык деп эсептелген.

Ээлик кылуучулардын экинчилеринин байлыгы көбөйгөндөр общинадан бөлүнүп чыгып жеке менчик ээлери болуп калышкан. Алар бирөөлөрдүн эмгегин пайдаланышкан. Ошондон баштап жеке менчик коомдук өндүрүштүн негизин түздү. Кул элөөчүлүк, феодалдык коомду басып өтүп андан ары өнүктү (Казакеев А. К. Көрсөтүлгөн адабият 28 бет, Борисов Е. Ф. Көрсөтүлгөн адабият 38-46 бет).

Б. <u>Ээлик кылуунун экинчи тиби</u> – жалпы үлүштүк менчик, анын өзгөчөлүгү:

а) жеке салымдардын биригиши
б) бир жерден башкарылып жалпынын кызыкчылыгына колдонулат
в) жыйынтыгынан ар ким үлүшүнө жараша алат

Формалары:

а) чарбалык жолдоштук (товарищество);
б) акционердик коом;
в) өндүрүштүк кооператив;
г) чарбалык бирикмелер;

д) биргелешкен ишкана.

Ар бирине мүнөздөмөнү:

Самуэльсон Л. Экономика. 1985 М. стр. 9, Казакеев А. К. Көрсөтүлгөн адабият 29-30 бет, Борисов Е. Ф. Көрсөтүлгөн адабият 40-42 беттерден издегиле.

В. Ээлик кылуунун үчүнчү тибине – жалпы биргелешкен менчик кирет.

Бир менчикке бириккен жеке жана юридикалык тараптар, **(№2 таблицаны кара)** биргелешкен өндүрүш каражаттары болот жана дүң киреше теңдештирилип же үлүшүнө, эмгегине жараша бөлүштүрүлөт.

*Таблица №2*




Таблицада көрсөтүлгөн формалар жана тарыхый өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат.

Ошолорду мүнөздөгүлө:

а) алгачкы коомдогу менчик;

б) дыйкан, фермердин менчиги;

в) жалпы үй-бүлө менчиги;

г) мамлекеттик менчик;

д) муниципалдык менчик.

(Борисов Е. Ф. Көрсөтүлгөн адабият 43-46 беттер, Казакеев А. К. Көрсөтүлгөн адабият. 29-30 беттер, Боконтаева Д., Джунушева К. Көрсөтүлгөн адябият 22-23 бет).

Ушундай типтеги ээлик кылуунун классификациясын билүү азыркы рыноктук экономикалуу өлкөлөрдө анын үч түрү бар экендигин көрсөтөт:

1. Жеке менчик (өз эмгеги менен жана капиталисттик)
2. Жалпы үлүштүк (товариуество, корпорациялар)
3. Жалпы биргелешкен (мамлекеттик жана муниципалдык)

### *Үчүнчү суроо*: Менчикти мамлекеттин энчисинен ажыратуу жана приватташтыруу

Бул суроону чечмелеш үчүн бизнес жана ишкердик эмгекке токтолгула. Ишкер деген ким, анын жообу (Боконтаева Д., Джунушева К. Термины рыночной экономики. Каракол 2005). Ушул китепчеден приватташтырууга тиешелүү терминдерди карап чыккыла.

Андан кийин ишкердик жасоочу ишканаларга токтолгула:

— Корпорация
— Мамлекеттик ишкана
— Арендалык ишкана
— Коллективдүү ишкана
— Кооперативдер
— Шериктештик
— Акционердик коом
— Биргелешкен ишкана
— Малекеттик муниципалдык ишкана

(Мейманов К. М. көрс. ад. 11-19 беттер, Боконтаева Д., Джунушева К. Термины рыночной экономики).

Аягында менчикти мамлекеттен ажыратып, приватташтыруунун ишке ашканын себептерин, ийгиликтерин, кемчиликтерин көрсөткүлө. Ал үчүн КР төмөнкү мыйзамдарын карагыла: «Менчик жөнүндө», «Жер реформасы жөнүндө», «Өндүрүш ишканалары жөнүндө», «Приватизациянын, ишкердиктин, атаандаштыктын жалпы башталмалары жөнүндө» мыйзамдар ж.б. (нормативдик актылардан карагыла).

Приватташтыруунун механизмдерине көңүл бургула:

— Аукцион
— Конкурстук тандоо
— Ишканалардын акцияларын берүү

Мамлекетти менчиктен ажыратууда экономикалык кызыкчылыктын түрлөрүн жана анын таасирин көрсөткүлө. **№3 таблица**

Таблица №3




Таблицалар: Казакеев А. К. Экономикалык теориянын негиздери. Бишкек 1994ж. деген китебинен алынды. (Авторлор).

Мына ушунун баарын ирети менен талдап, теманын аягына чыгасыздар (Мейманов К. М. Көрсөтүлгөн адабиятар. 19-24 беттер, Боконтаева Д., Джунушева К. Экономикалык теория 20-23 беттер).

Ошону менен бирге менчикке болгон укуктардын жыйындысын (А. Онорстуку боюнча) 11 түрүн көрсөткүлө: ээлик кылуу, пайдалануу, буйрук берүү, киреше алуу, капиталдык наркын чыгаруу, зыяндуу пайдалангандарга тыюу салуу, кырсыктан сактоо, тукумга белекке калтыруу, чексиздик, жоопкерчилик керек болсо жаза колдонуу, калдык

бөлүгүн эсептетип туруу (Боконтаева Д., Джунушева К. Экономическая теория, 16-17 беттер).

**Практикалык сабак**
**Тема: Рыноктун экономиканын негиздери**
**Планы:**

1. Рынок жөнүндө түшүнүк жана анын моделдери
2. Рынокту классификациялоо
3. Рыноктун механизимдери жана инфраструктурасы

**Адабияттары:**


1. Кэмпбел, Макконнелл, Стенли Л, Брю. Экономикс. Таллин, 1992 г., том 1, гл. 3.
2. Булатов А.С. Экономика. Учебник. БЕК М., 1995 г., гл. 7 и 20.
3. Борисов Е.Ф. Основы экономической теории. М., 1996 г., 86-87 стр.
4. Мейманов К.М. Теория рыночной экономики. Бишкек. 1993 г., часть 1. гл. 4.
5. Осмоналиев А. Матюхин И. Экономическая теория. Бишкек. 1997 г., 23-25 стр.
6. Джунушева К., Боконтаева Д. Экономическая теория. Каракол. 2001г., 25-30 стр.
7. Роберт М. Данн. «Что такое рыночная экономика». Информационное агентство США. 1992 г., 2-14 стр.


## Биринчи суроо: Рынок жөнүндө түшүнүк жана анын моделдери

### Рынок экономикасы деген эмне?

(Роберт М. Данн – кичүүсү, Колумбия окуругундагы Вашингтон шаарындагы Джордж Вошингтон Университетинин экономика боюнча профессорунун лекциясынан үзүндү (1. Авторлордон).

### Кириш сөз.

Жыйырманчы кылымда эки атаандаш: борбордоштурулган командалык жана жеке ишкердикке таянган рыноктук экономикалык система жашады. *Биринчи айырмасы-командалык экономика* экономиканын туруктуулугун камсыз кыла алган жок, ал эми борбордоштурулбаган рыноктук экономика ийкемдүү, өзгөрмөлүү, керектүү болуп чыкты. Смиттин «Көрүнбөгөн кол» теориясы жеке рыноктун негизги метафорасы болуп калды.

*Рыноктук экономика* – жеке экономикалык эркиндик;
- керектөөчүлөрдүн эркиндиги;
- өндүрүүчүлөрдүн эркиндиги;
- тобокелге салуу;
- ишти жана карьераны эркин тандап алуу;

- профсоюзду, кызмат берүүчүлөрдү эркин тандап алууууга таянды.

Мына ушул эркиндиктер азыркы рынок экономикасы менен саясий демократияны бириктирип турат. Бирок рынок экономикасы теңсиздик жана карасанатайлыктан куру эмес, ошого карабастан начар жагынан дурус жагы көбүрөөк.

*Экинчи айырмачылык* - командалык жана рыноктук экономика кандай ?

Ар кайсы системада экенине карабай нанды бышыруу, сатуу бардык өлкөлөрдө окшош көрүнөт. Рыноктук өлкөлөр Түндүк Америка, Батыш Европа, Японияны жана командалык өлкөлөр мурдагы СССР, Чыгыш Европа, Азия өлкөлөрүн алсак бир буюмду өндүрүп чыгаруу жана сатуу эки системада эки бөлөк ишке ашат. Мисалы төмөнкү бөлүктөр боюнча карап көрсөк анда:

| Командалык административдик экономика | Рыноктук экономика |
|---|---|
| Эркектердин көйнөгү жана аялдардын кофтасы.<br>1. Өкмөттүк коммиссия экономика боюнча пландаштыруучу эксперттер жана саясий жетекчилер өндүрүштүн көлөмүн жана кайсы жерден чыгарын аныкташат.<br>Ушулар эле буюмдун баасын жана жумушчулардын маянасын белгилешет.<br>Бир аздан кийин бул товарлар жок калат анткени же аз чыгарылгандыгы же баасы туура келген жок, ошондуктан тартыштык келип чыгат. | Эркектеридин көйнөгү жана аялдардын кофтасы:<br>1. Рынок экономикасында бул буюмдарды чыгаруучулар санын, фасонун, дүң баасын өзүлөрү чечет. Сатканда жогорку баа менен сатып чыгымын кайтарып алып, пайда, ашыкча пайда алышат. Атаандаштык буларды теңдеп жаңы түрүн издетип жөнгө салып турат. Күндөн күнгө жаңы түрү чыгып элге таңдоого мүмкүнчүлүк чоң болот, өндүрүш улана берет. |
| **Командалык административтик экономикадагы көйнөктүн баасы** | **Рыноктук экономикадагы көйнөктүн баасы** |
| 2. Продукциянын ассортименти, саны, оролушу, өлчөмү бир кабыл алынган боюнча ондогон жылдар бою өндүрүлө бергендиктен командалык – административтик экономикада элдин көпчүлүгү бирдей кийинип, бирдей үйдө жашашып, бирдей оокат күтүшүп ондогон жылдар артта калышат, технология эскирет. | 2. Рыноктук экономикада көйнөккө суроо - талап көп болсо ээси баасын жогорулатат, бааны өзү койот, өзү келишим түзөт. Мамлекет, план органдары кийлигишпейт. Элге жаккан көйнөктөр бат, кымбат сатылып жаткандыктан башка фирмалар дагы ушул товарга өтүшөт, тартыштык болбойт, процесс автоматттык түрдө болуп турат.<br>Рынок экономикасынын тормозу инфляция, жумушсуздук, салыктар болот, бирок ага карабастан |

| | |
|---|---|
| | экономикада жогорулоолор, кризистен чыгуулар тез ишке ашат. |

*Үчүнчү айырмачылык* - Рынок экономикасынын керектөөчүлөрү. Эки системада тең рыноктун негизги субьектилери болуп сатып алуучулар эсептелет. Бирок рынок экономикасынын керектөөчүлөрү рынокко өзүлөрүнүн таасирин абдан тийгизишет. Мисалы: Роберт, Мария жана эки баласы рынокко апельсин сатып алганы келди дейли. Тоок, помидор, апельсин алыш керек, бирок апельсин кымбаттап кетиптир. Үшүк жүрүп түшүм аз экен, сатуучулар бааны жогорулатып жибергенде алуучулар аз апельсин алып, анын ордуна алма алышат. Ошого байланыштуу жаңы партия келгенче апельсиндин баасы жогору болот жана алуучулар көбөйгөндүктөн алманын баасы жогорулайт. Экинчи бир себеби тыштан ташып келүү аз болгондуктан, апельсиндин запасы келерки түшүмгө чейин жок калбас үчүн баасы кымбаттайт. Жер жемиштин башка түрлөрүнүн баасы көтөрүлүп дагы жогору болуп тура берет. Бул сатып алуучулардын рынокко тийгизген таасири фермерлердин тынчын алып, эми алар апельсин айдаган аянттарды көбөйтүшөт. Келечекте жер жемиштер көп өндүрүлүп баасы төмөндөйт.

Рыноктук экономикада кайсы продукцияны өндүрбөсүн жана сатпасын апельсиндин тагдырына туш болушат. Мисалы: компьютердик схема сатуучулар өтө жогорку баа суроо - талапты кыскартат, компьютердик микросхемаларды көп чыгара баштагандан кийин анын баасы төмөндөп, алуучулардын саны өсөт. Анын үстүнө компьютердин жаңы микросхемалары чыгып эскилери арзан кетсе, жаңылары чоң баага кетет. Фирма туруктуу пайда ала берет.

*Төртүнчү айырмачылык* - Рынок экономикасынын жумушчулары кандай болушат?

Эки системада тең эле жумушка орношуп, жумушка барып, жумуш аткарып, адамдар маяна алып жашап жатышпайбы. Бирок рынок экономикасынын жумушчусунун ахвалын бизге салыштырып көрөлүчү:
Мисалы: Роберт менен Мария эки баласы бар, орто үй-бүлөгө кирет. Алар мектепти, колледжди же окуу жайды жаңы бүткөн жок, пенсияга жете элек.

Аялына ишинен жогорулоо карьерасы бар экен. Мектептин администрациясына кирип башкаруу ишине катышса болот экен, ошондо анын маянасы дагы жогоруламакчы. Бирок өзүнүн сүйүктүү сабагын бербей калат. Экономикалык чечими кандай болорун Мария өзү чечиши керек.
Роберт: − эгер квалификациясын жогорулатса (өзүнүн эсебинен) азыркы маянаны албай калат;

- билим алууга кеткен чыгымдары көп болсо ал окуудан канча адам окуйт болду экен;
- университетти акча төлөп бүткөнгө караганда алты айлык курсттар көп киреше берчүдөй;
- жашка дагы караш керек;
- компьютердик курстту бүткөндө алары канча?
- курстту бүткөндө иш табылабы?

Көпчүлүк учурда майда курсту бүткөндөр ишке оңой кете алат, ал эми көпчүлүгү кеткен акчасын актай албай калышат. Бирок акыркы 10 жылдын ичинде жаңы технологиялык, техникалык жетишкендиктер менен иштеп билимин жогорулаткандар кеткен чыгымын актап, кирешелүү иштерге эмгектенип жатышат.

*Бешинчи айырмачылык* - Билимин жана кесибин жогорулатуу керекпи?

Рынок экономикасында билими жана жогорку квалификациясы барлар жогорку маяна алышат, жогорку билимге көп эмгек жумшалгандыктан инженерлер жана архитекторлор ушул категорияга киришет.

Коом айрым кесиптегилерге суроо-талабы жогору: слесарлар, электриктер, усталарга жана автомеханиктерге караганда жогорку маяна алышат, бирок уста өтө жогорку квалификациялуу мебель устасы болсо булардын кесиби мастер-механик деп аталат жана булар өтө баалуу, маянасы чоң.

Рынок өлкөлөрүндөгү университеттин профессорлору - философия жана тилден бергендер көп жылдар бою техникалык жана табийгый – илимий предметти берген профессорлордон аз маяна алышчу. Универсалдуу магазиндерде сатуучунун милдетин аткаруучу жумушчулар дагы аз маяна алышат.

Жумушчунун маянасы анын кесибинин наркынын өскөнүнө же төмөндөшүнө миграцияга, тышкы соода аркылуу бир өлкөдөн экинчи өлкөгө агылганга байланыштуу1. (1. Роберт М. Данн. Көрсөтүлгөн адабият. 2-14 беттер).

Жогоруда көрсөтүлгөн пукттарда рынок экономикасынын командалык-административтик экономикадан айырмалары, артыкчылыктары профессордун лекциясынан тандалып, кыскартылып, студенттерге ылайыкталып алынды.2. (2. Авторлордон.)

Административдик башкаруу экономикасында жана рынок экономикасында жалпы социалдык маселелер пайда болот, бирок алардын жалпылыгына карабай эки башкача чечилет. Биз бул маселелердин аталышын жана проблемаларын, чечилишинин схемасын сиздерге сунуш кылабыз. 3. (3. Focus High School Economics. Бишкек 2004г. стр.16).

## Административдик башкаруудагы жана рынок экономикасындагы жалпы социалдык маселелер.

| **Жалпы социалдык маселелер** | **Административдик башкаруу экономикасында** | **Рынок экономикасында** |
|---|---|---|
| **Экономикалык** эффективдүүлүк | Борбордук пландоо органдары бекиткен ресурстарды бөлүштүрүү, мамлекеттик иштер ийкемдүү болбогондуктан, тунгуюкка кабылуу коркунучу бар | Бөлүштүрүү керектөөчү жана алмаштыруу өндүрүүчүлөр тарабынан жүргүзүлөт. Ар түрдүү адистештирүү, эл аралык соода жүргүзүү товардын сапаттын жогорулатып, конкуренцияны курчутат. |

| | | |
|---|---|---|
| Экономикалык калыстык | Кирешенин Туруктуулугу үчүн айлык акы өкмөт тарабынан бекитилет. Кызмат ордун которуу үчүн мүмкүнчүлүк аз, ошондуктан жумушчунун билимине, жөндөмүнө туура келбейт. | Бирдей мүмкүнчүлүктөрү бар өндүрүүчүлөр ресурстарды кандайча пайдаланарын өздөрү чечет, бирок бардыгы тең, ийгиликтүү боло бербейт. Адамдын кирешеси анын эмгегинин баалангандыгынан, адам саткан башка ресурстардын негизинде пайда болот. |
| Экономикалык эркиндик | Акча жана жер ресурстарынын көбүн өкмөт ээлеп, чечимдер борбордук пландоо орган тарабынан кабыл алынат | Ресурстардын баардык түрлөрүнө ээлик кылуу маселеси чечилип, жеке эркиндик, ресурстарды көзөмөлдөө жогору бааланат. |
| Экономикалык өнүгүү | Борбордук орган өнүгүүнүн максатын белгилеп, ар түрдүү фирмаларга норма бекитет. Ал эми заводдорду жабдуу өтө зор маселе болуп калат | өндүрүүчүнүн максаты – аз чыгаша кылып көп өндүрүү, ресурстарды эффективдүү колдонуу. Жумушчуларга билим берүүгө, капиталга, адистештирүүгө каражат жумшап, өндүрүштө жогорку деңгээлде кармоо |
| Экономикалык коопсуздук | Өкмөт тарабынан пенсия, кызмат, киреше, турак-жай берүү, акысыз дарылоо кепилденет | Жумушчулар дарылоону, пенсияны, турак-жайды кирешени өздөрү төлөп камсыздайт. Ошону менен бирге бир нече колдоочу мамлекеттик программа бар. Алар экономикалык ишенимдүүлүктү арттыруу максатында жакыр үй-бүлөгө жардам берүүнү, жумушсуздук боюнча пособие, социалдык камсыздоону, кесипке үйрөтүүнү камтыйт. |
| Экономикалык туруктуулук | Жумушсуздук жок, баалар базар баасынан төмөн, инфляциянын деңгээли көзөмөлдөнөт | Жумушсуздук болот, киреше адамдын сатуу мүмкүнчүлүгүнө жараша болот, федералдык өкмөт акчалай жана салык саясатын пайдаланып, жумушсуздуктун, инфляциянын денгээлин төмөндөтүп экономикалык өнүгүүнү колдойт. |

**Австралиялык жазуучу Катарина Причард «Бактылуу фермер» аңгемесинде жаш үй-бүлөнүн тагдырын көрсөтөт.**

Том менен Молли ферма ачышканда биринчи жыл жакшы болду. Бай түшүм жана буудайдын баасынын жогору болушу келечекти камсыз кылып койгонсуду. Бирок эмнегедир рынокто бир укумуштар пайда боло баштады. Эгиндин баасы төмөн түшүп кеткендиктен чыгымдар акталбай, үрөн ала албай калышты. Акыры трагедиялык финал келип чыкты. «Моллинин жүрөгү бырчаланып кеткенсиди. Мурдагы ферманы түзгөндөгү сүйүү, түгөнбөгөн энергиядан, кайраттуулуктан эч нерсе калбай калды. Бүткүл максатынан үмүт үзүлүп, алсыздык, кайрымсыздык, буга чейинки жашоо тилегибизди жокко чыгарды»дешти. Бул эмне деген күч?

Бул – экономикалык күч, анын аты – **рынок.** Демек рынок деген эмне, ушуну билип алалы.3. (3. Борисов Е.Ф. Көрсөтүлгөн адабият. 87-88 стр.)

Рынок - өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосунда товар алмашууга жана тейлөөнүн белгилүү системадагы өндүрүш мамилелерин мүнөздөгөн товардык чарбанын экономикалык категориясы. Рынок жөнүндөгү кенен түшүнүктү (Борисов Е.Ф. Көрсөтүлгөн адабияттын 87 – 88 беттеринен табасыздар. Джунушева К.С. жана Шакитов Ш. Ш. «Рынок экономикасынын терминдери», 60-61 беттер).

Азыркы рыноктук аймакты бөлүп көрсөтүш үчүн төмөнкү схеманы пайдалангыла.




( Борисов Е.Ф. Көрсөтүлгөн адабият. 87 бет – 88 стр. ).

Рынок ар кайсы өлкөлөрдө өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ болушат. Алар өлкөнүн рыноктук моделин түзүшөт, бирок, ошого карабастан рыноктун моделдеринин бардык өлкөлөргө тиешелүү жалпылыктары бар. Алар төмөндөгүлөр:

а. менчиктин көп түрдүүлүгү;
б. баанын эркиндиги;
в. эркин атаандаштык;
г. ишкерчиликтин өнүгүшү;

д. экономиканы мамлекеттин багыттоосу.

Бул жалпылыктарды анализдеш үчүн рыноктун модельдерин билишиңер керек.

## Рыноктун модельдери

***1. Америкалык модель*** – "Капитализмдин либералдык модели"

Бул модельдин негизги мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөр:

- мамлекеттик менчиктин үлүшүнүн аздыгы: АКШда – 10%, ФРГ – 18%, Англияда – 24%, Францияда – 34%, Италияда – 38%;
- мамлекеттин экономиканы багыттоосу минималдуу. Мамлекеттик Программалар аз, анткени 1974 жылы Президент Никсон, 1980 жылы Президент Рейган Мамлекеттик Программаларды кыскартып салышкан;
- 80% жумушчу орундарды ишкерлер камсыз кылышат, ошондуктан мамлекет аларды колдойт;
- байлар менен кедейлердин айырма кескин;
- жетекчилердин маянасы жумушчулардыкынан 110 эсеге жогору;
- начар үй-бүлөлөрдүн турмушу жан кейитерлик эмес.

***2. Япондук модель*** – "Тынчтык максат".

Негизги мүнөздөмөлөрү:

- экономиканы мамлекет эң жогорку деңгээлде багыттайт, улуттук мүнөз, улуттук ар-намыс өндүрүштө үстөмдүк кылат;
- 1957 жылдан бери 5 жылдык социалдык өнүгүүнүн планын түзүп иштешет;
- кызматкерлерди жана жумушчуларды ишкана өмүр бою ишке алат;
- маянада айырмачылык 17 эсе;
- модель социалдык багытта (оорулардын ал-ахвалы, жумушсуздук, пенсия фирма аркылуу ишке ашат).

***3. Немецстик модель*** – «Эрхарддын модели» (Япондордукуна жакынырак.)

Негизги мүнөздөмөлөрү:

- мамлекеттин экономикага таасиринин күчтүүлүгү (медициналык тейлөө жана билим берүү бекер);
- макроэкономикалык пландаштыруу;
- борбордук банк негизги ролду ойнойт (толук автономия);
- маянадагы айырма 23 эсе.

***4.Шведдик модель*** – «Социализм модели»

Негизги мүнөздөмөлөрү:

– социалдык багыттоосу негизги орунда;
- жумушсуздук өтө аз, бай – кедейдин айырмасы анча жок;
- калктын «начар» жашагандарына олуттуу жардам көрсөтүү;
- экономикага мамлекет кийлигишет (көп тейлөөлөр, жардамдар бекер).

***5. Француздук модель -*** (америка менен немецстик модельдердин ортосунан чыккан)

Негизги мүнөздөмөлөрү:
- күчтүү мамлекеттик багыттоо;
- индикативдүү пландаштыруу;
- мамлекет өзү ишкер.

***6. Түштүк Кореялык модель*** (улуттук киреше ар бир адамга 1962 жылы – 82 долларды, 1988 жылы – 4004 долларды түзгөн)

Негизги мүнөздөмөлөрү:
- экономиканы 5 жылга пландаштыруу;
- мамлекет өзү финансы–кредиттик системаны тейлейт, ал эми 1980 жылдан бери жеке менчиктер дагы кредит беришет;
- экспорту импорттон жогору.

***7. Кытай модели*** (элдик коммуналар үй-бүлөлүк подрядка өткөн, айыл чарба негизги ролдо)

Негизги мүнөздөмөлөрү:
- жер 15-20 жылга, айрым жерлерде 30 жылга арендага берилет;
- продукция үчкө бөлүнөт: мамлекеттик заказ, жергиликтүү бюджетке, сатууга;
- мамлекеттин багыттоосу аркылуу коперация жана фермердик чарба өнүккөн;
- айыл жерлеринде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү өндүрүшү өнүккөн.

***8. Россиялык модель* «500 күн»** Явлинскийдин жана **«Эстен тануу терепиясы»** Гайдардын сунуштары жакшы жыйынтык берген жок.

***9. Кыргыз модели*** (феодалдык-патриархалдык)
- трайбализмдик модель;
- тааныш, тууган, кудалар, достор.

## Ушул модельдердин системалардын чегиндеги рыноктук экономикага өтүүдөгү мааниси:

1. Америкалык модель - бүткүл дүйнөлүк деңгээлде ишкердүүлүктүн активдүүлүгүн колдойт; калктын өтө активдүү болушун, байыганын, жеке ийгиликтерин, эмгектин эң жогорку өндүрүмдүүлүгүнүн, социалдык теңчилдиктин жогору турушун колдогон модель.

2. Шведдик модель – өтө күчтүү социалдык саясат – багыты боюнча мүлктүк теңсиздикти болтурбоо. Аны ишке ашырыш үчүн улуттук кирешени бөлүштүрүүдө калктын начар жашаган бөлүгүнө көптү ыйгаруу. Ал үчүн байларга салыкты чоң өлчөмдө салыш керек.

3. ФРГ нын социалдык–рыноктук чарбасы – бул модель ишкердик бардык формадагы чарбаларга (кичи, орто, ири) өнүгүүгө мүмкүндүк берип, орто жана чакан бизнеске көмөк көрсөтөт.

4. Япондук модель – эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө элдин жашоо деңгээлинин туура келүүсү.

5. Түштүк Корея модели (көбүнчө Японияныкына окшош) – эмгекти сүйүү, кофуцианстволук, нравалык жактан улуттун ар-намысын жогору коюу («Японияда чыгарылган» деген марка - эч жеринде кынтыгы жок дегенди түшүндүрөт). ( Авторлордон).

6. Россия модели – рынокко ар түрдүү деңгээлде өтүү, эң жогорку криминалдык, күчтүү мамлекеттик тарап, начар кичи жана орто бизнес.

7. Кыргыз модели – жалган приватизация - «прихватизация», коррупция, паракордук, үй-бүлөлүк башкаруу.

***Экинчи суроо*: Рыноктук классификациясы.**

Рынок төмөнкүдөй классификацияланат:

## I. Сатуу жана сатып алуунун көлөмү боюнча:

А. Ресурстар рыногун төмөнкүдөй классификациялоо керек:

а) табигий ресурттар (жер, анын ичиндеги кең байлык, суу жана токой ресурстары);

б) эмгек ресурстары (ишке жөндөмү жана тажрыйбасы бар элдин бир катмары);

в) өндүрүш каражаттары (имараттар, курулуштар, машина, станок, чийки заттар ж.у.с.);

г) жаңы технология жаңы информация;

д) финансы ресурстары.

Б. Элге керектүү товарлардын рыногу жана тейлөөлөр: (бардык ушуга тиешелүү рынокторду атагыла). Булардын ар бирине мүнөздөмө бергиле.

\

**II. Рынокту территория боюнча классификациялоо**




Мисалды эркин өз каалаганыңардай келтирсеңиздер болот.

**III. Рынокту багытталышы боюнча төмөнкүдөй классификацияланат:**

а) эркин (эркин атаандаштык рынок);
б) монополдуу;
в) мамлекет багыттоочу.
Ушулардын ар бирине мисал келтиргиле.

**IV. Товар жана тейлөөнүн аз – көбүнө жараша классификацияланат:**
а) тең салмактуу;
б) таңсыктуу;
в) ашыкча товар жана тейлөөлөрү бар (сатып алуучулардын рыногу) деп бөлүп рыноктун функцияларын аныктагыла.

***Үчүнчү суроо*: Рыноктун инфраструктурасы жана механизмдери**

Бул суроо боюнча рыноктун инфраструктурасын көрсөткүлө. Алар:
1. Товардык рыноктун инфроструктуралары.
2. Баалуу кагаздардын жана капиталдардын рыногунун инфроструктурасы.
3. Эмгек ресурстары рыногунун инфроструктурасы.
Бул суроолорго жоопту: (Боконтаева Д., Джунушева К. Экономическая теория 23-30 бет, Осмоналиев А.О., Матюхин И.Т. Экономическая теория 23-25 бет) аласыздар.

Акырында рыноктун мехнизимдерин аныктагыла.
Аларга: суроо-талап жана сунуш, баанын түзүлүү процесси, атаандаштык кирет. Ар бирине мүнөздөмө бергиле жана суроону рыноктун негизги функцияларын көрсөтүү менен аяктагыла.
(Осмоналиев А. О., Матюхин И.Т. Көрсөтүлгөн адабият 25 бет)

Рыноктун функцияларына төмөнкүлөр кирет:
- рынок товарлардын жана тейлөөлөрдүн коомдук керетигин ырастайт же танат;

- экономиканын тармактарына жана чөйрөлөрүнө материалдык эмгек жана финансы ресурстарын бөлүштүрөт;
- коомдук өндүрүштүн көлөмүнө жана структурасына таасирин тийгизет;
- экономиканы залалдуу, натыйжасыз ишканалардан тазалайт;
- товар өндүрүчүлөргө суроо-талап жана сунуш боюнча информация берет;
- илимий техникалык өнүгүүнү стимулдаштырат.

Ушул рыноктук функциялар боюнча мисалдарды келтиргиле.

## Темага тиешелүү терминдер:

**Экономикалык эффективдүүлүк** – аз ресурстарды колдонуп көп товар чыгарган экономиканы айтабыз. Бул максатка жетүү үчүн чыгаша менен кирешени терең, анализдеп чыгуу зарыл. Эгерде кошумча киреше чыгымдан жогору болсо, анда көп товар чыгаруу үчүн ресурстарды колдонуу эффективдүү болот.

**Экономикалык эркиндик – к**ардарлардын өз кирешелерин кандайча сарптап жана кандайча сактоодогу, жумушчулардын башка кызматка которулуудагы жана профсоюздарга мүчө болуп кирүүдөгү, айрым адамдардын жаңы бизнес-фирмаларды ачып же эскилерин жабуудагы өз алдынча, көз карандысыз чечим кабыл алууларын билдирет.

**Экономикалык туруктуулук –** ресурстарды пайдаланууда, алардан алынуучу киреше жана чыгымдарды эсептөөнүн негизинде ресурстарды туура бөлүштүрүлүшү боюнча аныкталат. Төмөнкү жагдай ресурстарды натыйжалуу пайдалануунун аныктамасы катары келтирилет. Бул жагдайда бардык ресурстар ишке киргизилген болот, жана ресурстардын азыркы пайдаланышына кандайдыр бир өзгөртүү киргизген учурда, башка бирөөнүн абалына залакасы тийбей койбойт. Эгер мамлекеттин иш-чаралары рынок экономикасынын натыйжаларын өзгөртүүгө дуушар кылса, бул иш-чаралардын экономикалык натыйжалуулугун кошумча чыгымдарды жана кирешелерди изилдөө менен аныктаса болот. Кошумча кирешелердин көлөмү кошумча чыгымдардан ашыгыраак болгондо гана экономикалык натыйжалуулуктун натыйжалары жакшы болот.

**Экономикалык калыстык –** тең укуктуулук бул учурда «акыйкаттуулук» деген түшүнүктү билдирет,. Экономикалык иш-аракеттерге жана экономикалык саясаттын иш-чараларына, адамдар туура же туура эмес деп эсептеген нерсенин негизинде баа берилет. Тең укуктуулуктун маселелери кирешелерди жана байлыкты бөлүштүрүүдө келип чыгат. Мисалы, кээ бир адамдар бул же тигил салык акыйкаттуу деп эсептешсе, башка бирөөлөр акыйкатсыз деп эсептеши мүмкүн.

**Экономикалык коопсуздук –** экономикалык коркунучтардан – жумуш учурунда алынган жаракаттардан, жумушсуздуктан, инфляциядан, соодадан жол болбой калуудан жана жакырчылыктан сактанууну билдирет. Көбүнесе,

айрым адамдар экономикалык коопсуздукка акча каражаттарын сактоо жана камсыздандыруу аркылуу жетишишет. Көптөгөн мамлекеттик программалар коомдун коопсуздугунун ишке ашырылышына багытталган, анын ичинде жумушсуздуктан сактануу, коомдун коопсуздугун камсыздоо жана жумушчуларга тарткан зыяндарынын ордун толуктап төлөп берүү кирет.

**Экономикалык өсүп-өнүгүү –** бара-бара убакыттын өтүшү менен көбөйгөн товарлардын жана кызматтардын өндүрүшү. Экономикалык өнүгүүнүн темпи мамлекеттин ички дүң продукциясынын деңгээлинин өзгөрүүсү менен аныкталат жана бир жылда 3-4 % өнүгүү кадыресе максат катары каралат. Экономикалык өнүгүү кээ бир негизги социалдык максаттарды толуктап турат. Мисалы, өсүп-өнүгүп жаткан экономика, адамдардын жеке жана коомдук камсыздоо программаларына көбүрөөк акча-каражаттарын сарптоо мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү менен бирге, экономикалык коопсуздуктун максаттарын ишке ашырат.

# Лекциялар

## Биринчи лекция. Темасы: Жумушсуздук жана калкты ишке тартуу саясаты – 2с

### Лекциянын планы:

1. Жумушсуздук, анын түрлөрү жана эмгек рыногу.
2. Жумушчу күч рыногун мамлекеттик жөнгө салуу
3. Элди иш менен камсыз кылуудагы Кыргыз Республикасындагы социалдык гарантиялар.

### Адабияттар:


1. Закон Кыргызской Республики «О государственном социальном страховании» от 3 июня 1996 г.
2. Закон Кыргызской Республики «О государственных пособиях в Кыргызской Республике» от 5 февраля 1998 г.
3. Закон Кыргызской Республики «О занятости населения» от 31 мая 1991 г.
4. Национальная Программа «Рынок труда и занятость населения в Кыргызской Республике на 1998 -2000 годы и за период до 2005 года (ЭМГЭК)»
5. Борисов Е.Ф. Основы экономической теории М. «Новая волна», 1996 г стр.144-152.
6. Казакеев А.К. Экономикалык теориянын негиздери. Бишкек. 1994ж. 139-144 беттер.
7. Мейманов К.М. Теория рыночной экономики. Учебное пособие. Бишкек. 1993 г 11-117 стр.
8. Самуэльсон П., Нордхаус В. Экономикс М. 1992 г 43-46 стр.
9. Джунушева К. Бокontaева Д. Термины рыночный экономики (второе дополненное издание) Каракол 2006 г

***Биринчи суроо*: Жумушсуздук, анын түрлөрү жана эмгек рыногу**

Жумушсуздук – бүгүнкү коомдун олуттуу проблемасы. Жумушсуздуктун жогорку денгээлде болушу ресурстарды толук пайдаланбай жаткандыктын жана элдин кирешесинин төмөндүгүн көрсөтөт. Мындай шартта социалдык чөйрөдө катаал ал-ахвал келип чыгат, үй-бүлө мамилеси бузулат, ал түгүл бүткүл коомдо эмоционалдык чыңалуу пайда болот. Жумушсуздукту изилдөөнүн баштапкы пункту болуп эмгек рыногунун жамааты эсептелет.

Эмгек рыногу – жумушчулардын эмгекке жөндөмдүүлүгүн, б.а. күчүн сатып алуу, сатуу боюнча келип чыккан рыноктун мамилесинин өзгөчө формасы. Бул рынокко жумушсуздар келишет.

***Жумушсуздук жана жумушсуздар*** деген түшүнүктөрдү кандай чечмелесе болот? Аны текстин аягындагы терминдерден карагыла.

Азыркы эмгек рыногу өзүнүн жумушчу күчүн сунуш кылган адамдардын үч тобун камтыйт. Аларды шарттуу белги катары сырткы кийиминин көрүнүшү менен аташат: Алар:

А.«Көк жакачандар» - кара күч эмгеги менен күн көргөн завод фабрикалардын жумушчулары.

Б.«Боз жакачандар»- жардамчы тейлөөлөрдү жүргүзүүчү катардагы кызматкерлер.

В.«Ак жакачандар»- акыл эмгегинин кызматкерлери, илимий, инженердик техникалык кызматкерлер. (Борисов Е.Ф. Көрсөтүлгөн адабият 144 бет).

Мына ушундай топтор эмгек рыногунда сатылуучу жана сатып алынуучу ***товар*** катары функцияланат. Ал өзгөчө товар – аны күчүнөн ажыратууга болбойт, аны тирүү адам алып жүрөт. Кызматкерлер өзүнүн жумуш күчүн сунуш кылышат, кызмат берүүчүлөр суроо-талап боюнча, акы төлөп сатып алышат. Жумушчу күчү сатылгандан кийин товардык формасын жоготот жана маяна алып иштейт, ким сатып алса ошонун ишин аткарат. Маянанын өлчөмү кызмат орундарына жайгашуу жана жумушсуздуктун ортосундагы катышы менен аныкталат.

Жумушчу күчүн сунуш кылуу бир катар факторлор менен аныкталат: маянанын деңгээли, маданият, дин (аялдардын эмгегин колдонгондо), салык системасы, баалар менен, профсоюздук уюмдардын күчү менен ж.у.с.

Жумушчу күчүнүн масштабы жана составы туруктуу эмес. Мисалы XX кылымдардын ортосунан баштап илимий техникалык өнүгүү жана информацияга өтүү рыноктун составын өзгөртүү. Муну эске алуу сөзсүз. Анткени:

1. Азыркы кезде «көк жакачандар» өтө азайды артыкча кесиби жоктор жана төмөнкү кесиптегилер.
2. Инженерлер, техниктер, тейлөө кызматкерлери, мугалимдер, врачтар, интеллигенция эмгек рыногунда көбөйүп жатат.
3. Кара күч эмгеги менен оокат кылгандардан жана акыл эмгеги менен оокат кылгандардын ортосундагы кескин айырма кыскарды.
4. Коомго «жаңы жумушчулар» керек болуп жатат.
5. Азыркы жумушчу информатика, компьютердик техниканы билиши керек.
6. Ар бир ишке жөндөмдүү адам өзүнүн билимин, кесибин тынымсыз толуктап турушу керек.

Ушул талаптын бардыгы жумуш орундарын камсыз кылууда, жумушсуздука таасир этүүдө жумуш күчүнүн баасына таасири тийип жатат. (Борисов Е.Ф. Көрсөтүлгөн адабият 145 стр.)

Рыноктук экономикага кирген бардык өлкөлөр үчүн жумушсуздук мүнөздүү нерсе. Бирок биздин шартыбызда мурдагы борбордоштурулган мамлекеттик башкаруу системасынан эркин рыноктук системага өтүү мезгилиндеги жумушсуздук өзгөчө бир татаалдыкты алып келди. Анткени баанын эркин болушу, мамлекеттик заказдардын жоюлушу же басаңдашы, товарлардын жана тейлөөлөрдүн көп түрдүү болушу, экономикалык атандашуунун күчөшү, айрым кирешe алып келбеген ишканалардын жабылышы иштеп жаткан кызматкерлер менен жумушчулардын санын бир кыйла азайтты. Анын негизинде жумушсуздук пайда болду, анткени ишкана өзүнүн чыгымдарын актай албай калды. Анткени буга чейин мамлекеттин дотациясы менен жашап келген ишканалар аны албай калгандан баштап көп сандаган жумушчуларга эгек акы бере албай калышты. Өтө чоң мамлекеттик ишканалар, өткөөл мезгилде экономикалык жаңы шартка туруштук бере албады. Мына ушундай себептер жумушсуздуктун мурдагы ССРдин курамына кирген республикаларда ачык чыгышына алып келди жана жумушсуздуктун башталышы биздин республика үчүн айрым өзгөчөлүктөрдүн чукул пайда болушунан, башка өнүккөн өлкөлөрдөгү жумушсуздукка окшобогон мүнөзгө ээ болду.

Анын биринчи агымы «*кайра куруудан келип чыккан жумушсуздук*» деп аталды анткени экономикадагы жалпы кризис, башкаруу ситемасынын кыйрашы, элди жумуш менен камсыз кылуучу саясий чечимдердин күчүнүн жоктугу өкмөткө бааны көтөрүүгө жана салыкты көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. Анын негизинде өндүрүш токтоп, ишканалар жабылып, көп адамдар жумушсуз калышты. Ушул эле учурда окууну жаңы бүткөндөр, башка жактан келгендер, бала багып олтуруу убактысы бүткөн энелер, жаңыдан ишке чыга тургандар коом ишке албагандыктан жумушсуздук азайбастан кайрадан көбөйдү.

Окумуштуулар айткандай тарых эки ирет кайталанабы же бир кечүүдөгү сууну эки жолу кечпейбизби ким билсин, бирок биздин бүгүнкү жумушсуздук эмнегедир НЭП учурундагыга окшош дешет. Ал учурда жумушсуздук бат эле пайда болуп, кайра бат эле жок болуптур. Азыр болсо ал биздин турмушубуздун бир белгиси катары узакка созулуп, сыртынан жылма, ичинен элди жакырчылыкка батырган мүнөзгө ээ болууда. Рыноктун шартында жумушсуздуктун болушу – экономикалык мыйзам экендигин эске алып ага тиешелүү мыйзамдарды кабыл алуу керек. Тилекке каршы муну бир дагы республика ишке ашырып жаткан жери жок.

«Кайра куруу» жумушсуздукту жараттыбы? Биздин ойубузда, тескерисинче 70 жыл бою болуп келген жумушсуздуктун бетин ачты. Буга чейин болуп турган нерсени танып, жокко чыгарып, бардык адамдардын иши бар деп коомду жалган пикирге ишендирип келгенбиз. Биздин өлкөдө конституциялык жактан эмгектенүүгө укукту гарантиялоо менен бул гарантияны күнүнө кеминде 8 саат иштөөгө реалдуу эмгек салымына туура келбеген эмгек акыны алууга милдеттендирүү менен башкача буруп жибергенбиз.

Деформациялоонун кийинки тепкичи эмгектин коомдук бөлүштүрүлүш системасында жумуш ордун *эркин тандап* алуу жана *которуштуруу мүмкүнчүлүгүн* жокко чыгарган, жашоону уюштуруу менен материалдык шарттардын ыкмаларынын бардыгы болду. Бул учурда юридикалык жактан эркин адамдар акы аз төлөгөн мазмуунсуз оор жана пайдасыз жумуштарды аткарууга мажбур болушат.Кылмыш кодексте иштебегендерди сүргүнгө айдап, 2 жыл кесип, тозоктуу иштерди иштетүү кабыл алынган. Ошондо социалдык – эмгектик мобилдүүлүккө жасалма түрдө чек коюлар киргизилген. Жашаган жерине паспорту жана каттоосу жокторду жумуш ордуна административдик күч менен кармашкан, Жумушсуздук – эмгек эркиндигинин бир тарабы эмес, тескерисинче анын терең жана татаал ал-ахвалы болуп чыга келди.

Биздин республикадагы жумушсуздук өндүрүштүн төмөндөшү, өзүн актабаган ишканалардын санын өсүшү, кридитор жана дебитордук карыздардын көбөйүшү, калктын турмушунун начарлашы менен коштолуп эмгек рыногун пайда кылды жана төмөндөгүдөй тенденциялар менен мүнөздөлдү:

– кызматтан иштеп жаткандардын бошошу активдүү процесске айланды;
– ишсиз калгандардын саны ишке алынгандардан көп болду;
-тышкы эмиграцияга ишке жөндөмдүүлөр кетип, ички региондогу миграцияда кесиби төмөн же кесиби жоктор Борборду, Чүй зонасын каптады. Бир эле 1996 жылы тыштан 17 миң качкындар борборго келген;
-жумушсуздарды официалдуу каттоонун темпи официалдуу жумушсуздардан артта калды 1. (1. Национальная Программа «Эмгек. Бишкек. 1998 г стр. 5).

**Жумушсуздуктун өлчөмү бар**. Ал жогору же төмөн болушу мүмкүн. Аны кантип аныктоого болот? Жумушсуздуктун эки негизги көрсөткүчтөрү төмөнкүлөр:

*Биринчиси* – бул жумушсуздуктун деңгээли. Аны атайын каттоодон толук жумушсуздуктардын өз демилгеси менен иштеген элдердин ичиндеги үлүшү катары, (б.а. өз эмгегинен түшкөн кирешеге жашап жаткан адамдар) эсептелет. Ошону менен бирге бул көрсөткүч жалгыз өзү жетишсиз. Ал түзүлүп калган кырдаал жөнүндө толук түшүнүк бербейт. Иш оруну менен камсыз кылуу чөйрөсүндө түзүлгөндөргө туура баа бариш үчүн, жумушунан бошоп калган адамдардын санын эле эмес, алардын ушул абалда канча убакыт болоорун дагы билүү керек. Булардын башка кирешелери жокко эсе, ошондуктан жумушсуздардын санын эле эмес канча убакка жумушсуз каларын эсептеш керек.

Эгерде маселени мындай койсок: эмне артыкчылык кылат: 3% жумушсуздукбу, бирок жумуш оруну жоктор – жыл бою жумушсуз калышат, же 6% мөөнөтү өтө эле кыска – ай, иш орунубу? Экинчи вариант көбүрөөк жагымдуу экендиги түшүнүктүү болду. Ошону үчүн иш оруну

менен камсыз кылуу проблемасындагы жумушсуздуктун деңгээли гана эмес, узакка созулгандыгы дагы аналдөөнү талап кылат. Демек жумуш менен камсыз кылуу убактысы канчалык узак болору чоң мааниге ээ болот. Ошондуктан **экинчи көрсөткүч** болуп – жумушу жок калган адамдардын канча убакытка жумушсуз калышы эсептелет. (1. Казакеев А.К. Көрсөтүлгөн адабият. 139 бет)

Статистика боюнча жумушсуздарга иши жоктор же аны издеп жүргөндөр ал эми жумушсуз эместерге иштеп жаткандар кирет. Калктын бир бөлүгү (окуучулар, пенсионерлер, үй кызматтындагылар ж.у.с.) жумушсуз деп эсептелбейт. Көп убакыттан бери иш таба албагандар тажаганын эле иш издебей калышат, айрымдары башка ишке өткүсү келип иши жок жүрсө, абройлуу кызматтан төмөндөп калгандар жөнөкөй ишке баргылары келбей иш издешпей жүрө беришет. Ошондуктан жумушсуздуктун келип чыккан себептерин аныктагандан кийин, анан түрлөрүн билишибиз керек. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1. **Эркин, өз каалоосу менен** жумушсуз калуу – жумушчу өзүнүн ниетиндеги маяна берүүчү кызмат менен камсыз болбосо иштегиси келбейт. Аз төлөнгөн жана өндүрүмсүз ишке баргысы келбейт, анткени алган маянасы жашоосуна жетпейт.

2. **Аргасыздан болгон жумушсуздук** – маянанын бир калыпта турушу, кызмат акынын баасы арзан жана суроо талабы өзгөргөнгө карабайт, көп жылдар бою эң алгач ишке келгендеги маяна кала берет (күн сайын, жума, ай сайын кароо болбойт). Жумушчулар аргасыздан иштеп берүүгө мажбур болушат. Жумушсуз калгандар көпкө иштебей калышса кесибин унутат, артта калат. Европада 1988 жылдары элдин ишке жөндөмдүү бөлүгүнүн 50% жумушсуз калышкан. (2. Самуэльсон П., Нордхаус В. Көрсөтүлгөн адабият. 45 бет). Кыргыз республикасында 1997 жылы МОТ тун эсеби боюнча жумушсуздук 93,9 миң адамды түзгөн (катталганы боюнча). (3. Мусакожоев Ш. М. Эмгек рыногу. Бишкек. 1998 ж. 4 бет).

Жумушсуздуктун түрлөрүн экономикалык теорияда *уч типке* бириктирет. **Төмөнкү түрлөрү биринчи типке кирет:**

**1. Агрардык жумушсуздук** – бул түрүнө айыл кыштакта жашагандар туш келишет, анткени алар айыл чарба жумуштарын бүткөндөн баштап кышкысын иши жок калышат. Көпчүлүгү маяна издеп башка жактарга кетишет жана жазында кайта келишет. Мындай жумушсуздукту **жашыруун** деп дагы аташат. Биздин республикда калктын 60% аыйл жеринде тургандыктан ушул түрү кенен жайылган.

**2. Фрикциондук жумушсуздук**- иш издеп бир жерден экинчи жерге которулуу, профессиясын өзгөртүү, жашоо тиричиликтин өзгөрүшү (окуу, жаңы иш, бала төрөп багуу, пенсияга кетүү). Бул тиби элге кызмат толук жетип турса деле боло берет өз эрки менен дегенге киргизсе болот. Өнүккөн рыноктук өлкөлөрдө бул тиби көбүрөөк өнүккөн.

**3. Структуралык жумушсуздук** – өндүрүштүн технологиялык процесси өзгөргөндө жумуш күчү эл чарбасынын структурасына жараша жайгаштырылат. Жумуш орундарынын жаңы орундарына эски кесиптегилер

туура келбей калат. Маяна ийкемдүү болгондо бир структурадан экинчиге өтүү оңой жана тез болот эле, бирок ага көп өлкөлөр жете элек.

**4. Циклдүү жумушсуздук(жергиликтүү) -** жумушчу күчүнө болгон суроо талап бардык тармактарда жалпы эле төмөн болот. 1982 жылы Американын 50 штатынын 48 штатында ушундай көрүнүш болгон. (1.Самуэльсон П., Нордхаус В. Көрсөтүлгөн адабият. 45 бет). Бул жумушсуздуктун чыгышынын жана жашашынын себептеринин бири болуп жумушчулардын улуту, расасы, тили дагы чоң маниге ээ болот.

**5. Инстутционалдык жумушсуздук -** муну рыноктун өзүнүн институттары жаратат, факторлору болсо суроо- талапка, сунушка таасир этет. Мисалы пособие жогору болсо, эмгекти сунуштоо төмөндөйт жана социалдык коргоо керек, бирок пособиенин өлчөмү жумушсуздуктун мөөнөтүн узартып коет. Ошондой эле жумушсузга гарантияланган минималдык маянанын өлчөмүндө пособие төмөн же чоң өлчөмдөгү салык салышса жумушсуздар иш тапканга шашышпайт. Ушундай жумушсуздук кесибин өзгөртүүгө, жумушчу орундарын түзүү информацияларын жакшыртпай эле коомдо жашай берет.

**Жумушсуздуктун экинчи тиби: жумушсуздуктун регионалдуу түрү** айрым региондорго тиешелүү. Ммсалы: Каджы –Сай, Пржевальск – Пристань, Жыргалаң шахтысын алып көргүлө. Мына ушулардын бардыгы жумушсуздуктун табийгый жана аргасыз келип чыккан түрүнө кирет.

**Жумушсуздуктун үчүнчү тиби: технологиялык жумушсуздук** – көп өлкөлөрдө белгилүү Бул деле аргасыз жумушсуздукка кирет, мындан бир дагы өлкөнүн экономикасы куру эмес. Мисалы: АКШдагы машина куруудa, Япониянын, Германиянын ири өнөр жайларында роботтоштуруу жумушчуларды массалык түрдө ишсиз калтырып келет.

Жыйынтыктап айтканда жумушсуздуктун түрлөрү жана типтери табигый жана аргасыздан деп бөлүнөт. Качан жумушсуздук табигый формадан ашып кеткенде, ал аргасыз болуп калат. Баанын жана маянанын жогорулатуучу же төмөндөтүүчү факторлордун тең салмакта болшу жумушсуздуктун табийгый деңгээли деп аталат. Эч качан бир дагы өлкөдө калк 100% иш менен камсыз болбойт. Эгерде калк 94-95% менен камсыз болсо бул толук камсыз дегенди түшүндүрөт. Андай шартта жумушсуздуктун денгээли төмөнкү формула менен эсептелет: Жумушсуздуктун денгээли барабар жумушчу күчүнүн жумушсуздукка болгон катышынын 100% көбөтүлгөнү.

ө

***Экинчи суроо*: Жумушчу күч рыногун мамлакеттик жөнгө салуу.**

Жумушсуздук бүткүл коом үчүн экономикалык түздөн түз чыгымдар экендигин билгизет. Качан адамдар иши жок калганда өндүрүштүн кыскарары белгилүү. Дүйнөлүк практикада Оукен закону (Америкалык экономиаст 1928-1980 ж.ж.) колдонулат, ал закон, эгерде жумушсуздуктун денгээли табийгий деңгээлден 1% жогору болсо, анда улуттук дүң продуктунун артта калышы 2,5% түзөт дегенди билдирет (1:2,5). Бул жумушсуздук менен байланыштуу болгон продукциянын абсолюттук жоготууларын эсептеп чыгарууну мүмкүн кылат.

Маселен жумушсуздуктун табийгий деңгээли 5% түзөт дейли, ал эми реалдуу жумушсуздуктун деңгээли 8% болсо, б.а. 3% жогору көтөрүлдү 3%

минус 2,5%=0,5 болсо улуттук дүң продукт 8% минус 0,5=7,5% артта калышына алып келет.

Ушул эсептөө менен АКШнын экономикасы 1% өскөн жумушсуздуктун негизинде 68 млрд. улуттук дүң продуктаны жоготту жана жумушсуздук боюнча кетүүчү пособияга федералдык бюджеттен 25тен 30 млрд. долларга чейин кошумчалайт дегенди билдирет. (Казакеев А.К. Көрсөтүлгөн адабият. 141 бет).

Жумушсуздукка болгон коомдук чыгымдар көбүнчө өндүрүлбөй калган товарлардын жана тейлөөлөрдүн көлөмү менен эсептелет, б.а. белгилүү сандагы жумуш күчү коомдо эмгектенбей калганга байланыштуу, коомдук дүң продукцияда белгилүү сандагы буюм жана тейлөө өндүрүлбөй калды деп айтылат. Бул чоң жоготуу. Себеби албай калгандын иши албай калган, ошончо продукция, кызмат көрсөтүү жаралган жок, анын орду толгус нерсе.

Мындан тышкары жумушсуздук коомго эле эмес ар бир жеке адамга тескери таасирин тийгизбей койбойт: туруктуу кирешеден кол жууган адам үй оокатынан, үй жайынан, машина, мал мүлкүнөн, сактаган акча каражатынан ажырайт. Анын жыйынтыгы наарazылыкка, психологиялык депрессияга, үй бүлөдөгү чыр-чатакка, ал түгүл кылмыштуулукка алып келет.

Биздин республикада 1993 жылы он бир айда 38,226 кылмыш катталган же 1992-жылга салыштырмалуу 2,8 %ке төмөндөгөн.

Ичимдиктен уулангандар 2,6 эсе, алагүү абалында өзүн өзү өлтүргөндөр - 4,2 эсеге көбөйгөн.

Жалпы кылмыштуулуктун 57,7 % үлүшү 14-29 жаштагыларга туура келет. Иштен бошонуп кеткендердин 80 % 30 жашка чейинкилер. Окубай, иштебей жүрүп кылмыш кылган жаштардын саны 72,5 пайызга өсүп кеткен.

***Кылмыш кылгандардын ичинен:***

1. Жашы жетпегендердин саны – 1992-жылга - 1797 окуучу, 1993-жылга – 1549 окуучу; - 249 окуяга төмөндөгөн, б.а 13,80%.

2. Иштебеген, окубагандардын саны 1992-жылга -4723 адам, 1993 жылга – 4774 адам;+3051 окуяга көбөйгөн, б.а. + 64,6%.

3. Мектеп окуучуларынын саны -1992-жылга – 573 окуучу, 1993-жылга – 450 окуучу; - 123 окуяга төмөндөгөн, б.а. – 21,5%.

4. ПТУда окуган окуучулардын саны – 1992-жылга – 281 окуучу, 1993- жылга – 183 окуучу; -98 окуяга төмөндөгөн, б.а. – 53,3% (1. Газета “Асаба” декабрь 1993 ж.).

Мына мындай кылмыштуулуктун негизги себеби жумушсуздук болуп олтурат. Бул 150 миң кишиден турган армия экономикага залалын тийгизип, кылмыштуулукка өзүнүн “салымын” кошуп келгендер. Ушул эле фактыда Ош областы үчүн 56 миң жумушсуздук көрсөтүлсө, анын 22 миңи жаштар. Бир жылда алар 5 миңге жакын кылмыш ишин жасашкан. Бул цифралар абсолюттук эмес. Катталбаган кылмыш иштери канча? Мына жумушсуздуктун экономикалык таасири кирешелеринен ажырап калган жумушчуларды кандай абалга салат экен. Жумушсуз адам ишке орношкон күндө деле алган эмгек акысы мурдагыдан төмөн болсо, анын турмуш деңгээли көп деле дурус жагына өзгөрбөйт. Ал ишке орношкончо инфляция, баа дегендер асмандап кетет. Эгер адам узак убакыт ишсиз жүрсө квалификациясы төмөндөйт, аны кантип жогорку акы төлөгөн жерге ишке

алсын? Демек аргасыз жумушсуздук коомду да, жеке адамды да экономикалык жакырчылыкка алып келет.

Жумушсуздук өзү менен бирге социалдык чыгымдарды дагы кошо алып жүрөт. Жумушсуздук жумушу жок калгандардын гана кирешесин төмөндөтпөй, ал иштеп жаткандарга атаандаш болгондуктан жалпы коомдогу маянанын төмөндөшүнө алып келет. Ишкана аз эле төлөйт, каалабасаң кете бер, тыштагылардан тандап алам деген принцип ишке киришет. Социалдык тирешүү ушундан келип чыгары сөзсүз.

Жумушсуз калгандар (аргасыз) профессионалдык жарамдуулугу жоюлганын азап чегет, өзүн коомдо ашык, кереги жок катары сезет. Ошон үчүн жумушсуздардын өзүн өзү сезүүсү физический жана психологиялык жактан начарлайт. Өзүн өзү баалоо төмөндөйт, турмуштан канагаттанбоочулук түзүлөт, ж. б. психологиялык проблемалар пайда болорун врачтар адилеттүү ырастайт. Жумушсуздуктун чыгымдарынын баары чогуусу менен социалдык кыйынчылыктарды курчутат, мунун ордун эч бир пособиялар, гуманитардык жардам менен толуктоого мүмкүн эмес.

Жумушту жоготуунун натыйжасында адамдын аң-сезиминде азыркы коомдук салтка айланган баалуулуктары, биринчи кезекте эмгек менен байланышкан баалуулуктар кыйрайт (өзүнө-өзү ишенүү, материалдык жыргалчылык, кесиптик жактан өсүш мүмкүнчүлүктөр, социалдык статус ж.б.у.с.).

Жумушсуздуктун өсүшү менен психикалык оорулардын санынын, ажырашуулардын өсүшү менен өзүн өзү өлтүрүүлөрдүн ортосундагы так байланыш байкалат. Жумушсуздук өзгөчө жаштарга катуу терс таасирин тийгизет – кылмыштуулук көбөйөт, көмүскө экономика кулач жаят.

Ошондуктан жумушсуздук проблемасы мамлекет тарабынан бурула турган көңүлдүн абдан терең предмети болгону бекеринен эмес. Мамлекеттик экономиканын иш аракети **эки** негизги багыт боюнча ишке ашырылышы керек: **1-** жумушсуздуктун деңгээлин жана узак болгондугун тейлөө; **2-** жумушсуздуктан азап чеккендерди социалдык коргоого алуу. Ушунун натыйжасында жогоруда биз келтирген коркунучтуу факторлорго орун жок калат.

Бул айтылгандарды төгүнгө чыгарбаган АКШнын көп жылдык тажрийбасы күбө болот. Жумушсуздуктун терс натыйжаларын түшүнүп билүү мамлекеттин эмгек рыногуна таасир этээрин эске алып, АКШда ишке тартуу чөйрөсүндө **үч багыт** менен иш жүргүзүшөт:

Биринчиси, ишке тартуунун өсүшүн жана мамлекеттик сектордо жумуш орундарынын санын көбөйтүүнү стимулдаштыруунун програмалары.

Экинчиси, жумушчу күчтөрдү даярдоого жана кайрадан даярдоого багытталган программалар.

Үчүнчүсү, жумушчу күчтөрдү жалдоого көмөктөшчү программалары. Акыркы 15-20 жылдын ичинде ушул программалар ишке ашырылгандай мыйзамдар кабыл алынган. Программаларды ишке киргизүүгө оңдогон миллиард долларлар жумшалган. АКШда жана көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө 1930-жылдардан баштап фрикциондук жумушсуздук болуп, структуралык жана циклдык түрлөрү такыр эле жокко эсе. Андан тышкары адамдар узак убакытка дегеле жумушсуз калышпайт. Жумушчунун ишке орношуу аракети өзү **үчкө** бөлүнөт: Биринчиси, эч нерсе менен иши жок, даяр өндүрүшкө барып эле берилген ишти аткарып жакшы маяна алуу. Экинчиси, ушул эле

адам өзү каалаган учурда өндүрүштөн чыгып кетип, ишкердүүлүк кылып өзүнүн чакан ишканасын иштетип, жалданма жумушчуларды алуу. Үчүнчүсү, ушул эле адам бир азга бардык түйшүктөн кутулуп, каалаган жерлерин кыдырып, эс алып, жумушсуз катары каттоодон өтүп, пособие алып, кийин эмгек биржасында өзүнүн товар- жумушчу күчүн реализациялоосу.

Рыноктук өлкөлөрдө өндүрүш кыскарып, токтогондо, жумушчулардын 70% убактылуу бошонушат,бирок кайра келип өз ордуна, өзүнүн менчик ээсине келип иштешет. Ортодогу айлар үчүн алдын ала компенсация алышат. Бул айда иши жок калгандар эмики айда сөзсүз иш алышат жана ортодогу бош убакытта кошумча профессия алышат.

Мамлекет жумушсуздуктун деңгээлин жана узак убакытка болгонун изилдөө аркылуу жумушсуздукту табийгыйга айландырат. Убакытты азайтуу максатында мамлекет керек орундарга информация берип турат. Профессионалдык билим берет, кайта даярдоону милдеттикти мамлекет өзүнө алат. Жумушчу күч рыногунун ал абалына көзөмөлдөө жүргүзөт, иш орун менен камсыз кылат жана финансылайт, эмгек биржасынын жумушун жөнгө салат ж.б.

Мамлекеттин жаңы технологияларды иштеп чыгууну стимулдаштыруусу зарыл, алар жаңы жумушчу орундарды түзүүнү мүмкүн кылат. Чакан бизнестен алынган жеңилдетилген салыкты колдонуу да андан кем мааниде эмес, анткени эмгекке жарамдуу элдин бир бөлүгү жумуш менен камсыз болот. Эгер өлкөдө жашыруун жумушсуздук жашап жатса мамлекет рыноктун механизимдеринин натыйжалуу функцияланышына кам көрүшү керек. Жумушсуздук андан, албетте, жоюлуп калбайт, бирок ачык болуп калат, технологиялык же структуралык экендиги көрүнөт. Эгерде аны жасабаса, анда жашыруун жумушсуздукту жеңип чыгуу чечилбеген маселе бойдон кала берет.

Көптөгөн өлкөлөрдө таралган иш чаралардын бири жумушсуздарга *социалдык жардам* болуп эсептелет. Ал *уч жол* менен иш жүзүнө ашырылат. *Биринчиден,* жумушсуздук боюнча пособия төлөнөт. Бул ири материалдык жардам. АКШда орто эсеп менен айлык акынын 50% нин, ФРГда-63-68%, Францияда – 40%, Японияда – 80-90% түзөт. (Мейманов К. М. Көрсөтүлгөн адабият 177- бет). Бул пособияны эмгек биржасына катталышкан, эмгек стажысы бар жана белгилүү бир убакыттын ичинде жумушсуздук боюнча фондго акча чегерип турган адамдар алышат. Бул фонд ар кандай топтолот. ФРГда аны түзүүгө эмгекчилер жана ишкер адамдар бирдей катышышат. Франция менен Японияда ишкер адамдардын үлүшү жогору – 60-70%, ал эми АКШда, Италияда, ж.б. айрым өлкөлөрдө бул фонд толук бойдон жумуш берүүчүлөрдүн эсебинен түзүлөт. Жумушсуздук боюнча төлөмдөрдүн мөөнөттөрү бардык жерлерде чектелген, пособиелердин мөөнөттөрү өтүп кеткенден кийин төлөнүүчү жумушсуздук боюнча жардамды бөлүп берүүнүн мөөнөттөрү да көп учурда чектелген.

Жумушсуздук боюнча жардам – жумушу жокторго финансылык жардам көрсөтүүнүн **экинчи этапы.** Ал айрым өлкөлөрдө туруктуу ставканы түзөт (маселен, Францияда жумушсуздук жашына жараша ар бир адамга күнүнө 65 тен 130 франкка чейин, башка өлкөлөрдө жумушсуздук боюнча пособиедей эле эмгек акынын үлүшүн ФРГ 56-58% түзөт). АКШда жана Японияда бул жардам берилбейт.

Жардамдын тигил же бул түрлөрүн төлөп берүүнүн жалпы мөөнөттөрү ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай.

*Төмөнкү таблицаны кара: №1*

| **өлкөлөр** | **жардам берүү мөөнөтү** | **жардам берүүнүн максималдуу мөөнөтү** | **башка жардамдардын мөөнөтү** |
|---|---|---|---|
| АКШ | 7,5 жума | 7.5 жума | - |
| Япония | 11 жума | 11 жума | - |
| ФРГ | 26 жума | 26 жума | мөөнөтсүз бере берет |
| Франция | 65 жума | 65 жума | мөөнөтсүз бере берет |

*(Ар кайсы булактан алып авторлор түздү)*

Мамлекет жарым жылдан кийин 5,5 жылга чейин жумушсузга жардам берсе кантип эле ошого чейин адам жумушсуз жүрсүн? Эгер Голландияда адам иштебесе 3000 доллар, иштесе 30000 доллар алат экен, (мисалы мугалим), ал эми машина 2,5 миң доллар турат. Ошондуктан ар бир адам иштегенди жакшы көрөт, ишке жан дили менен келип кетет.

Эгер жумушчу иштебесе, бир себеп менен тигил же бул жардам, пособие албаса, же алып бүтүп, бирок иш таба албаса, мамлекет өзүнө жана үй бүлөсүнө айрым суммадагы акчаларды бөлөт. Айрым тейлөөдөн жеңилдик берет же бекер көрсөтөт. Бул жашоонун минималдуу керектөөсүн камсыз кылат жана мындай жардам берки эки түрүнөн аз, бирок жакырчылыктын минималдык чегине жеткирбейт.

ФРГ да пособия алыш үчүн биринчи төрт айда жашы, стажысын эске алынбай эле пособия төлөнөт, эгерде ал адам 3 жыл эмгек стажысы болуп 1 жыл жумушсуздук фондуна акча которгон болсо. Ал эми 6 айдан 12 айга чейин 4 жылдык стажысы барлар пособие алууга акылуу, 18,24,30,36 ай бою пособие алыш үчүн жумушчулар алдын ала жумушсуздук боюнча камсыздандыруучу фондуга акча чегерген болушу керек.Ага 44 жаштан жогорулар туура келет, эгерде 7 жыл стажы барлар 42 же 48 ай бою акча чегерген болсо. Ошондо деле 49 же 54 жаштагыларга иш орун табыла койбойт.

Францияда пособие алуу мөөнөттөрү узун, ал эми стажыга жана акча чегерүүгө берилген мөөнөт кыска. Бул багыт эмгекчилердин укугун коргоодо чоң мааниге ээ. Биринчи 3 ай пособие алыш үчүн бир эле жылдык стаж жана 3 айлык акча чегерүү жетет. Бир жыл иштеп 6 ай камсыздандыруу фондго акча чегергендер 49 жашка чейинкилер- 15 ай, 55 жашка чейинкилер- 21 ай бою пособие алышат. Андан кийин пенсияга чыгып кетсе болот. Эгер 3 жыл иштеп 2 жыл камсыздандыруу фондго акча чегерген болсо 55 жашында ишсиз калган адам 5 жыл бою пособие алат.

Японияда стаж эске алынбайт жана пособиени 3 төн – 10 айга чейин эле төлөйт. Бул мөөнөт жашына жараша болот.

Швецияда күнүнө төлөйт. Стажы, үй-бүлөсү эске алынбай эле 60 тан – 90 жумага чейин күнүнө 360 крон 55 жашка чейин, андан улуулар 90 жума алышат.

Швециядагы пособиелердин фондусу 5% эмгекчилердин, 95% ишкерлердин жана 1/3 мамлекеттин эсебинен түзүлөт.1. (1. Мейманов К.М. Көрсөтүлгөн

адабият.114-115 беттер). Демек дүйнөлүк практика көрсөткөндөй жумушсуздук коркунучтуу эмес, тескерисинче андан калкты коргобой коюу коркунучтуу экендиги анык болду. Бир кезекте жалкоо, жатып ичерлер менен күрөшкөн сыяктуу жумушсуздук менен сөз аркылуу күрөшүү - бул демагогия. Биздин жумушсуздар билими, квалификациясы боюнча информациялык доорго дал келбеген, бир аз акчасын мамлекетке алдаткан, пособие же социалдык жардамды ала албаган бечара эл. Ошондуктан жумушсуздукка дуушар болгон эл өзү жол издеп чыга албаганын көрүп туруп, мамлекет тиешелүү програмаларды түзүп, өзү колго алмайынча эң айласыз жумушсуздуктун жапайы формасында элдин калганы калган. Ар бир республиканын жашоосуна туш келген бул закондү кантип таанып жатабыз жана кандай иштерди жүргүзөбүз, ал жөнүндө кийинки суроого көңүл бөлөлү.

## *Үчүнчү суроо*: Элди иш менен камсыз кылуудагы республикадагы жүргүзүлүүчү иштер.

Кыргыз Республикасы жумушсуз эле өлкө эмес, жакыр дагы өлкө болду. 1998 жылы 11 февралда Президенттин Указы менен “Жакырдыкты жоюнун “Аракет”” (1998 -2005 ж) Улуттук Программасы кабыл алынган, ошондой эле Кыргыз Республикасында 1998 -2000 жылдан 2005 жылга чейин “Эмгек рыногу жана калкты ишке тартуу” деген Улуттук Программа (“Эмгек”) кабыл алынды. Бул программаларда жумушсуздарга берилүүчү пособие 100 сомду түзөт, бирок бардык жумушсуздар каттоодон өтпөйт. Айрым региондордон аз эле адамдарды каттап пособие беримиш болуп келе жатат.

Кабыл алынган мыйзамдар жана программалар экономиканын рыноктук шартында элди иш орун менен камсыз кылуунун укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук негизин аныктап жана жумушсуздарды иш орун менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясат төмөнкү принциптерге негизделди: бардык граждандарга улутуна, жынысына, курагына, социалдык абалына, саясий көз карашына, динге кылган мамлесине карабастан иш орун тандап алууга тең укук жана эркиндик камсыз кылуу. Эмгектин ыктыярдуулугу б.а. иш орунду ээлөөдө граждандардын эркин билдирүүлөрү эске алынат.

Конкреттүү бир иш чара көрүш үчүн жумушсуздуктун деңгээли жана убактысынын узактыгы менен иш жүргүзүш керек. Иш менен камсыз кылыш үчүн материалдык базасын түзүү, финансы булагын кимден, канча алуу маселеси чечилмейин бул сөз жүзүндө кала берет.

Республикада 1995 жылы социалдык жардам алыш үчүн болгону жылына 25 миңге жакын адам каттоодон өткөн болсо анын ичинен 7 миңге жакыны орду кыскаргандан иши жок калган жумушчулар болгон, анын 14 миңин ишке орноштургандан кийин калганы иштен үмүтү жок калышкан. Булар да каттоодон өткөндөр, ал эми каттоодон өтүш өзүнчө бир тозок дешет. Республикада иш сурап кайрылганда жумушка орноштуруучу

уюмдардын 10 күндүн ичинде иш таап берүү милдети бар, бирок иш болбосо 6 айга чейин карточка ачат (24 жумага) айына 42 сомдон төлөйт. Эгер ошол учурда да ишсиз калса кыска мөөнөттүү кайра даярдоо аркылуу квалификациясын өзгөртөт. Чыгымдар ошол уюм аркылуу төлөнөт. Кыска мөөнөттүү окуу курстарында жылына 10 миңдеген орундар бош турат, каалочулар аз. (1ж.” Кыргыз Туусу”, март 1995 ж).

Республикада элди ишке орноштуруунун глобалдык проблемаларын чечүүдө чет элдик фирмалар, эл аралык эмгектештик уюмдары да катышышат. Бизде 1993 жылдан баштап Афстралиянын, ж.б. өнүккөн өлкөлөрдүн адистери келип жардам берүүдө. 1994 ж декабрда Европанын беш өлкөсүндө – Германия, Франция, Венгрия, Словакия, Австрияда эл аралык семинарда “Эмгек рыногундагы активдүү саясат: практика жана теория” деген девиздин алдында дүйнөлүк ишке тартуу маселеси каралган. Мындай форумга Кыргызстан биринчи жолу катышты, форум дагы биринчи эле жолу болду. Алардын сунуштарында эгерде Бишкектегидей эл жапырт ишсиз калса, аларды бат эле башка ишке массалык түрдө багыттай койсо боло турганын мисал келтиргени кызык. Шаарды көрктөндүрүүгө миңден жумушчу кол керек, бир айга эмес жылдап иштеш керек, а силерде эл жумуш издешет экен. Ушул сыяктуу мүмкүнчүлүктөр толуп жатат. Болгондо да инвестиция пайдаланып эле уюштурса болорун айтышкан жана бул боюнча өзүнчө программа түзүүнү сунуш кылышкан.

Немецтик эксперт доктор Манфреди Кайзер республикада экинчи жыл эмгек жана социалдык коргоо министирлигинде эксперт болуп иштеп жатат. Анын аркасы менен немецитик техникалык борбордун жардамын алып биздин адистер дүйнөлүк симпозиум, конференцияларга катышып, программа түзүүгө аракет жасоонун үстүндө.

Республикада информация, консултация, жумушсуз калганга алдын–ала психологиялык даярдык көрүү боюнча Европалык борбор түзүү бар. Алар бир адамды бир нече кесипке ээ болууга, кичи ишкана, кичи бизнеске даярдоого, кординациялык советтерди түзүү боюнча көп иштерди жүргүзүүгө болот деген чоң проблемаларды анализдөөгө үйрөтүп жатышат. Демек мунун баары жаңы кадам катары башталды, ал эми анын жемиши даяр боло элек.

Иш орун менен камсыз кылуу саясаты граждандардын эмгекке орношуу, иш орунун эркин тандап алуу, алардын ишканаларга уюмдарга жана мекемелерге, кызмат берүүчүлөргө түздөн-түз кайрылуу жолу менен иш орун менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүчүсү аркылуу акысыз жардам алуу укугун коргойт. Ошондо бардык каалагандар оюндагыдай ишке орношо алышыбы? Жок. Мисалы: республикада иштеп жаткан Кумтөр алтын кенин иштетүүгө өзгөчө тест методу менен тандап алуу жолу бардык эле каалагандарды ишке алууга жол бербейт, же болбосо пропискасы жоктор, үй жайы жоктор бир жерден экинчи жерге эркин барып иштей алышпайт. Ал эми төмөнкү таблицадагы бош жумушчу орундарды карап көрсөк:

*Республикадагы мекеме – ишканалардын бош жумушчу орундары жөнүндө маалымат (1998 – жыл 1 декабрга карата)2.*

Таблица №2

| Аймактар | Бардыгы | Анын ичинен | Эл чарбасынын тармактары | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | өнөр | айыл | Транс | куру | соод | ЖК | турму | башк |

| | | жумуш чулар | жай | чарба | порт жана байла ныш | луш | а | Х | ш тирич илик | алар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары | 755 | 623 | 117 | 7 | 74 | 192 | 1 | 152 | 0 | 212 |
| Жала-Абад | 383 | 177 | 51 | 4 | 9 | 102 | 0 | 13 | 0 | 204 |
| Ысык-Көл | 169 | 101 | 31 | 0 | 8 | 52 | 3 | 8 | 0 | 67 |
| Нарын | 22 | 2 | 0 | 4 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 18 |
| Ош | 581 | 290 | 148 | 10 | 8 | 106 | 16 | 0 | 0 | 293 |
| Талас | 65 | 35 | 0 | 0 | 0 | 0 | 3 | 0 | 0 | 62 |
| Чүй | 1239 | 885 | 259 | 68 | 26 | 351 | 9 | 12 | 0 | 514 |
| Жалпы | 3214 | 2113 | 606 | 93 | 125 | 803 | 32 | 185 | 0 | 1370 |

(2. «Эмгек» Бишкек 1998 ж.)

Таблицада көрсөтүлгөндөй бош жумушчу орундары жалпы республикадан каттоодон өткөнү 3214 болсо, анын 90% жумушчулардын орунду түзөт, барынан кызыгы турмуш-тиричилик тармагында бир да орун жок. Анын себеби, ал тармакта приватташтыруунун негизинде болгон орундар жеке менчикке тиешелүү жумушчулар менен камтылган, ал эми соодада болгону 32 орун. Демек элдин бары соодагер болуп жатканда, тышкы өлкөлөр менен чыныгы рынок мамлесин ишке ашыруучу кызматкерлердин орду гана бош. Бош орундун Нарын зонасында 22 гана болушу, болгону 2 жумушчу орунга муктаждык бул региондо өнөр – жайдын аз өнүккөнүн айгинелеп турат.

Дагы бир эске ала турган нерсе ваканция орундар материалдык өндүрүштөгү ал–ахвалды гана көрсөтүп турат. Жыйынтыктап айтканда жумуш ордунан жумушсуздук бизде көп 1993 жылдын 16 декабырында «Асаба» гасетасы республикада 150 миң жумушсуздар бар экенин жарыялаган. Ал эми жогорку 3214 жумуш орду 50-60 сомдук орундар, буга ким барат?

СНГ республикаларынын шартында жумушсуздуктун тез өсүшүнүн өзгөчөлүктөрү өтө көп. СССРдин жашоосунун акыркы ммезгилинде өнөр-жайда, деги эле эл чарбасынын бардык тармактарында иштеп жаткандар жашы пенсияга жеткендер болгон. Алардын көбү орто билимдүүлөр жана орточо квалификациялуулар эле жана традициялуу иштерди иштеп, рынокко даяр эместер. Жаңы шартта буларды билимдүү рыноктун кадрлары алмаштырышы керек болгондуктан көп ишканалар жумушсуздукка өзүлөрү эле келип такалышты.

Бардык эле өз алдынча кеткен СНГ өлкөлөрү үчүн мүнөздүү нерсе бул эмгек рынокторунун ишке кириши менен жумушчуларга карата конъюнктура жакшы жагына өзгөрдү, бирок жумуш сурагандын көпчүлүгү кызматкерлер, интеллигенция болуп калды. Мисалы төмөнкү таблицаны карасак жумушсуздардын көбүн түзгөн ушул көрүнүш турат.

*Ысыккөл областындагы*
*1 январь 2003 жылга жумушсуз жарандардын жашы жана билими боюнча составы 3.*

*Таблица №3*

| Жумушчулардын саны: | Бардыгы: 4939 | |
|---|---|---|
| **жашы** | **саны (адам)** | **%** |
| 16-18 | 82 | 2% |
| 18-35 | 2024 | 41% |
| 35-40 | 1097 | 22% |
| 40-50 | 1495 | 30% |
| 50-55 | 195 | 4% |
| 55-68 | 46 | 1% |
| **билими боюча бардыгы:** | **4939 адам** | |
| **анын ичинен билими бар** | **саны** | **%** |
| жогорку билимдүү | 479 | 10% |
| атайын орто билими бар | 1208 | 24% |
| орто билими бар | 2980 | 60% |
| толук эмес орто билим | 272 | 6% |

*(3. Экспресс информация Иссыккульской области в 2002 г)*

Ар бир иштеп жаткан адамга 6,6 жумушсуздар туура келсе анын 4 адамы ак жакачандарды түзгөн. (4. “Независимая газета” 1995г. 20.04)

Бул жерде негизги тоскоолдук болуп жумушчулардын бир жерден экинчи жерге эркин кете албаганы, үй–жай, каттоодон өтүү, ишке орношуу өтө татаал болгондугу. Ири шаарлардан четке чыгуунун мүмкүнчүлүгү да жок, анткени, тескерисинче алып сатарлык кылыш үчүн элдин айрым структурасы борборго топтолуп жумушсуздукту көбөйтүп жиберди. Айына 50-60 сом алгандан көрө күнүнө алып сатарлыктан ошончону таап алуу оңой. Биздин республикадагы иш издегендердин 40 пайызы 16 дан 29 жашка чейинкилер, анын 20 пайыздан ашыгы биринчи ирет жумушка орношо тургандар, б.а. орто мектепти, окуу жайларды бүтүрүп иш таппай жүргөндөр. Миграцияда жүргөндөрдүн 70 пайызы ишке жөндөмдүүлөр.

Ушул категориядагы айрым жумушсуздардын өз ооздорунан чыккан ой-пикирлери менен таанышып көрөлү:

**О.Б. 31 жашта:** Мен өзүм Тянь-Шандан келдим. Айылда турмуш болбой калды. Үйдү сатып, малды сатып, ушул шаарда жашоо болобу деген ниетте бала –бакырам менен келген элем. Бишкектин өзүнөн үй сатып алдык. Келгенибизге эки ай болду. Бирок жумуш жок. Издебеген жерим калбады. Чет жактагы айылдарга да барып көрдүк, эч жумуш жок. Биртике акча бар эле, келинчегим бир нерсе ала коюп, базарда сата коюп жүрөт. Акыркы күндөрү товары да өтпөй калды. Мен болсо ооруп, больницага жатып чыктым. 5-класста окуган кызыбыз келгенден бери мектепке бара элек. Мектептер “бала көп” деген шылтоо менен албай жатышат. Эми кандай болот, билбейм. Көмүрүбүз да жок. Кайра айылга баруута болбой калды. Эптеп бир жумуш табылса болбойт беле…

***Т.С. 22 жашта:*** Университетте окучумун. Былтыр болбогон жерден окуудан чыгып калдым, курсовой жазбай коюп. Ошол, бир жылдан бери бош эле жүрөм. Коммерцияга кирейин десем акчам жок, иштейин десем жумуш жок. Менин эки-үч досум да жумуш жок жүрүшөт. Базардан бир нерсе уурдап, кайра аны сатып, акча кылышат. Мен болсо ага баргым келбейт. Таң калам, эмнеге жумуш жок? Азыр студенттер куурашты. Ушуларга сабактан тышкары өзүнчө иштеп, акча тапканга шарт түзүп бериш

керек да. Мага окшогондор канча? Анан “преступность” көбөйдү деп кыйкырып коюшат. Иштеп акча табайын десең, жумуш жок болсо, анан эмне кылышсын?

***Н.О. 19 жашта:*** Эки жыл катары менен окууга тапшырып өтпөй калгам. Почтада иштедим, университетте лаборантка да болдум. Айлыктары эптеп эле болчу. Шаарда эжемкинде турам. Айылга барсам ала качып кетишет. Айылда үйдө менсиз эле киши көп. Эмне кыларымды билбейм. Бекерчиликтен тажап кеттим. Кээде жанагы “вечеркага” чыккан “приятный отдыхкка” кирип кетсемби деп ойлойм. Үйгө акча салып турат элем да…

***Сабыр Мукашев, 24 жашта:*** Азыр кайсы жинди иштесин? Любым путем акча табыш керек. Анын жолу толтура, просто надо уметь.

***Мукамбет Азыкбаев, 43 жашта:*** Заман кыйын эле болду. Өгүнү эки жапжаш бала базарда ар кимден дары сурап жүрүшөт. Наркомандар экен. Кебетеси укмуш эми. Боорум ооруду. Азыркы каатчылык түрткү болуп жатат да. Азыр бийликтегилер жаштарга көңүл бурбай калбадыбы. Жаштардын көбү бекерпоз. Анан тоноп атышат, кыз зордоп атышат. Дал ушул жумушсуздук экономикабыздын бутун тушап атат да. Келечектен корком. Кийин бай-кедей болуп бөлүнөбүзбү деп. Анан жарды кыргыз малай болуп калабы деп. Мына сессияны көрүп жатабыз го. Бири-бири менен тытышып коюп, элди ойлогон киши жок. Билбейм, эмне болот? (1ж. “Кыргыз Туусу” март 2002 ж.).

Азыркы учурда жумушсуздуктун басымдуулук кылган түрү – мамлекеттик ишканада кызмат орундун кыскарышына байланыштуу, иштеп жаткандардын бошоп калышы. Булардын 50% пенсияга жакындап калгандар, квалификациясын өзгөртө албагандар. Ушундай учурда жумушсуздук инфляция, баа сыяктуу эле дайыма жашай бере турган факторго айланат. Мындай аргасыздан жумушсуздукка туш болуу адамдын кызмат менен камсыз болуу укугунан да ажыратып жатат. Рынок экономикасында мамлекет тиешелүү мыйзамдары эле гана кабыл албастан, аны практикалык түрдө ишке ашырууга милдеттүү.

Жумушсуздук бул өтө коркунучтуу нерсе, бул мыйзам ченемдүү, капиталдын топтолушунан келип чыгуучу **экономикалык мыйзам**. Ошондуктан ал болбой койбойт дешке мүмкүн эмес. Бирок рыноктун деңгээлине жараша аны жөнгө салуу керек. Жумушсуздук пайда болору менен эле баа эркиндиги келип чыгып жеке менчик калыптанып, күч алып, коомдо ишкердүүлүк мамиле өсүп өнүгөт. Ишкер адамдар коммерциялык жаңы мүмкүнчүлүктөрдү көрүп, жаңы товар чыгарууга жана тейлөөнүн жаңы түрлөрүн өнүктүрүүгө шашаылышат. Мисалы: туризм, кен казуу, майда ишканалар, товар алып келүү ж.у. с.

Бизнесмендер ички жана тышкы инвестициялардын жогорку пайда алып келүүчү тармагын изилдеп, акчаны ошол жакка жумшашат. Ушунун негизинде жаңы жумуш орундары пайда болуп, жумуш рыногунун ийкемдүүлүгү келип чыгат, жумушчулар иш тандоо мүмкүнчүлүгүн алышат. Көп учурда иш суроочу менен жумуш берүүчүнүн айырмасы жоголуп кетет. Анткени бир компанияга жумушчу болуп кирип алып, өздөштүргөндөн кийин өзүнчө ишкердүүлүк жасап, андан кийин ишкана ачып кете берсе болот. Ал адамдар компанияга караганда мыкты жана арзан өтүмдүү продукция чыгарып тигилерге атаандаш болот,жана ишканасына жумушчу алышат. Демек, коомдо жумуш орундар көбөйөт, динамикалык ийкемдүү

рыноктун өнүгүшү менен жумушсуздуктун коэффициенти инфляция сыяктуу эле төмөндөйт.

Мамлекет азыр ишке орноштуруу кызматын жана анын мамлекеттик фондун түзүүдө. Эң биринчи милдети катары ошол кызматтын кызматкерлеринин маянасын аныктоодо. Ал ар бир ишканын, уюмдардын жана кооперативтердин милдеттүү түрдө жүргүзүлгөн отчислениесинин эсебинин менчиктин формаларына карабай эмгекке төлөнгөн чыгымдардын 1,5 % түзөт.

Кыргыз Республикасында “Эмгек” жана “Аракет” Улуттук Программаларды кабыл алууда. Дүйнөлүк Банк, Өнүгүүнүн Азия Банкы тарабынан берилген кредиттердин эсебинен белгилүү иштер аткарылат жана төмөнкүдөй көрсөткүчтөргө жетишебиз деген прогноздорду белгилегенбиз1. (1. №4,5 таблицаларды карагыла.).

*Таблица. №4*

**Кыргыз Республикасында эмгек рыногун жөнгө салуу боюнча прогноз (жумушчу орундары)**

| Финансы булактары | 1997 ж. факт. а.ч. | Жаңы жумуш орундарын түзүүнүн прогнозу | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1998 ж. | 1999 ж. | 2000 ж. | 2005 ж.ч. | |
| Жаңы түзүлгөн жана калыбына келтирилген жумуш орундары | 107452 | 78506 | 805040 | 855050 | 86670 | |
| Анын ичинде:<br>- Республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен | 3815 | 4378 | 4684 | 5021 | 6224 | |
| - Чет элдик инвестициянын эсебинен | 1831 | 1097 | 1140 | 1152 | 1364 | |
| - Кичи жана орто бизнести өнүктүрүүнүн эсебинен | 59672 | 34443 | 34774 | 34228 | 31736 | |
| - Ишкананын өзүнүн каражатынын эсебинен | 12459 | 12734 | 12734 | 13763 | 13763 | |
| - Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эсебинен | 9381 | 4219 | 4878 | 5006 | 4679 | |
| - Ишкерлердин эсебинен | - | 1870 | 1830 | 1780 | 1594 | |
| ФСЗ (фонд содействия занятости) | 20294 | 19765 | 20500 | 24600 | 27400 | |

*Источник: Рынок труда Бишкек 98*

*Таблица №5.*

**Кыргыз Республикасында 1998 – 2000 ж.ж. жана 2005 ж. чейин регион боюнча кошумча жумуш орундарын түзүүнүн прогнозу**

| Областтар | 1997 ж. фактич. | Жаңы жумуш орундарын түзүү прогнозу | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1998 ж. | 1999 ж. | 2000 ж. | 2005 ж. ч. |
| Бишкек шаары. | 19839 | 13904 | 13980 | 14690 | 12900 |
| Жалалабат областы | 16756 | 14747 | 15253 | 16124 | 16950 |
| Ысыккөл областы | 12724 | 4998 | 4405 | 5148 | 6560 |
| Нарын областы | 4766 | 3080 | 2983 | 3430 | 3610 |
| Ош областы | 18915 | 16405 | 17110 | 18480 | 19830 |
| Талас областы | 3107 | 2877 | 2994 | 2928 | 2985 |
| Чүй областы | 31340 | 22895 | 23815 | 24750 | 23835 |
| Кыргыз Республикасы боюнча | 107452 | 78506 | 80540 | 88590 | 86670 |

*Источник: Рынок труда Бишкек 98*

Демек жумушсуздукту рыноктун бир мыйзам ченемдүү мамилеси катары жашашын таануу менен бирге аны дагы биздин шартка ылайыктап, анализдеп, ага тиешелүү чараларды көрүү коомдун, мамлекеттин түздөн түз милдети.

Кыргыз Республикасындагы ишке тартуу жана миграция боюнча мамлекеттик бирдиктүү саясатты жүргүзүү максатында 2005- жылдын сентябрь айында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик комитети түзүлгөн. 2007-жылдын апрель айында өлкөдөгү жумушсуздуктун деңгээлин аныкташ үчүн комитет изилдөө жзргүзгөн. Азыр өлкөдө 4,938 миң адам жашайт, анын 22,3% жумушсуздар.Ал эми статистикалык официалдуу берүүлөрдө жумушсуздук 9,6% деп берилген , б.а. 200,7 миң адамды түзөт. Мындан аркы изилдөөнү эки уюм бириктирип изидешмекчи. Азыркы учурда республикада жумушсуздук дагы күчөшү ыктымал, анткени Россиядагы мигранттарыбыз кайтып келгени турушат. Күндөн күнгө жумушсуздардын саны алданып , сатылып, ишсиз калган жарандар менен толкуталып жатат, ошондуктан бул маселени чечүүгө бардык уюмдар, ишканалар , ишкерлер, министрликтер жана ведомстволор катышышы керек.( “Миграциялык бюллетень”,. апрель, 2007 ж.).

## Жумушсуздук боюнча тесттер

**1.** Жумушсуздукту такыр жок кылууга мүмкүнбү:
а) мүмкүн;
б) мүмкүн эмес;
в) айта албайт экенмин.

**2.** Жумуш күчү кайда сатылат:
а) ишканада;
б) эмгек рыногунда;
в) бардык рыноктордо.

**3.** Эмне үчүн жумуш күчү товар болуп эсептелет:

а) ал өзгөчө товар, аны ээсинен бөлүүгө болбойт, жашоо тиричилик кылуу үчүн сатат;
б) рыноктун шартында бардык нерсе товар;
в) кылымдар бою адамдарды сатып келгендиктен.

**4**. Кыргыз Республикасында эмгек рыногу барбы:
а) бар же жок деп айтыш кыйын;
б) бар;
в) жок.

**5.** Жумушчу күчүнүн наркы эмне менен чыгарылат:
а) суроо-талап, сунуш менен;
б) коомдун байлыгы менен ;
в) сатып алуучунун каалаганы менен.

**6.** Жумушсуздукка пособие сөзсүз төлөнүш керекпи:
а) мамлекет төлөгүсү келсе сөзсүз керек;
б) төлөбөсө деле болот;
в) каттоодон өткөндөргө эле төлөнөт.

**7.** Кыргыз Республикасында жумушсуздуктун кайсы түрү көбүрөөк орун алган:
а) фрикциондук;
б) региондук;
в) жашыруунун түрү,

**8.** Жумушсуздук экономикага кандай таасирин тийгизет:
а) элдин бош убактысы көп болот;
б) улуттук дүң продукт азаят;
в) ар ким өзү үчүн кам көрүүнү ойлойт.

**9.** Жумушсуздуктун социалдык-психологиялык таасири:
а) алар өзүлөрүн бош, эркин сезишет;
б) иштегилери келбей, иш издешпейт;
в) үй-бүлө бузулат, элден обочолонуп өзүн кем сезет, сөзсүз бир жаман иштерге туш келет.

**10.** Жумушсуздуктан кантип чыгып кетүүгө болот:
а) өзү аракет кылышы керек;
б) рынок өнүгүп, жумуш орундарын сунуштап, элдин квалификациясын өзгөртүп турушу зарыл;
в) бизнеске өтүш керек.

Жооптору:
1)б, 2)б, 3)а, 4)б, 5)а, 6)в, 7)в, 8)б, 9)в, 10)б

**Темага тиешелүү терминдер**:

***Жумушсуздук*** – калктын эмгекке жөндөмдүү катмарларынын бир бөлүгүнүн аларга баш ийбеген себептердин негизинде маянасыз калганына байланыштуу, ишке жөндөмдүү болуп, иш издеп, эгер иш чыкса иштөөгө даяр тургандыгын билгизип, эмгек биржасында каттоодо тургандарды көрсөткөн социалдык-экономикалык-кубулуш. Экинчи жагынан алганда жумушсуздук коомдун экономикалык закону.

***Анын төмөндөгүдөй түрлөрү бар:***

- *агылып туруучу* – эл чарбасынын тармактарынын бирдей эмес деңгээлде өнүккөндүгүнүн негизинде суроо-талапка туура келбеген салыштырмалуу форма. Бир ишкана жабылып жатса, бири ачылып жатат.
- *жашыруун* – жылдын мезгилине жараша жумушу жок олтуруп калган айыл жергесиндеги жашаган калктын ал-ахвалын көрсөтөт.
- структуралык – экономикадагы структуралык өзгөрүүлөрдүн негизинде бош жумушчу орундары менен жумушсуздардын дал келбегени. Мисалы: жумуш орун бар, ага даяр кесиптеги жумушчу жок
- *фрикциондук* – адамдардын бир жерден экинчи жерге, бир ишканадан экинчи ишканага өтүү үчүн жумуш издеши, көбүнчө көбүрөөк маяна, жакшы социалдык – экономикалык шарт издешет.
- *циклдик* – өндүрүштүн, экономиканын төмөндөөсүнөн жана жумуш күчүнө болгон талаптын жетишсиздигинен келип чыгат.

**Жумушсуздук** – рынок экономикасынын айыкпаган илдети.

**Жумушсуздар** – белгилүү датада иши жок жана болгон иш-аракетин иш издөө менен өткөргөн калктын институтционалдык бир бөлүгү.

**ЖУМУШСУЗДУК БОЮНЧА ПОСОБИЕ** - мамлекет тарабынан мыйзамда каралган шартта жумушсуз деп катталган адамдарга мезгили менен төлөнө турган сумма. Бул убактылуу ишсиз адамдарды социалдык коргоо болуп эсептелет жана рыноктук мамиле жетилген өлкөдө колдонулат.

**Эмгек биржасы** – жумушчулар менен ишкер адамдардын ортосунда жумуш күчүн сатуу жана сатып алуу мамилесин жүргүзүү боюнча дайыма туруктуу негизде иштөөчү мекеме. **Э.б. функциялары**:

- эмгек рыногундагы жумушчу күчүнө болгон суроо-талапты аныктоо;
- жумушсуздардын эсебин алуу жана бош жумуш орундарын каттодон өткөрүү;
-ишке орношуучуларды, иштен которулууну каалагандарды тиешелүү маалыматтар менен камсыз кылуу;
- иш издегендерди окутуп, кайрадан даярдап чыгууга көмөк көрсөтүү;
- жумушчуларды ишке орноштурууда мекеме менен алардын ортосунда далдалчылык кылуу жана жумушсуздук боюнча пособие белгилөө. Кыргыз Республикасында эмгек биржасы 1990 жылдан бери иштей баштады.

<u>**Эмгек рыногу**</u> – жумушчу күчүн (эмгекке жөндөмдүүлүгүн) сатуучу, сатып алуучу, алмашуучу чөйрө. Эмгек рыногуна сатыла элек, убактылуу ишсиз деп каттоодон өткөндөр чыгышат. Азыркы учурда Кыргыз Республикасында жырым миллионго жакын жаран жумушсуз.

Кыргызстандагы эмгекке жарамдуулардын 16,8 % жумушу жок, б.а. жарым миллионго чамалап барган адам саны. Бул маалыматтар

«Кыргызстандын элин 2010 жылга чейин иш менен камсыз кылуу» мамлекеттик программасынын бет ачар иш – чарасында айтылган. Республикада биринчи ирет ушундай ири масштабдагы изилдөө ишин жасалды. Буга чейинки статистикалык маалыматтарда жумушсуздуктун деңгээли 15 % көтөрүлгөн жок деп айтылып келчү.

Аталган улуттук программага ишенсек, өлкөдө жылына 30-40 миң жумуш орундары түзүлүшү керек. Адистердин айтымында, ал үчүн экономика кубаттуурак болушу зарыл. Мындай иш орундарын түзүү үчүн өлкөнүн ички дүң продукциясы (ИДП) жылына жок дегенде үч пайызга өсүп туруусу керек. Көрсөткүч канчалык жогоруласа, иш менен камсыз болгондор ошончолук арбымак. 2006 – жылы ИДП нын 2,8 пайызга гана өскөнүн эске алсак, ишсиздер маселеси жыргап деле кеткен жок. Келечекте Россиядан кайтып келүүчүлөрдүн эсебинен жумушсуздук мындан бетер өсөт деген информация элди жаңы түйшүккө салып жатат. Миграция комитетинин информациясында Россиядан арбын мигранттар күтүлбөйт деп элди тынчтандырат, бирок Россия өкмөтү аталган өлкөнүн базарларында иштеген, жарандыгы жок адамдарды 40% кыскарткандыгы мигранттар үчүн жагымсыз жаңылык болгон. Демек, Россиянын базарларында соода кылган мекендештерибиздин бир тобу кайтып келүүгө аргасыз. Бирок ал тараптан өтө деле көп сандагы агым күтүлбөйт, келе тургандар болжол менен 20 миң адамдын тегерегинде болушу мүмкүн экен.

Алардын көбү Россияда өзүнүн бизнесин жасап, колуна аздыр – көптүр акча топтоп алгандар. Биз жакка келгендер же кайрадан соода менен алектенишет, же өздөрүнүн бизнесин ачат. («Миграционный бюллетень», апрель 2007 г.)

## Экинчи лекция.
## Темасы: Инфляция жана ага каршы чаралардын системасы- 2 саат.

### Лекциянын планы:

1. Инфляция: маңызы, типтери, түрлөрү.
2. Инфляциянын чыгыш себептери, механизмдери, булактары.
3. Мамлекеттин инфляцияга каршы саясаттары жана ишке ашыруу усулдары.
4. Инфляциянын социалдык-экономикалык кесепеттери.

### Адабияттар:


1. Кэмпбелл Р.,Стенли. Л. Брю Экономикс.М. Республика. 1992.
2. Основы экономической теории.(под ред В.Д.Камаева) М.1997.
3. Никитин С.М., Глазова К.С., Степанова М.Н. Антиинфляционная политика: зарубежный опыт. (ж.Деньги и кредит), 1995 № 5.
4. Борисов Е.Ф. Основы экономической теории. М.1996.
5. Мейманов К.М. Рынок экономикасынын теориясы. Бишкек. 1993.
6. Казакеев А.К. Экономика теориясынын негиздери.Бишкек.1994.
7. Джунушева К.С., Боконтаева Д.К. Термины рыночной экономики Каракол. 2005.
8. Штейнбах А.А. Как и куда с выгодой вложить деньги

«Феникс». 1992.

***Биринчи суроо:*** **Инфляция: маңызы, типтери, түрлөрү.**

Бүгүнкү күндө инфляция өзүнүн социалдык-экономикалык натыйжалары боюнча өтө байкаларлык жана оор экономикалык көрүнүштөрдүн бири. Маркстык адабиятта инфляция жалаң эле «капиталисттик экономиканын» номер биринчи оорусу катары каралган. Социализмге карата ал жөнүндө деги эле сөз болгон эмес, же көңүл бурулган эмес. Ал эми 20-кылымдын 20- жылдарында мурдагы Советтик Россияда бир нан 18 млн. рубль, бир куту ширенке бир нече млн. рубль турган. Экинчи дүйнөлүк согуштун учурунда инфляция ушунчалык зор өлчөмгө жетип, алмашуу чындыгында натуралай (бартердик) формада жүргүзүлгөн. 80-жылдардагы экономикалык реформа мурдагы советтик экономикада нфляциялык проблемалар канчалык терең жана татаалдашканын айгинеледи.

1861-65 жылдардагы Граждандык согуштун мезгилинде кагаз акча жүгүртүүнүн опсуз күчөгөнүнүн негизинде келип чыккан ал-ахвалды так көрсөтүү максатында Түндүк Америкада биринчи жолу «инфляция» деген терминди колдоно башташкан.Бирок бул термин пайда болгондон бир кыйла мурда бул экономикалык кубулушту практикалык жана теориялык жактан изилдөө башталган. Францияда 17-кылымда Джон Ло тарабынан кагаз акчалардын киргизилиши, анын токтоосуз инфляцияга алып келип, системанын кыйрашын камсыз кылаарын аныктаган. Ошондон баштап ушул теория инфляцияны жөнгө салуунун практикалык негиздерин түптөөгө мүмкүндүк берген. (1. Мейманов К.М. Көрсөтүлгөн адабият 94-бет.)

Батыштын экономикалык адабиятында инфляция деген түшүнүк 20-кылымда 1914-1918 жылдардагы биринчи дүйнөлүк согуштан кийин, ал эми мурдагы Союзда (СССР) 19-кылымдын 20-жылдарынын ортосунда кеңири таралган.

Экинчи дүйнөлүк согуш инфляцияны бардык өлкөлөрдө күчөттү. Согуш
бүткөндөн кийин деле 50-80 -жылдары инфляциянын бардык түрлөрү кенен өкүм сүрүп турду. 70-жылдардагы өндүрүштүн төмөндөшү, структуралык кризистин келип чыгышы, доллардын наркынын төмөндөшү жана дүйнөлүк рынокто ресурстардын баасынын кымбатташы менен коштолду. (2.Камаев В.Д.Көрсөтүлгөн адабият. 189 бет).

Эми инфляция деген эмне деген суроо келип чыкты. Инфляция – экономиканын оор илдети. Ал өзүн акчалай кубулуш катары көрсөтөт. Бул акчанын баасыз болуп кетиши, экономикада алар керек болгондон көп болуп калышат. Инфляция катары баалардын өсүшүнөн көрүнгөн суроо-талап менен сунуштун дисбалансы түшүндүрүлөт, б.а. инфляция бул товарлар менен кызмат көрсөтүүлөргө, өндүрүштүн факторлоруна, баалардын жалпы деңгээлинин
өсүшү (ачык, жашыруун). Мында нанга, машинага, жерге, энергияга баалардын өсүшү, эмгек акынын өсүшү эске алынып жатат. Бирок, инфляция
бирдей барабардыкта жана бир эле убакытта бардык баалардын жогорулашы дегендик эмес. Баалардын индекси менен ченелген баалардын жалпы деңгээли өсөт. Бул инфляциянын бар же жок экендигинин жана

анын
канчалык тереңдигин байкаткан көрсөткүчтөрдүн бири. Акчанын балансыланбаганынын негизинде жаралып, ал өндүрүштөгү, керектөөдөгү ж.б.
процесстердеги негативдүүлүктү көрсөтөт. (3. КамаевВ.Д. Көрсөтүлгөн адабият.
187-188 беттер).

Баалардын деңгээлиндеги өзгөрүүлөр керектөө бааларынын индексинин
жардамы менен өлчөнөт. Бул үчүн өлкөнүн орточо жашоодогу тургуну ала турган керектөө товарларынын тизмеси «товарлардын себети» деп аталган нерсеге салынат, баалары суммаланат. Бир айдын, кварталдын, жарым жылдын, бир жылдын ичинде баалар кандай өзгөргөнүн аныкташ керек. Ал үчүн
керектүү мезгилдин башталышындагы жана акырындагы бааларды эсептеп чыгуу жетишердик болот. Андан алынган натыйжаны салыштыруу менен биз
баалардын инфляциялык өсүшүн же инфляциялык деңгээлин билебиз. (4.Борисов
Е.Ф. Көрсөтүлгөн адабият.157-158 беттер).

***Формуласы:*** *Инфляциянын деңгээли барабар бөлчөктүн алымында: Быйылкы жылдын керектөө бааларынын индекси (индекс потребительских товаров)минус Өткөн жылдын керектөө бааларынын индекс, бөлүмүндө Өткөн жылдынт керектөө бааларынын индекси , көбөйтүлгөн 100 %.*

*И.д = Б.б.и. − Ө.б.и. / Ө.б.и. х 100%*

Формуласы мисал менен: Нан 2007 ж. 5 сом − нан 2006 ж. 2 сом/ 2006ж. 2 сом х 100% = 150%, демек нан бир жылдын ичинде 150 % баасы жогорулаган. Баалардын индекси деп товарлар менен кызмат көрсөтүүлөргө бааларынын деңгээлинини орточо өсүшүнүн орточо таразаланган көрсөткүчү аталат.

Бул көрсөткүч макроэкономикада маанилүү роль ойнойт, ал профсоюздар
уюмунун ишинде дагы маанилүү, анткени маянанын өлчөмү дагы ошого байланыштуу. Ал *турмуштун минималдык* деңгээлин же «жакырчылыктын чектерин» эсептөөдө пайдаланылат, б.а. ага өлкөдөгү турмуштун стандарттары байланыштуу. (5.Мейманов К.М. Теория рыночной экономики.ч.2.93.бет).

Кандай товарлар «себетке» киргизиле турганына өтө көп нерсе байланыштуу. Мисалы себетке аскердик кийим-кечелерди, кирза өтүктөрүн, автоматтарды, импорттук буюмдарды киргизсе, анда инфляциянын
эсептик деңгээли азыраак болот, анткени баалары өзгөрбөгөн бул буюмдардын көп саны инфляциянын чыныгы деңгээлин бурмалайт.

Биздин республика жаңыдан эгемендүүлүккө жеткенде инфляциянын деңгээли 1992-жылы 40-50% түзгөн. Сомду (улуттук валютаны) киргизгенден кийин 1993-жыдлын башында бул деңгээл 15-20% төмөндөгөн. Бирок 1993-жылдын сентябрынан баштап баалар 33,3 пайызга жетип, инфляция 755% жеткен. Анын негизинде бюджеттик

кызматкерлердин маянасын 75% көбөйтүүгө жана айыл-чарбадакыларга жеңилдетилген кредиттерди берүүгө туура келди.(1.Штейнбах А.А.Куда и как выгодно вложить деньги.1992 .стр3).

Эгерде инфляциянын типтерин карасак, анын **эки тиби** бар экен. Алар -
**ачык** жана **басылган** деп аталат.(2.Казакеев А.К. Көрсөтүлгөн адабият,131-бет).Эгерде экономиканын көнүмүш болгон кыйшайуусу суроо-талап жакка өйдөлөсө баанын тынымсыз жогорулашын чакырат, анда инфляция ачык делип
эсептелет. Суроо-талап жакка тең салмактуулук эместик баалардын үстүнөн жалпы мамлекеттик көзөмөлдөө менен коштолсо ал басылган инфляция болот.

***Ачык инфляцияны*** шарттап турган механизмдер иштейт. Алардын бири керектөөчүлөрдүн жана өндүрүүчүлөрдүн психологиясындагы деформация. Бул эмнеден күтүлөт? Керектөөчү дайыма көтөрүлүп жаткан бааларга дуушар боло берип, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр эч качан арзандабайт деген ойго көнүп калат, б.а. адаптивдик. Инфляциялык күтүүлөргө
керектөөчүнүн көнүп калганы маселенин барып турган жери, качан алар кымбаттап кетээрин алдын-ала билгендигинде. Мындай прогноз кирешесинин кайсы бөлүгүн күнүмдүк керектөөгө, ал эми кайсы бөлүгүн сактап калууну чечет.

Керектөөчү сактоого зыян келтирүү менен күнүмдүк суроо-талапты көбөйтөт. Баа жогорулаган сайын керектөөчүлөр суроо-талапты андан-ары, өстүрүп, сактык кассага акча сактоочулар кескин азайып, кредиттик ресурстардын
көлөмүнө, инвестициянын өсүшүнө, өндүрүшкө жана сунушка тоскоолдук кылат. Эгерде өндүрүүчүлөр жана сатуучулар баанын жогорулашын эсеп кылып алып сатууну басаңдата баштаса, кийинчерээк аларды кымбат сатууга
ишенич менен ката башташат, кырдаал начарлайт. Демек сунуш жай-баракат өсүп күндөлүк суроо-талап тездетилет, бааларды жогору тартып турган механизм түзүлөт.

Ачык инфляциянын башкы механизминин негизинде чыгым менен баанын
өз ара байланышы жатат. Мында «эмгек акы - баа» спиралы келип чыгат. Анын мааниси: эгерде баалардын жалпы жогорулашы жүрсө, анда реалдык кирешелердин төмөн түшүшү табийгий иш. Эмгекчилердин жыргалчылыгын өзгөртпөстөн сактап калыш үчүн акчалай кирешелердин көбөйүшү, номиналдык эмгек акынын өсүүсү талап кылынат.

Бирок ошол эле мезгилде бааны көтөрүү менен өндүрүштүн чыгымдары да
көбөйөт. Товарлардын кымбатташы эмгек акынын ставкаларын кезектеги кайра карап чыгууну талап кылат, б.а. инфляциялык спираль чыңалат жана ар бир бутагы менен аны токтотуу кыйын боло берет. «Эмгек акы - баа» спиралы пайда болбой койбойт. Бул кырдаалда көзөмөлдөн чыгып
кеткен чыгымдардын инфляциясынын ыкчамдыгына жол бербөө жана керектөөчүлөрдүн жоготууларын минимумга чейин алып баруу өтө маанилүү.

Мамлекет уюштуруп жаткан компенсация өндүрүштүн акчалай чыгымдарына жана бюджеттик чыгымдардын өлчөмүнө аз тийиши керек. Ал үчүн эң төмөнкү эмгек акы алгандардын арасында азык-түлүк талон түрүндө натуралдык компенсациянын формасы ылайыктуу. Мамлекеттик бюджеттен берилген акчалай төлөөлөр мамлекеттик ишканаларда иштегендерге пенсия, стипендия ж.у.с. алгандарга арналыш керек.

Кызмат менен толук камсыз болгон жана жумушсуздук жокко эсе кармалып турган кезде, экономика инфляцияга бөтөнчө жакын болот. Бул жерде суроо-талаптын кандай секирүүсү болбосун, баалардын узак убакыт бою өсүүсүнө карай кайрылат. Кызмат менен камсыз кылуу жасалма (искусственно) жолу жогору болгондо номиналдык эмгек акынын өсүүгө болгон тенденциясы пайда болот. Биздин экономикада көп жылдар бою табийгий эмес төмөнкү жумушсуздук кармалып турган. Буга көп сандаган рентабелдүү эмес ишканаларды жана ашыкча жумушчу орундарды, эмгекти көп талап кылуучу өндүрүштү сактап туруу менен жетишилген, ал болсо эмгектин өндүрүмдүүлүгүнө таасир этпей койгон жок. Ал эми качан эмгек акынын бир бөлүгү өз маанисинде иштеп табылбаса, ал инфляциялык суроо-талапка айланат жана бааларды жогорулатат. Мына ошентип, баалардын инфляциялык жогорулашы менен жана жумушсуздукту жасалма кыскартуунун ортосунда тескери көз карандылык жашайт. Бул көрсөткүчтөрдү байланыштырып турган сызык «Филлипстин ийри сызыгы» деп аталат.(Филипс А.Э. - макроэконмикалык теорияда олуттуу теорияларды иштеп чыккан англис экономисти) (1.Казакеев А.К. Көрсөтүлгөн адабият. 130-131 беттер).

Инфляциянын экинчи тиби **басылган инфляция** Ал милдеттүү түрдө рыноктук механизмдин деформацияланышына жол берүүчү бааларды административдик тейлөөнүн тигил же бул жолдору эсептелет. Эгерде баанын баарын камтып борбордоштурулган пландаштыруу колодонулса анда рыноктук система деги эле кыйрайт. Буга күбө мурдагы СССРдин жана Кыргызстандын экономикасынын тарыхы. Баанын негизделишинин административдик башкарылышы баардык элдерди басылган (подавленная) инфляция шартында жашоого мажбурлаган. Бул болсо айыкпаган оору болуп калган. Натыйжада эл чарбасынын официалдуу секторунда өнөкөткө айланган товардык тартыштык (дефицит) жана көмүскө экономиканын үстөмдүгү жүргөн. Көмүскө экономиканы укук коргоо органдары жана элдик көзөмөлдөө аркылуу жабабыз деген куру шылтоо болгон. Алар болгону кырдаалды убактылуу тең салмакта кармаганы менен инфляциянын механизмин сындырууга күчү келген эмес.

Басылган инфляция өндүрүштү кеңейтүүгө жана сунушка тоскоол болот. Финансылык, материалдык жана эмгек ресурстарын тармак боюнча бөлүштүрүү оптималдуу болбой калат. Ал эми керектөөчүлөргө болсо алмаштырууну аткарып жаткандардын акылына чокунуу гана калат. Эл аларды кандайдыр бир табияттан тышкары адамдардын керектиктеринини кыймыл аракетин жана эмнени канча өндүрүү, сатуу керек экендигин билет деп ишенишет. Бирок андай болгон жок, басылган инфляциянын

механизмдери
суроо-талапка жооп берүүчү товарлардын толук өндүрүлбөй калганын колдоп
турду. Ишканалар өндүрүштүн чыгымдарынын өскөнү менен бирге анын тынымсыз артка кетип жатканына күбө болуп турушту. Эмгектин өндүрүмдүүлүгү төмөндөп, элге керектүү товарлар жана тейлөөлөрдүн басылган инфляциянын күчү менен жетишсиздик мүнөзү өнөкөткө айланды.

Басылган инфляция шартында керектөөчүлөрдүн жүрүм- турумдары өзгөчөлүк (спецификалык) мүнөздү алышат. Күтүүлөрдүн жаңы тиби пайда болот, ал тартыштык.. Анын негизинде ***таңсык*** родукциялар келип чыгат. Ошого карабастан керектөөчүлөр тигил же бул товардын таңсык болуп
жатканына карабай, булар такыр эле чыкпай калбайт, сөзсүз болот деген ой-тилек менен суроо-талапты көбөйтүшөт. Таңсыктык канчалык күчтүү болсо суроо-талап ошончолук курч болот. Демек, тартыштык басылган инфляциянын
эң күчтүү механизми.

Инфляциялык күтүүлөрдүн өзгөчө бир түрү ***бан ктык карыздарды*** үзгүлтүксүз жокко чыгарып туруу болуп эсептелет (списание).
Кредит сурап кайрылуу менен карыздакор аларды эч качан кайтарып бербесин
күн мурунтадан билет. Мына ушул «кредит оюну» экономикага коркунуч алып келип турган. (1.Казакеев А.К.Көрсөтүлгөн адабият. 137 бет). Качан акчаларга ишенич бузулганда күтүүлөрдүн өзгөчө тиби пайда болот. Кирешелери барлар акчаларынан кутулууга аракеттенишет, алар материалдык баалулуктарга болгон суроо-талабын күчөтүшөт, «*акчадан качуу*»
келип чыгат. Адамдар туш келгендин баарын көп санда керек же керек эместигине карабай сатып ала беришет, запаска жыйнашат, анткени кийин кымбат сатууну ойлошот. Өз кезегинде ушундай учурда мамлекет акча системасын жөнгө салууга далалат кылат. Бирок, мамлекет спонтандуу аракеттенсе, ого бетер начар болуп калат. Мисалы: банктык салымдарды анча-
мынча өстүрбөй кармап турса, оборотто бар болгонун чектесе, керектөөчүлөрдүн акча системасынын ишенимдүү экендигине дагы бир жолу көбүрөөк шектенишине алып келмек жана күндөлүк суроо-талапты көбөйтүп жиберишмек.

Ошентип, дүйнөлүк практикада инфляциянын эки негизги тиби белгилүү
Азыркы кезде басылган инфляция рыноктук өлкөлөрдө жок болгон. Анда эмесе инфляциянын түрлөрүнө көңүл буралы. ***Инфляциянын биринчи түрү***:

1.***Жай-баракат*** инфляция- баалар жылына 10%тен аз өсөт, акчанын наркы сакталат, номиналдык бааларда контракттарга кол коюнун тобокели болбойт.

2.***Таскактуу*** инфляция - баалардын жылына 20-200%ке өсүшү, контракттар баалардын өсүшүнө байланыштырылат, акчалар ыкчамдык

менен товарга айландырылып, «акчадан качуу», «акчадан кутулуу» келип чыгат.

3. ***Гиперинфляция*** -баалар укмуштуудай бат өсөт, алардын эмгек акыдан жогору турушу келип чыгат, коомдун, ал түгүл көбүрөөк камсыз кылынган катмарларынын жыргалчылыгы кыйрайт. Мисалы: Аргентинада 1990
жылы апрелде баалардын 200 эсе өскөндүгү катталган (инфляциянын өсүү темпи - 20 миң%), ал эми кыргыз сомунун кириши 200:1 сом менен реформаланды, баалар мурдагыдан 200 эсеге өстү, базардагы бир шыпыргы 10 рубль турган болсо, эми ал сом менен 15 ке жетти, демек 15.200=3000 эски рубль болду

Өлкөнүн көпчүлүгү жай-баракат инфляцияга умтулушат, бирок бул аркылуу таскактууга өтүп, акыры гиперинфляцияга туш келбей коюга болбойт.
Инфляциянын жогорку үч түрүн бөөдө кырсыктын кесепетине салыштырууга
болот: айыл-чарбасында жазгы үшүктүн жүрүшүнүн тоскоолдугу бул бир кырсык. Мөндүр түшүмдүн бир бөлүгүн талкалап кетсе -- бул экинчи кырсык.
Өстүрүлгөн бүткүл түшүмдү чегиртке жеп кетсе, же суу ташкындары жууп кетсе, булдагы чоң кырсык. Инфляция экөөнүн тең элдин жашоосуна алып келген кыянаттыгы бирдей.

Биздин республикада инфляциянын түрүн, тибин айтуу кыйын, анткени статистикалык маалыматтар жетишсиз, жасалма жана эсептөө методикасы ар түрдүү. Биз жогорудагы анализдеген инфляциянын түрлөрү баалардын өсүшүнүн *биринчи критерийине* кирет. Инфляциянын экинчи түрү баалардын өсүшүнүн салыштырмалуулугун *экинчи критерийин* түзөт.
Бул боюнча инфляциянын түрлөрү - ар түрдүү товардык топтор боюнча, б.а. баалардын өсүшүнүн балансташуусунун даражасы боюнча баалардын өсүшүнүн
салыштырмалуулугу: 1) балансташкан инфляция, 2) балансташпаган инфляция.

*Балансташкан* инфляциянын убагында ар түрдүү товарлардын баалары бири бирине салыштырганда өзгөрүлбөйт, ал эми балансташпаган инфляциянын убагында - ар түрдүү товарлардын баалары бири-бирине карата
туруктуу, анын үстүнө ар түрдүү пропорцияда өзгөрүп турат.

*Үчүнчү критерийге* инфляциянын күтүлүшү кирет: ал 1) күтүлгөн инфляция, 2) күтүлбөгөн инфляция болуп бөлүнөт.

*Күтүлгөн* инфляция катары ал мурдатан алдын-ала айтууга жана божомолдоого боло тургандыгы түшүнүлөт, *күтүлбөгөн* инфляция тескерисинче болот. Күтүлүү, алдын-ала айтуу фактору инфляциянын кесепеттерин бизге жаңыча чагылдырып берет. Атап айтканда, эгер бардык фирмалар жана калк кийинки жалпы баалар, айталы 100 эсе өсө тургандыгын билишсе, анда идеалдуу эркин рыноктун шарттарында алардын бары кийинки жылы өзүнүн товарына (станокторго,жабдууларга, күйүүчү , майлоочу майларга, кызмат көрсөтүүлөргө ж.у.с.) бааны 100 эсе жогорулатышат. Күтүлгөн инфляция

республикада 2007 жылга газга, энергияга, андан алынган продукцияга 40-50
пайыз минимум баанын өсүшүн күтүп олтурат. Ошентип, ал күтүлгөн инфляция болсо, ал түгүл гиперинфляция болсо эч ким андан жапа тартпайт. Ал эми баалардын өсүшүн, ал түгүл 10 пайызга болбой тургандыгын алдын-ала айтууга болбосо (жай-баракат инфляция), экономикалык жагдайдын олуттуу начарлашы келип чыгат.

Балансташкан жана күтүлгөн инфляциянын комбинациясы экономикалык
зыян алып келбейт, ал эми балансташпаган жана күтүлбөгөн инфляция өзгөчө коркунучтуу, анткени өндүрүштүн натыйжалуулугу төмөндөйт, кирешелер менен байлыктардын кайра бөлүштүрүлүшүнө орун берилет.

Ошентип биз инфляциянын негизги түрлөрүн көрсөттүк. Эми инфляция
боюнча түшүнүк алгандан кийин анын чыгыш себептерин, механизмдерин жана булактарын карап чыгабыз.

### Экинчи суроо: Инфляциянын чыгыш себептери, механизмдери жана булактары

Инфляциянын чыгышынын негизги себептери эмнеде? Эң биринчи себеби болуп чарбалык структуранын бузулушу, башкача айтканда, өз ара байланыштагы процесстердин пропорциялык дал келбегени Мисалы: калктын төлөм жөндөдүүлүгү менен эл керектөөчү товарлардын дал келбегени; эл кректебеген товарларды чыгаруу; мамлекеттин кирешеси менен расходдорунун дал келбегендиги ж.у.с. (1. Камаев В.Д. Основы экономической теории. 189-190 стр.) Инфляциянын конкреттүү себептери ички жана тышкы факторлор болуп
экиге бөлүнөт: ***ички факторлор***:

- ыгы жок эмиссия (акчаны ыгы жок чыгаруу) улуттук экономиканын керетөөсүнөн алда канча көптүк кылуучу сандагы акчалар;
- капиталдык курулуштардын өтө чоң масштабы (жаңыны куруу, эскини жаңылантуу), Анын негизинде акча жана материалдык ресурстар узак мөөнөткө колдонууга жумшалып, учурдагы керектөөлөрдү кыскартат;
- согуштук ири расходдор коомдун байлыгын туура эмес багытта пайдаланып мамлекет элге кереттүү товарларды, өндүрүш каражатарын чыгаруусун азайтат;
- мамлекеттин финансылык кризиске батышы, бюджеттин кирешесинин тартыштыгы, мамлекеттин ири ички карызы, элден жана ишканалардан карыз (заем) алышы;
- кредиттик экспансия - банктардын чарбалардын керектөөсүнөн ашык кредиттерди бериши;
- баалардын себепсиз өсүшү (монополоялар өзү билип өстүрө беришет) жана маянанын өсүшү (көбүнчө иш таштоого алып келет).

Кийинки мезгилде чарбанын интернационалдануушусу, акчанын дүйөлүк акчага айырбашталышы тышкы себептерди жаратты:

***Тышкы себептер***:

- дүйнөлүк рыноктогу баанын өсүшү, анткени импорттук жана экспорттук товарлар ар бир өлкөдө боло баштады;
- тышкы карыздын көбөйүшү, Батыш Европага карыз өлкөлөрдө инфляция күчөдү;
- дүйнөлүк структуралык кризистер ресурстардын азайышына байланыштуу. Мисалы: нефтинин баасынын өсүшү.
- мамлекеттер ортосундагы согуштар жашоонун кымбатташына алып келди.

Индустриалдуу өлкөлөрдө 20-кылымдан баштап рыноктук механизмдин өнүгүшү менен инфляция дагы өнүгө баштады (инфляция(лат.- ашып- ташуу, вздутие). Кагаз акчалардын реалдуу керектигинен ашыкча алмашуу процессинде болушу жана анын наркынын төмөндөшү болду. Акча бирдигинин биметаллизм же монометаллизмдик системада жүгүртүүлүсү коомго керектүү суммадагы акчанын санын камсыздаган жана акчанын наркы накта товардык акчанын наркы менен өлчөнгөн.Алмашуу процессинде ашык акча болгон эмес.

Монополияга чейинки мезгилде пайда табуунун жолун эркин атаандаштык аркылуу ишке ашырышкан. Акчанын жүгүрүшүнүн жана баанын түзүлүшүнүн салыштырмалуу туруктуулугун монетанын алтын стандарты түзүп турган. Банкнотторду (кагаз акчаларды) алтын акчага эркин алмаштыруу мүмкүнчүлүгү акчанын наркын төмөндөтпөй кармап турган. Андан тышкары алмашуу процессине банктар өзүлөрүндө болгон алтындын запасына туура келүүчү суммадагы банкнотторду гана чыгарышкан. Монополиянын келип чыгышы баалардын багытын кескин өзгөрттү. Акчанын жүгүрүшүндө майдаланылбаган кагаз акчалар алтынды сүрүп чыгарды, ал эми акча-кредиттик система акчанын ашыкча болушуна шарт түздү. Анын негизинде мамлекеттин карызы жана чыгымдоосу өсүп, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын алып келди.

Экономиканын орчундуу тармактарында олигополиялык структура үстөмдүк кылып, ири ишкерлер баа саясатына буйрук берүү мүмкүнчүлүгүн алышты. Демек, майда ишканалар эмес, тескерисинче ири өндүрштүк ишкананын бааларынын негизинде рыноктун баасы келип чыкты.

Ошентип 20-кылымдын башында жаңы тенденция, баанын өсүшү байкалды. Экономикалык цикл башталганда эң жогорку баалар кайтадан өтө төмөнкү деңгээлге түшүп турду. Дүйнөлүк экинчи согуштун мезгилинде бардык өлкөлөрдө согуштун кесепетинен жана өндүргүч күчтөрдүн кыйрашынын себебинен баалар көтөрүлдү жана инфляция болуп көрбөгөндөй күч алды.

Дүйнөлүк экономикалык адабиятта инфляциянын төмөндөгүдөй үч башкы себеби ачык бөлүнүп калды. (1. Основы экономической теории. Под ред Камаева В.Д. стр 89).

- Мамлекеттик монополия (кагаз акчалардын эмиссиясына, тышкы

соодага, өндүрүштүк эмес, баарыдан мурда аскердик жана азыркы убактагы мамлекеттин милдеттерине байланыштуу башка чыгымдардын өсүшүнө).

- Эмгек акынын тигил же бул деңгээлинини өлчөмүн жана узактыгын көрсөткөн профсоюздук монополия ( ишкана ээлери
менен 3-5 жылга коллективдүү келишимдер).
- Бааларды жана өздөрүнүн чыгымдарын аныктоого эң ири фирмалардын монополиясы.

Мына ушул үч себептин баары өз ара байланыштуу жана ар бири өзүнчө суроо-талаптын, же сунуштун өсүшүнө, же төмөндөшүнө алып келе алат.

Алардын балансын өзүнчө бузуп, тең салмактуулук точкасын баалардын огу боюнча жогору карай жылдыра алат. Акыркысы баалардын өсүшүнө, б.а. инфляцияга окшош. Жогоруда белгиленгендин баары инфляциянын *эки негизги булагын* азыктандыра ала тургандыгын өзгөчө белгилей кетели (инфляциянын булагы - инфляциялык жагдайды түздөн- түз курчуткан экономикалык титирөөлөрдүн жыйындысы). Булактарды билүү инфляцияга каршы күрөшүүнүн так чараларын иштеп чыгуу үчүн маанилүү.

Эгер инфляция болбой турган болсо, анда эң акыркы зыян алып келе
турган анын инерциялык өсүшү, б.а. белгиленген же туруктуу өсүшү болоор эле. Анда аны божомолдоого болот. Бул өсүш күтүлөт жана мамлекеттик экономикалык саясаттын негизинде, ошондой эле микроэкономикалык саясаттын деңгээлинде эске алынат. Формалдуу жана формалдуу эмес экономикалык келишимдерде алдын ала айтыла турган жана эске алына турган инфляциянын өсүшүнүн темпи и**нерттик** же **күтүлгөн** темп деп аталат. Бул сыяктуу инфляция эч кимге зыян келтирбестен узакка созулушу мүмкүн. Инфляциялык кырдаал жогоруда айтылган экономикалык титирөөлөрдүн же инфляциянын булактарынын эки түрүнүн таасири астында начарлайт. Ошентип, инфляциянын *альтернативдик* булактарын белгилейли:

- *Биринчи-* учурда суроо-талап менен сунуштун тең
салмактуулугу суроо-талап тарабынан бузулат. Бул суроо-талаптын инфляциясы деп аталат.

- *Экинчи-* өндүрүштүн чыгымдары өскөндө, б.а. сунуштун баасы
жогорулаганда, сунуштун инфляциясы келип чыкканда түзүлөт.

***Суроо-талаптын инфляциясы-*** мунун натыйжасында товарлардын
санына караганда акчалардын ашык болушу келип чыгат, баалар өсөт. Мындай учурда иш менен камсыз кылуу толук болгону зарыл. Анткени жогорку баага түрткү болгон өндүрүштүк кубаттулуктар менен камсыздоо керек. (1. К. Мейманов. Көрсөтүлгөн адабият. 1-бөлүк.99-бет). Суроо-талаптын
өсүшү мамлекеттин атынан дагы (аскердик жана социалдык заказдар), профсоюздардын атынан дагы (эмгек акынын өлчөмдөрү жөнүндө коллективдүү эмгек келишимдеринин ыңгайлуу жыйынтыктары болгондо эмгекчилердин сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүнүн натыйжасында), ошондой эле акыр аягында капиталдын өзүнүн атынан дагы (экономикалык

жогорулаштын шарттарында өндүрүштүн каражаттарына жогорулатылган суроо-талап) мүмкүн экендиги толук түшүнүктүү.

Ошентип суроо-талаптын инфляциясынын маңызы төмөндөгүдөй -- бул,
иш менен толук камсыз кылууда чыгарылган товарлардын чектелүү сунушка туш келген акча чыгымдарынын ашыктыгы. Тилекке каршы 20-кылымдын экинчи жарымынын экономикасы суроо-талаптын эле инфляциясы менен чектелген эмес. Азыркы экономика үчүн суроо-талаптын инфляциясы өзүнчө эле классика. Азыр бир дагы өлкө белгилүү мезгилге чейин биринчиден, толук иш менен камсыз кылууга да, экинчиден,эркин рынокко да, үчүнчүдөн, туруктуу бааларга да ээ болбойт. Баалар дайыма, ал түгүл төмөндөө мезгилинде да өсө берет, б.а. ал түгүл кубаттуулуктар иш менен камсыз болгондо да өсө берет. Бул кубулуш с***тагфляция.*** Монополизм өзүнүн белгиленген үч формасында (мамлекет, профсоюз, фирмалардын өздөрү) эми эске албай кое албайт. Ал:

***Сунуштун инфляциясы:***(2.Мейманов К.М. Көрсөтүлгөн адабият.101- бет)- бул өндүрүштүк ресурстарды толук эмес пайдалануунун шарттарында өндүрүштүн чыгымдарынын көбөйүшүнөн келип чыккан баалардын өсүшү дегендик болот. Чыгымдардын өсүшүнүн адаттагы себептерден тышкаркы булактары катары ошол эле үч монополия кызмат кылышат.

Мамлекет чыгымдардын өсүшүнө кандай көмөк көрсөтө алат? Рыноктук экономикада кыйыр түрдө да, түздөн түз да көмөк көрсөтөт М: мамлекет сапаттуу аткарылган мамлекеттик заказ үчүн жекече фирмаларга монополдуу жогорулатылган баалар боюнча төлөй алат. Анын негизинде фирмалар тутумдаш тармактардын ээлик кылуучуларынан салыштырмалуу бир
кыйла кымбат сырьену жана жарым фабрикаттарды сатып алуу, өздөрүнүн жумушчулары менен адистерине, ошондой эле тутумдаш (биргелешкен) тармактарда иштегендерге салыштырмалуу көбүрөөк төлөө мүмкүнчүлүгүн алышат.

Мындан тышкары мамлекет кагаз акчаларынын эмиссиясы аркылуу инфляцияны күчөтөт. Маселен, чукул кырдаалдарда мамлекет акчаны пландаштырганга караганда эки эсе көп басып чыгарууга аргасыз болот, демек акча жүгүртүүчү каналдарда ашык акча толуп кетет.

Мамлекет финансы-кредиттик мехнизм аркылуу да инфляцияга көмөк
көрсөтөт. Ал проценттин ставкасын жогорулатып кредиттин кымбат болушуна
алып келет. Ишканалар банкрот болуудан коркуп мурдагыдай эле кредит ала
беришет, бирок элдин эсебинен кредитти жабыш үчүн ишканалар товарларынын баасын жогорулатышат.

***Экинчи монополия*** - профсоюздардын монополиясы. Ал чыгымдардын өсүшүнө кандай таасирин тийгизет? Эмгек акы чыгымдын бир бөлүгү, демек профсоюздардын эмгек акынын жогорулатууга койгон талабы суроо-талаптын эле инфляциясынын эмес, сунуш инфляциясынын дагы негизги
башкы булагы болуп калат. Муну «инфляциялык түрмөк» деп аташат.

Эмгек
акы жогорулаганда чыгым көбөйөт, товарлардын баасы өсөт, ушул учурда профсоюздар товарлар кымбаттаганга байланыштуу эмгек акыны жогорулатууну талап кылышат.Бирок ээлик кылуучулар товарлардын баасын
көтөрүшөт, ошентип баалар тынымсыз өсө берет. Бул жерде түрмөктүн баштапкы себептери профсоюздар эмес ээлик кылуучулар экендигин эске алыш керек. Анткени профсоюздардын инфляцияны басаңдатууга, ал түгүл токтотууга мүмкүндүгү бар болот. Анын себеби жумушчулар менен ээлик кылуучулар эмгек контракттарын узак мөөнөткө (үч жылга) түзгөндө, ал учурда эмгек акы жогорулап же төмөндөп кайра каралып чыгышы мүмкүн эмес. Маяна туруктуу болушу керек, демек ал учурда товарлардын баасы да туруктуу болушу керек. Эмгек акыны жогорулатууну профсоюздар кучагына албаган жумушчулар экономикалык жогорулоо учурунда көбүрөөк талап кылышат.

Чыгымдардын өсүшүнүн, демек сунуштук инфляциянын өсүшүнүн үчүнчү
себеби ***баа коюудагы*** фирмалардын монополиясы. Экономика илиминде, Маркстын окуусунда ушул монополия инфляциянын негизги себеби деп эсептелет М: 70- жылдардагы нефтинин баасынын өсүшү Чыгыштагы саясий кризиске байланыштуу деген туура эмес. Анын бир себеби АКШнын нефть монополияларынын ашыкча пайда табууга кылган аракетинен келип чыккан. Нефтинин бир кыйла запасы болгонуна карабай бул монополиялар кызыл кулактык кылып, анын баасын көтөрүшкөн. Натыйжада нефть колдолунган технологиядан алынган продукциялардын баасынын өсүшүн камсыз кылган. Инфляция 4 %, 12% жогорулаган.

Инфляциянын башкы үч себеби боюнча жыйынтык чыгарганда ушул үч монополияны чогуу, же ар бири чыгымдын жана товарлардын баасынын өсүшүнө күнөөлүү деп кароого болбойт. Инфляция болгондон кийин ал турмуштан жок болуп кетпейт, ал өнүгөт, жашайт. Ошондуктан бул күнөөлүлөрдү жөнгө салганга мамлекеттик саясат керек. Эмики суроо ошол тууралуу болмокчу.

### ***Үчүнчү суроо*: Мамлекеттин инфляцияга каршы саясаттары жана ишке ашыруу усулдары**

Инфляцияны жоюу реалдуу түрдө мүмкүн эмес.Эгерде ага каршы жүргүзүлгөн саясат болсо инфляциянын үстүнөн ишенимдүү көзөмөлдөө жүргүзүүгө болот, баалардын мелүүн темпин кармап турууга багытташ керек,
Узак мөөнөттүк мүнөздөгү максаттардын жана усулдардын бири - инфляцияга
каршы **стратегия,** ал эми кыска мезгилге эсептелген инфляцияга каршы **тактика** жашайт. (1.Основы рыночной экономики. Под ред В.Д.Камаева. 192
стр).

Стратегиянын маанилүү милдеттеринин бири бул инфляциялык күтүүлөрдү өчүрүү. Адамзаттын психологиясын кандайча өзгөртүү керек, аманаттарды баасыз болуп кетишинен коркуудан аларды канткенде кутултуу керек?- деген суроо келип чыгат. Ал үчүн белгилүү шарт керек: ***Биринчиси-*** товарлардын санын көбөйтүп сапаттуу болушу үчүн

баасынын өсүшүн же төмөндөшүн басаңдатуучу рыноктук системанын механизмдерин чындоо керек .Ошондо гана адамдардын психологиясын өзгөртүүгө болот. ***Экинчи*** шарт көпчүлүк граждандардын ишенимине ээ болгон өкмөттүн жашашы. Ал инфляция жөнүндө ишенимдүү кабарларды берип турат жана элге берген убадасын абийирдүүлүк менен аткарат. Инфляциянын учурунда ишенимден кеткен өкмөттү эл кечирбейт, күчтүү өкмөт эле инфляцияга каршы тура алат. Ошондой эле узак мөөнөттүк акча саясаты саясаттын бир компоненти болот. Анын өзгөчөлүгү- акча массасынын өсүшүн чектөө. Ал
үчүн Борбордук Банктын инструменттерин, алып айтсак кредиттик банктын ставкасын жана резервдердин милдеттүү нормасын колдонуу керек. Ошондой
эле Борбордук Банк баалуу кагаздар рыногунан аларды сатып алып, кайра сатып турушу керек. Ушул үчөөнүн биринчи жана экинчи инструменттери инфляцияга таасирин кыйыр тийгизсе, үчүнчүсү акчанын айлануу процессине түздөн-түз таасирин тийгизет.

Инфляцияга каршы стратегиянын бири- мамлекеттин кирешелерин көбөйтүү же расходдорун кыскартуу менен **бюджеттик тартыштыкты** жоюшу болот. Кеткен чыгымдарды кыскартыш албетте жакшы көрүнүш. Ал үчүн мамлекетти жеке менчиктерге бере турган ишканаларды, ар түрдүү программаларды финансылоодон четтетиш керек. Инфляция саясаты түрткүчтөрдүн күчүн азайтышы дурус, артыкча алып-сатардык капиталдын чеги аркылуу жайгаштырууларды.

Валюталардын курсунун ***жогорулашы*** дагы инфляцияга каршы саясат болот, анткени анын негизинде тыштан келген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларын төмөндөтөт жана экономикадагы баалардын
деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет.

Эгерде кырдаал ***чукул*** инфляциялуу болсо, анда инфляцияга каршы тактика колдолунат., ал инфляцияны басаңдатат жана чукул чараларга өтөт, бирок стратегияны алмаштырбайт. Мындай максималдуу жыйынтык суроо-талапты көбөйтпөй туруп, сунушту көтөргөндө же суроо-талаптын сунуштун төмөн түшүшүн күтүүсүз төмөндөшүндө, акыл-эстүү уюштурулган менчиктештирүүдө, керектөөчү товарларды топтоштуруп импорттоодо жетишилет. Мамлекеттин акчаны реформалоо тактикасы инфляцияны кыска мөөнөткө басаңдатат, бирок анын тамырына тийбейт. Жалпы экономикалык саясаттын көз карашы менен алганда негизги маселе мындай:

1 .Радикалдуу чаралар аркылуу инфляцияны жоюу же ага каршы көнүгүшүү. Муну менен ар кайсы өлкө ар кандай күрөшөт. М: АКШ, Великобритания инфляцияга каршы активдүү күрөшөт, башка өлкөлөр инфляцияга көнүгүшүнүн чараларынын комплексин (кирешелерди индексациялоо,баалардын өсүшүн контролдоо д.у.с.) иштеп чыгышат. Бул саясат ишкердиктин төмөндөшүнө жана жумушсуздуктун күчөшүнө каршы инфляцияны жоюнун активдүү стратегиясы. Белгиленген чаралардын көп варианттары бар.

Көп өлкөлөрдө *көнүгүүшү* саясаты колдолунат. Жекече деңгээлдеги кирешени индексациялоо коллектив менен ээлик кылуучунун ортосундагы келишим аркылуу ишке ашат. Эмгек акы инфляцияга карата өсүшү керек. Баалар кескин жогорулаганда индексация тез-тез каралып турат. Тарыхта инфляцияга каршы күрөшүүнүн көптөгөн варианттары бар. 60-70

жылдардагы Англиядагы «токто - алга» саясаты  натыйжа берген эмес. Антвени баанын өсүшү токтогондо эмгектин өндүрүмдүүлүгү төмөндөп элдин турмушу жакырданган. Ал эми Скандинавия, Нидерландия өлкөлөрүндө баалар менен эмгек акынын катнашын көзөмөздөө дагы натыйжа берген жок.

Өтө радикалдуу жана кеңири белгилүү саясат монополияга каршы саясат менен рыноктук күчтөргө мамлекет кийлигишүүсүн азайтканы дурус. Бул А. Смиттин «көрүнгүс колуна»  кайтып келүү . Бирок булардын бири да абсолюттук боло алышпайт.Анткени бааны контролдоо, компенсациалоо жана жумушсуздукту жөнгө салуу белгилүү каражатты талап кылат, аны баягы эле  салыктан, мамлекеттик бюджеттен алууга туура келет. Инфляциянын күчөшү экономикалык кыйынчылыктарды жаратат.

2. Инфляцияга каршы күрөшүүнүн экинчи принциби – **экономикалык төмөндөө**. Ал жумушсуздук аркылуу төмөндөтүү, анын себеби жумушсуздуктун өсүшү өз ара пропорциялуу. Эгерде мурда инфляцияга каршы күрөшүү филипстин ийри сызыгына таянса азыр  азыр «жумушсуздуктун табигый деңгээлине» таянат.

Батыш өлкөлөрүндө инфляцияга каршы туруктуу ой пикир калыптанган эмес.Монетардык мүнөздөгү программада  рыноктун механизмдерине кеңири орун берип мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүн төмөндөтөт. Буга МВФ (Дүйнөлүк Валюталык Фонддун) программасы туура келет. Россия ушуну колдонот. Ал болсо ишканаларга либералдуулукту, эркин бааны, маянанын чектелген өсүшүн жана улуттук валютанын мелүүн курсун сунуштайт. Ал эми  инфляцияга Кейнсттик көз караштагылар структуралык инфляция жана сунуштук экономика теориясын негиздешет. Булар инфляцияны жөнгө салууда мамлекеттин ролун жогорулатып, бааларды жана маянаны убактылуу бир калыпта кармап турууну, ишкердикти салыктан стимулдаштырууну, калктын аманатына көзөмөлдүк кылуу жана жашоодогу эң маанилүү өндүрүштүк тармактарды колдоону талап кылышат.

Өнүккөн өлкөлөрдө ушул эки көз караштан бириктирилген программалар иштейт. Мисалы: Рейнагдын учурунда  АКШ да инфляцияга каршы саясат социалдык программаларды жана мамлекеттин чарбалык расходдорун кыскарткан, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын  жоюп катуу чектелген акча-кредиттик системаны колдонгон. Максаты эң жогорку темптеги инфляцияны жана жумушсуздукту басаңдатуу болгон. Натыйжасы – инфляция 4-6 пайызга төмөндөгөн жана илимий-техникалык прогресс өнүгүп эмгектин өндүрүмдүүлүгү өскөн.Бул саясат экономикада «рейгономания» деп аталат.

Ал эми ошол эле учурда Англияда Тетчердин учурунда инфляцияга каршы күрөшүүдө акыл-эстүү приватташтыруу жумушчуларды бекер жана өтө арзан баада үй-жай менен камсыз кылып приватташтырууну ишке ашырышы инфляцияны тез арада жөнгө салууга алып келди жана ал аракет экономикада «тетчеризм» деп аталды.

Демек инфляция – бул экономиканын илдети, оорусу. Андан такыр кутулууга мүмкүн эмес, ага каршы туура жүргүзүлгөн саясат аны басаңдатат, бирок жок кыла албайт. Ал эми бир деңгээлден экинчи деңгээлге өтүүдө инфляция обьективдүү түрдө пайда болуп жашай берет. Бул экономикадагы кадимки эле  экономикалыык категория.анда инфляциянын социалдык- экономикалык таасирин карап көрөлү.

***Төртүнчү суроо*: Инфляциянын социалдык-экономикалык кесепеттери**.

Азыркы кездеги инфляция көп өзгөчөлүктөргө ээ:

1.Бир кезде инфляция бир же бир нече өлкөнү кучагына алса, азыр баанын өсүшү локалдык эмес бүткүл дүйнөлүк мүнөздө.

2.Ар бир өлкөдөгү өнүгүү темпи ар төрдүү. Бир жерде ар түрдүү инфляция
болуп жатса, бир жердегинин деңгээли таскактуу, анткени ал мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүнө жараша.

3.Азыркы инфляция тез-тезден, туруктуу абалда болуп жатат. Баалар бардык тармактарда бир эле убакытта өсүп жатат.

4. Инфляциянын мүнөзү дагы өзгөрдү. Көбүнчө таскактуу түрү жайылууда. 1998-90 жылдарда Латын Америкасында деңгээли 1200 пайызга жетсе, Никарагуада, Перуда, Аргентинада, Бразилияда 5000-8000 пайызга жеткен.(1 под ред. В.Д.Камаева. Основы экономической теории. 189-190 стр).

Өнүккөн өлкөлөрдө ушул эле мезгилде инфляциянын темпи төмөндөгөн.
Анын себептери: 1) кризистен чыккан өлкөлөрдө экономика өтө жай калыбына келип, массалык жумушсуздук суроо-талапты төмөндөттү, ошонун негизинде баа
өскөн жок; 2) эмгектин өндүрүмдүүлүгү өстү жана чыгымдар азайды; 3) көп өлкөлөрдө бюджеттик тартыштык төмөндөдү, анткени 80-чи жылдарда энергия булактарынын баасы арзандады.

Бирок жыл сайын инфляциянын темпинин өсүшү АКШ да 1980 ж.- 3,4%
болсо, ал эми 1990 ж. - 7,3% болгон. Анда инфляциянын кесепеттери кайсылар:

инфляция экономикалык коркунуч эмес. Анын болушу, жашашы экономиканын кризиске туш келип, андан чыккандан баштап экономикалык өсүшкө алып келет. Ал мамлекеттин колундагы элдин жыргалчылыгына жана экономикалык өнүгүүсүнө колдолунуучу инструмент;

инфляция баанын өсүшүнө жана пайданын нормасынын көбөйүшүнө түрткү берет да, адегенде коньюнктураны жандандырып кыймылдаткыч күчкө айланат. Бирок инфляциянын өмүрү узара баштагандан ал өлкөдөгү социалдык-экономикалык ал-ахвалды начарлатып, экономиканын тормозуна айланат;

3) өнүккөн рыноктуу өлкөлөр үчүн жай-баракат (жылып жрүүчү - ползучая) инфляция экономиканын өсүшүнүн нормалдуу фактору катары
эсептелет. Ал эми таскактуу жана гиперинфляция негативдүү көрүнүш, анткени анын артында зор социалдык-экономикалык чыгымдар жатат.

Инфляция өлкөнүн экономикасына ар түрдүү таасир көрсөтөт:

1) ал капиталды өндүрүштөн алмашуу процессине которуп жиберет, анткени өндүрбөй туруп эле зор киреше алса болот;
2) акчанын айлануу законунун бузулушунун негизинде өлкөнүн товар жүгүртүүсүн бузуп салат;

3) керектөөнүн талабын деформациялайт, эл «акчадан качат», «акчадан кутулууга шашат», болгон акчасына керекпи, керек эмеспи самын, туз, ширенке, ж.б. өлчөмсүз алат, анткени кийин кымбатка сатуу тилеги бар, демек суроо-талаптын структуралык дал келиши бузулат;
4) алып сатарлык сооданы күчөтөт;
5) кредитке жана бүтүндөй кредиттик системага тескери таасирин тийгизет;
6) акча системасынын дээрлик бузулушуна алып келет. Мисалы: Кыргыз Республикасындагы 200:1 болгон кайышындагы реформа, Россия (СССР учурунда) 100, 50 сомдук банкнотторду реформалоону эстеп коюнуздар. Акчанын наркынын кетиши элди автоматтык түрдө бартердик (алгачкы коомдун) алмашуусуна алып келет.

Демек инфляция өндүрүү жана алмашуу процессетериндеги өтө зор кыйролор. Ошону мене бирге инфляция ички экономикалык эле эмес дүйнөлөүк валюталык мамилеге салакасын тийгизет, анткени:

*БИРИНЧИДЕН*: баанын өсүшү өлкөнүн ичиндеги улуттук валютанын кадыр-баркынын кетишин билдирет, анын сатып алуу жөндөмдүлүгүүнүн төмөндөшүн айгинелеп турат.

Мисалы: АКШда 1 долларга = 1 сигарета же,
1 стакан пепси же,
1 стакан кофе алынса, анда Кыргызстанда
1 долларга = 40 сом = 0,5 кг.печенье, эгерде ал 80 сом болсо…

Демек валютанын наркынын төмөндөшү валюталык демпингди түзөт, дүйнөлүк баадан экспорттук товарларга арзандатылган бааны киргизгенде келип чыгат;

*ЭКИНЧИДЕН:* инфляция дүйнөлүк баанын денгээлин жогорулатат. Инфляциянын таасири менен баалар өлкөнүн ичиндеги денгээлден эле эмес, дуйнөлүк денгээлде да жогорулайт. Аны МВФ нефтинин экспорттук баасынын өсүшүнө байланыштырат;

*ҮЧҮНЧҮДӨН:* баанын өсүшү экспорттук продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт. Өлкөнүн улуттук өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө шек келтирүү менен, инфляция тышкы соодадагы тартыштыкты күчөтөт, төлөө баланстарынын тең салмактуулугуна кыянаттык алып келет;

*ТӨРТҮНЧҮДӨН:* валютанын сатып алуу мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшүнүн бирдей эместиги валютанын курсунун эквиваленттсиздигин айгинелейт, официалдуу жана рыноктук курстарынын дал келбегендигин көрсөтөт, бул көрүнүш валюта курсунун туруктуулугуна шек келитрет жана валюта курсун кайра карап чыгууну талап кылат. Бирок ушундай өзгөрүүлөрдүн негизинде (девальвация же ревальвация) валюта курсунун туруксуздугун жоймок түгүл, тескерисинче, жаңы, болуп көрбөгөн карама каршылыктар келип чыгат. Инфляция айрым өлкөлөрдүн ичндеги эле зор маселе болбостон ал негизги кыйраткыч күч болуп калды, болгондо да эл аралык мамилелерде.

Демек, инфляция – бул акча системасынын «оорусу», аны менен бирге экономиканын дагы илдети, ал толуп жаткан жамандыкты алып келет. Ал чарбалар аралык байланышты үзүп, материалдык каражаттардын жана алдыңкы мыкты жумушчу күчтөрдүн, кирешелүү өндүрүштүн башка тарапка ооп кетишине алып келип спекулянттыкты күчөтөт. Калктын көпчүлүгүнүн турмуш тиричилигинин төмөндөшүнө, социалдык ал-ахвалдын начарлашына себепкер болот. Эң негизги инфляцияны токтотууга кылган

аракеттердин бири, биз жогоруу жакта белгилегендердин ичинен, акча реформасы болот. Акчанын айлануу законун билип, жакшы реформа жүргүзүш үчүн рыноктук чарбанын мыйзамдарын жакшы өздөштүрүш керек.

## ТЕМАГА ТИЕШЕЛҮҮ ТЕРМИНДЕР

1. **Антиинфляциялык багыттоо**- бааны жана кирешелерди багыттоо, бюджеттик тартыштыкты кыскартуу жолу менен инфляцияга каршы саясат жүргүзүү;

**2. Акчанын нуллификацияланышы** - акчанын жок кылынышы, б.а. мамлекет тарабынан акчаны жокко чыгаруу, жаңыга айырбаштоо;

**3. Акча** - өзгөчө товар, жалпы эквиваленттин беш функцияларын аткаруучу формасы: нарктын ченеми, айлануу, төлөм, топтоо каражаттары жана дүйнөлүк акча.

**4.Акчадан качуу** - наркы төмөндөп бара жаткандыктан акча ээлеринин болгон акчасын реалдуу кыймылда жана кыймылсыз байлык мүлктөрдү тезирээк сатып алууга кылган аракеттери. Бул эң жогорку инфляцияны камсыз кылат. Товарларды алып сатарлык кылууга, соодагерлердин пайдасын арттырууга көмөк көрсөтөт. Калктын сатып алуу мүмкүнчүлүгүн деформациялайт, товарлар керектөө үчүн эмес, наркы кеткен акчанын топтолушунан батыраак кутулуунун жолун издөөгө алып келет. Анын негизинде акча бирдигинин айлануусу көбөйүп, ашыкча кагаз акча массасы түзүлөт.

**5. Акча эмиссиясы** - жүгүртүүгө чыгарылган акча. Мыйзамдын негизинде банкка жүгүртүү үчүн белгилүү сандагы акчаны чыгарууга банк атайын буйрук (Указ) берет. Банктын сейфинен чыгып, эркин жүгүртүлүүдө жүргөн акча эмиссия деп аталат.

**6. Баа** - товардын наркынын акчалай көрсөтүлүшү. Бааның өлчөмү наркка, ошондой эле товарга болгон суроо-талап жана сунушка көз каранды.

**7. Баа индекси**- -айрым товарлардын жалпы орточо баасынын деңгээлинин салыштырмалуу өзгөрүүсүн чагылдырган көрсөткүч.

8**. Бюджеттик тартыштык** - федералдык өкмөттүн расходунун жашап жаткан жылдагы кирешелеринин суммасынан ашык болушу.

**9. Дезинфляция** - бааның өсүшүнүн басаңдашы.

**10. Дефляция** - инфляция учурунда чыгарылган акча массасынын ашыгын жүгүртүүдөн алып коюу. Айрым өлкөлөрдүн өкмөтү экономикалык конъюнктураны жөнгө салууга аракет кылып Д. саясатын колдонот. Ал үчүн фискалдык жана акча-кредиттик саясаттарына таянат.

**11. Дефицит (лат.- тартыштык, бөлүштүрүү**)- 1) жетишсиздик; бир нерсенин тартыштыгы; 2) кемүү; чыгашанын (расходдун) киреседен

ашыктыгы; 3) төлөө балансындагы дефицит , бул төлөө балансындагы пассив дегенге окшош.

**12. Индексация** - инфляциянын натыйжасында директивдүү түрдө калктын кирешесинин компенсация жолу менен салыштырмалуу көбөйүшү, же маяна, пособия, пенсиялардын өсүшү.

**13. Инфляция (лат.- ашып-ташуу, (вздутие))** калкка сатылуучу товарлардын массасынын жана тейлөөнүн бааларынын суммасынан алмашуу процесси үчүн коюлган эмиссия санынын көп болушунан келип чыккан валюта наркынын төмөндөшү.

**14. Инфляциянын деңгээли** -товарлардын жана тейлөөлөрдүн баасынын жалпы, текши эмес жогорулашынын натыйжасында пайда болгон акчанын наркынын темөндөө деңгээли.

**15. Стагфляция (лат. -кыймылсыз кылам)** -инфляция процесси менен экономиканын сенектик (депрессия) абалынын бир учурга дал келишин мүнөздөгөн түшүнүк. С. учурунда өндүрүш кескин кыскарып, баа тынымсыз өсүп, жашоонун наркы кымбаттайт.

**16. Суроо-талап**-акчалай камсыздандыруу аркылуу көрсөтүлүүчү, муктаждыктарды билдирүүнүн формасы.

**17.Сунуш**-рыноктук суроо-талаптарды коомдун муктаждыгына теңдештирип турууну ишке ашыруучу товарлардын тобу.

**18. Суроо-талап баасы**-соодалашууга катышып жаткандар кымбатына карабай төлөөгө даяр экендигин билдирген баа.

**19. «Эстен танган терапия»**- административдик-командалык экономикадан рыноктук экономикага өткөндө өткөөл мезгилдин экономикалык саясаты. Эки багытты камтыйт: 1) инфляцияга каршы туруктулуукту камсыз кылууну; 2) менчикке карата болгон мамилени өзгөртүүчү терең институтционалдык реформаны жүргүзүү.

## Темага тиешелүү тесттер

1. Инфляция деген эмне:
а) кагаз акчалардын алмашуу процессиндеги ашыкча болушу;
б) баанын жалпы деңгээлинин өсүшү;
в) акчанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү;
г) акчанын айлануу законун кээ бир функцияларынын бузулушу.

2. Ушул түшүнүктөрдүн кайсылары инфляциянын типтерин мүнөздөйт:
а) басылган жана ачык;
б) жай баракат жана жылып жүрүүчү;
в) күтүлгөн жана күтүлбөгөн.

3. Басылган инфляцияны кантип билүүгө болот:
а) өндүрүүчүлөрдүн товар өндүрүү стимулу болбой калат;
б) өндүрүлгөн товарлардын сапатын жакшыртууга аракет жасалбайт;
в) өлкөдө товардык (тейлөөдөгү) таңсыктык өкүм сүрөт.

4. Инфляциянын кайсы түрү бардык өлкөлөрдүн экономикасы үчүн бирдей жакшыртууну алып келет:
а) жай баракат, күтүлгөн, балансташпаган;

б) балансташтырылган, жай баракат, күтүлгөн;
в) балансташтырылбаган, таскактуу жана күтүлгөн.

5. Инфляциянын кайсы түрлөрү бирге болгондо өлкөнүн көп зыян алып келет:
а) таскактуу балансташкан жана жай баракат;
б) гипер инфляция күтүлбөгөн жана балансташкан;
в) балансташкан, күтүлбөгөн жана жылып жүрүүчү.

6. Филипстин ийри сызыгы эмнени мүнөздөйт:
а) салыктын өлчөмү менен анын төлөнгөн бөлүгүнүн байланышын көрсөтөт;
б) улуттук кирешени жан башына бөлүштүрүүдөгү теңсиздиктин деңгээлин көрсөтөт;
в) жумушсуздуктун өсүү деңгээли менен Улуттук Дүң Продуктун ортосундагы байланышты көрсөтөт.

7. Эгерде өлкөдө инфляция бир жылдан бери үстөмдүк кылып жаткан болсо суроо-талаптын ага карата багыты кайсы:
а) жумушсуздук жана баанын жалпы деңгээли өсөт;
б) жумушсуздук кыскарат жана баанын жалпы деңгээли өсөт;
в) жумушсуздук кыскарат жана баа өспөйт.

8. Инфляциядан калктын кайсы катмары утат:
а) облигациянын ээлери;
б) карыз алгандар;
в) ишкерлер, алып сатарлар.

9. Инфляциянын деңгээлинин төмөндөшүнө кайсы фактор таасир этет:
а) пайыздын ставкасынын төмөндөшү;
б) акчанын сатып алуу паритетинин төмөндөшү;
в) валютанын курсунун өзгөрүшү.

10. Инфляциянын ыкчамдыгын аныктоодо кайсы көрсөткүч колдонулат:
а) тышкы баа индекси;
б) номиналдык алмашуу курсу;
в) керектөөчү товарлардын баасынын индекси.

**Үчүнчү лекция.**
**Темасы: Мамлекеттин фискалдык саясаты-2с.**

**Лекциянын планы:**

1. Фискалдык саясат жана мамлекеттик жөнгө салуу.
2. Салыктар жана салык системасы.
3. Салыктын түрлөрү.

**Адабияттары:**


1. Закон Кыргызской Республики «Об изъятии налогов с предприятий, объединений и учреждений» 1993 г.
2. Указ Президента Кыргызской Республики от 27/ II 1995 г. «О земельном налоге».
3. Мейманов К.М. Теория рыночной экономики. Учебное пособие. Ч. II Бишкек. 1993 г.
4. Мейманов К. М., МусакожоевТ.М. Экономика республики Кыргызстан. Бишкек. 1992 г.
5. Джунушева К.С., Боконтаева Д.К. Термины рыночной экономики. Каракол. 2005 г.
6. Боконтаева Д.К., Джунушева К.С. Экономическая теория Каракол 2001 г.
7. Курс экономической теории (под. ред. Чепурина М.Н.Москва 1994.)
8. Кемпбелл Р., Макконнелл, Стенли Л. Брю. Экономикс. Таллин Республика. 1993 г.
9. Райзберг С. Курс экономики. Москва 1991 г.


***Биринчи суроо*****: Фискалдык саясат жана мамлекеттик жөнгө салуу.**

Фискалдык саясат – мамлекеттин экономиканын жөнгө салуусунун бир саясаты. Фискалдык саясат финансы, финансылык – бюджеттик казына (фиска) аркылуу жүргүзөт. Ал түздөн түз бюджет, салык, мамлекеттин киреше жана чыгашалары менен байланышкан. Фискалдык саясат – өкмөттүк чыгымдар жана салыктар жөнүндөгү саясаты. Өкмөттүк чыгымдар аркылуу мамлекеттик секторду өнүктүрүү, социалдык коргоо, рыноктун

товар жана тейлөө сатып алуу жүргүзүлөт. Мамлекеттин чыгымдары калктын бардык катмары пайдаланган улуттук кирешенин үлүшүн көрсөтөт.

Фискалдык саясат (лат.–корзина) - социалдык экономикалык белгилүү бир максатты ишке ашырууда (кризисти жоюуда, калкты иш менен камсыз кылууда, инфляцияга каршы иш – чараларды колдонууда, д. у. с.), киреше жана чыгашаны жөнгө салуудагы мамлекеттин казыналык иштин жыйынтыгы. Демек фискалдык саясат өзүнө мамлекеттик ири бюджеттик, салыктык, кирешелер жана чыгашалар сыяктуу финансы саясатын бириктирип турат. Фискалдык саясат мамлекетке керектүү акча каражаттарын топтоп, аны бөлүштүрүп жана так белгиленген багытта пайдаланууну ишке ашырышы керек. Негизинен фискалдык саясат *өкмөттүн чыгымдарын* жана *салыктарды* биринчи жөнгө салып алуусуна керек.

*Өкмөттүк чыгымдарга* эмнелер кирет дегенге мамлекеттин товарларды жана тейлөөлөрдү сатып алышы аталат. Алар ар түрдүү болушу ыктымал, мисалы бюджеттин эсебинен жолдорду куру, мектеп салуу, медициналык мекемелерди, маданият жайларды, айыл чарба жана өндүрүш продукцияларын сатып алуу, тышкы соода, курал – жарак ж.у.с. Ушунун бардыгын мамлекет өзүнүн кереги үчүн алат. *Мамлекеттик заказ* аркылуу сатып алганда өзү үчүн жана рынокту жөнгө салуу үчүн алынат. Кыргыз Республикасында сатып алууну мамлекеттик заказ менен ишке ашыруу конкурс жолун (тендерди) колдонот, курулуш, мамлекеттик капиталдык салымдар, өлкөнү коргоо, башкаруу системалары фискалдык саясатка баш ийет.

Фискалдык саясатта негизги багыт акча каражатынын булактарын таап, аны борбордоштуруп, мамлекеттин финансылык саясаты аркылуу өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө багыттоо талап кылынат. Анын негизинде экономика – финансылык туруктуулук, акчанын туура айланышы камсыз болуп мамлекеттик сектор финансылык көз карандылыкта калбай өндүрүштүн, илимий техниканын кубатын толук пайдаланууда турат. Фискалдык саясаттын инструменттерин колдонуп мамлекет жалпы суроо талапка жана жалпы сунушка таасири тийгендей, рыноктун конъюнктурасын туруктуу кармап тургандай, кризистин, инфляциянын узактыгын, тереңдигин жөнгө салгандай болушу керек.

Мамлекеттин чыгымдары чынында эле көп, анткени ал рыноктогу ири сатып алуучу болот. Көп өлкөлөрдө мамлекет бир жылдык дүң продуктун (УДП) жарымын ушуга кетирет. Ал ичтен жана тыштан алат. Мына мамлекеттин күчү кайда экен. Мамлекет каражатты бюджеттен алат. Колунда ушунчалык көп товарлар жана тейлөөлөр болгондуктан мамлекет суроо-талап жана сунушка таасирин тийгизет.

Мындан тышкары мамлекет жалпы суроо-талап жана сунушка кыйыр түрдө дагы таасир көрсөтөт. Жеке менчик ишканалар менен үй чарбасына салыктарды салып, трансферттик төлөмдөрдү: пенсия, пособие, стипендия аркылуу суроо-талап сунушту бир калыпта кармап көмөк көрсөтүүсү мүмкүн.

Макроэкономикалык аспектте фискалдык саясат *эки түрдүү* мүнөздө болот. (1.Мейманов К. Көрсөтүлгөн адабият. 40 бет):

1) эгерде өлкөдө экономикалык жогорулоо болсо фискалдык саясат *чектелген багытта* жүрөт, б.а. өнүгүүнүн параметрлерин белгилүү чекте кармап турат.

2) экономикалык кризистин учурунда өндүрүштүн төмөндөгөндүгүнө карата *кеңейтилген түрдө* иштейт, анткени экономиканы көтөрүп, кризистен чыгуу керек.

Ушул эки фискалдык саясаттын кыймыл аракетинин ортосунда *үчүнчү* бир аракет бар - ал фискалдык саясатты стабилдештирүү.

*Стабилдештирүү саясаты* – бул өкмөттүн финансыдагы акчанын айлануу жолдорун жөнгө салып учурга ылайыктуу Улуттук Дүң Продукциянын (УДП) көлөмүн потенциалдуу деңгээлге жакындатып кармап туруу жана анын негизинде инфляциянын деңгээлин жөнгө салып, калкты иш менен камсыз кылууну жогорку деңгээлге жеткирүү. Ушундай саясат фискалдык саясаттын экономиканын туруктуулугун камсыз кылууга жардам берүүчү саясаттын кадимки эле бир түрү. Бир жагынан алганда бул саясат экономика туруксуз болуп кризистик абалда калышына жол бербеши, экинчиден түзүлгөн экономикалык кырдаалдагы макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн оптималдуулугун жакшыртышы керек.

Стабилизациялоонун *автоматтык* түрүн жана *багыттоочу* түрүн ажырата билиш зарыл. Автоматтык (алдын ала эске алынган) стабилизатордук саясат, кабыл алынган, экономикада колдолунуп жүргөн эрежелерге, нормаларга таянат. Алар болсо өкмөттүн түздөн-түз кийлигишүүсүз эле автоматтык түрдө болгон кырсыктарга карата чечим кабыл алууга жана чарбаны туруктуу абалга келтирүүгө мүмкүндүк берет. Автоматтык стабилизаторлор алдын ала эсептелип, ойлонулуп, мыйзам актыларына киргизилген. Экономикалык багыттоого мүмкүндүк бергендей болуп, учурдагы ишке колдонулуп жаткан өкмөттүн чечимдерине, нормативдик актыларына ылайыкталып киргизилип коюлган. Мисалы: киреше төмөндөгөндө, андан алынуучу салыктардын өлчөмү автоматтык түрдө төмөндөйт. Эгерде адамдар иши жок калып, маянадан кол жууган болсо, өкмөттөн суроосуз эле пособие төлөнөт. Белгилүү жашка жеткенде пенсия алуу укугу автоматтык түрдө ишке ашат. Минималдык маянанын өлчөмү автоматтык түрдө директивдүү белгиленет.

Бирок экономикалык системага киргизилген ички стабилизаторлор, экономикадагы олку–солкулукту азайтканы менен тиешелүү стабилдүүлүктү талап кылынган деңгээлде кармап тура албайт. Ал түгүл мындай аракеттер экономикадагы туруксуздукка таасир этүү жөндөмдүүлүгү дагы жок болот. Демек мыйзамдык жана нормативдик актыларга эрежелерди жана нормаларды алдын ала гарантиялап киргизип койгондо ал аракеттер экономиканы туруксуздуктан, төмөндөөдөн куткара албайт. Ушул учурда жардамга өкмөттүн учурдагы шартка карата оперативдүүлүк менен колдонуучу *дискрециондук* саясаты келет.

*Дискрециондук фискалдык саясат* – бул өкмөттүн оперативдүү финансылык иштеринин топтому. Аны дайыма чарбада колдолунуп келген иш аракеттерди жана эрежелерди, нормаларды өзгөртүүгө жана кошумчалоого колдонулат. Кадимки эле, летчик-автопилот, самолетту башкара албай калганын сезип штурвалды өз колуна алган сыяктуу, өкмөт дагы өлкөнүн чарбасындагы мурдагы кабыл алынган мыйзамдар, чечимдер туруктуулукту камсыз кыла албаган ал-ахвалга келгенге байланыштуу, дискрециондук саясатка өтүп, шашылыш түрдөгү ар түрдүү иш чараларды учурдагы шартка жараша колдонуп, экономикадагы туруктуулукту түзүшү керек. Мындай аракетти *багыттоочу* стабилизация деп атайт. Мисалы: Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин ишинде ушул саясат өтө керек,

анткени бюджеттен алынган каражаттар жетишсиз. Өзгөчө, коомдук иштердин жана материалдык жардамдын программалары жаратылыш кырсыктарына байланыштуу салыктын ставкасынын өзгөрүшү ушул саясатка туура келет (азыркы Нарын, Тоң, Бишкек, Балыкчы региондорундагы жер титирөөлөргө карата иштерди алсак).

Мамлекет жумушсуздарды коомчулуктун иштерин аткарууга колдонгондо жумуштун наркын өзү төлөйт. Эгерде жакырчылык өсүп кетсе автоматтык стабилизатор менен катар кошумча жеңилдетүүлөр жана материалдык жардамдар жөнгө салуу саясаты аркылуу көрсөтүлөт. Мисалы: атайын кызмат орун бөлбөй туруп күндөгүсүн күндө шаарлардын, өнөр-жайдын территорияларын тазалаганга жумушсуздарды убакыт боюнча жалдап, иштеген акысын ошол замат төлөп турса тазалык дагы, акча дагы болот, туруктуу жумушсуздук кыскарат.

Дискреттик фискалдык чаралар экономикалык чыңалуунун уюгун өчүрөт, бирок шартка жараша киргизилген убактылуу жардамдарды, жеңилдиктерди алып салуу оңой эмес. Жер көчкүнүн, кар көчкүнүн, Чернобльдагы АЭС кырсыктарына колдонулган дискреттик саясаттын Чернобль үчүн көрсөтүлгөнү автоматтыкка айланып кеткен сыяктуу, айрымдары дискреттиктен автоматтыкка өтүп кетет.

Фискалдык саясат – түздөн түз бюджеттик саясатка тиешелүү, ал негизинен мамлекеттин киреше жана чыгашасын балансташтырып тең салмактуулукта белгилүү убакытка чейин кармап турууга багыттайт. Айрым учурда багыттоо бюджетти толук, структуралык, жогорку ишке тартууну аныктоого керек болсо анда киреше чыгашадан жогору болуш үчүн ашыкча продукция чыгаруу керек деген саясат колдонулат.

Эгерде ушундай ахвалга жетишсе мамлекет киреше алып, ашык продукциядан алынган акча мамлекеттин карыздарын жабууга кетет жана резервдик фонддор түзүлүп, жаңы социалдык иштер жүргүзүлөт.

Негизинен мамлекеттик бюджеттик саясатта эң эле коркунучтуу абалды түзгөн *бюджеттик тартыштыкты* жоюу болуп эсептелет. Эгерде бюджеттик дефицит ИДПга 1-2% жалпы көлөмүнө 5%ти түзсө, бул көп деле коркунуч эмес. Эгерде 10% жетсе бул чоң кырсык жана өкмөттүн ишинин начардыгы. Ал инфляцияга, ички карыздын өсүшүнө жана акча системасынын туруктуу айланышынын бузулушуна алып келет.

Ушундай көрүнүштөн чыгуу максатында бюджеттик тартыштыкты мамлекет эмиссия аркылуу (200, 500, 1000 сомду чыгаруу, бирок, ага барабар келчү товар чыгарбай туруп), баалуу кагаздарды чыгарып жана сатууну жүргүзсө бары бир тартыштыкты жое албайт. Анткени товар жок болсо, баалуу кагаздарга пайыз төлөө жана учурунда жаап туруу керек болсо, саясат киреше менен чыгашага көз каранды болсо кантип чыгат? Кыргыз Республикасында мамлекеттик бюджеттик тартыштык 1994- жылдан бери гранттар, ички жана тышкы булактар аркылуу табылып келе жатат, бирок анын негизинде өлкө карызга батууда.

***Мамлекет чыгашалар боюнча саясатты*** жүргүзөт, анткени алар мамлекеттик сектордун токтоосуз керектөөсүнө жумшалган чыгымдары, канагаттандырууга кетчү бюджеттик статьяларда каралат. Негизинен мамлекеттин чыгымдары, керектөөлөрү тынымсыз өсүп турат, бирок аны чектеп, токтотуп, мүмкүнчүлүккө карата жөнгө салыш өкмөттүн милдети, ошондой эле мамлекеттик чыгымдар белгилүү чектен чыкпашы керек. Анын чеги болуп бюджеттин киреше бөлүгү эсептелет. Кыргыз Республикасында

бюджеттин тартыштыгы бүткүл эл чарбасынын дисбалансына 1993 жылдан бери алып келе жатат.(Мейманов К.М. Көрсөтүлгөн адабият, 50-бет).

***Мамлекет киреше боюнча саясат*** жүргүзөт. Ал үчүн болгон жана потенциалдык булактарга таянат. Мамлекеттик бюджетке акча каражаттары келүүчү каналдар толук эсепке алынышы керек, айрымдарын кысмакка алганда жоюлуп кетип, болжолдуу келе турган кирешелер жокко чыгып калат. Ал эми өкмөт коррупцияланган болсо ири ишканалар, жеке менчиктер, монополдук менчиктер, табигый монополиядагылар кирешеге салымын кошпой четте калышат, бюджеттик тартыштык күчөйт. Буга күбө болуп 1992 жылдан ушул убакытка чейинки (2007) республиканын бюджетинин киреше бөлүгүнүн ал-ахвалы. Мамлекеттик бюджет негизинен салык аркылуу толтурулат, ошондуктан киреше түзүүдө мамлекет туура, нормалдуу, элге зыяны тийбеген салык системасында саясат жүргүзүшү керек.

***Мамлекеттин салык*** саясаты – фискалдык саясаттын бир бөлүгү. Мамлекеттин экономикалык саясатында салыктын түрлөрү, анын обьектилери, салык ставкалары, салык алуунун шарттары, салыктык жеңилдиктер белгиленет. Ушул параметрлерди мамлекет бюджетке акча каражаттары туруктуу түшүп тургандай багыттоосу керек. Бирок салык саясаты менен фискалдык саясаттын ортосунда негизги бир карама каршылык келип чыгат. Алар:

1) салык канчалык жогору болсо төлөө жөндөмдүүлүк төмөндөйт, ишканалар жабылат, бизнес кыскарат, салык салынуучу продукция азаят. Ошондуктан жогорку салык эмес, рационалдуу салык керек.
2) мамлекет салык эле жыйнабастан ***структуралык инвестициялык*** саясат жүргүзөт жана салыкты жөнгө салып, жеңилдетип же болбосо белгилүү убакытка чейин салыксыз иштетип өндүрүштүн пайдалуу, керектүү, жаңы түрлөрүн ишке киргизет, керектөөнүн жаңы түрлөрү келип чыккандайга жетишет.

Демек, фискалдык саясат, мамлекеттин эң күчтүү, экономикага багыт берүүчү саясатынын бири болуу менен бирге бюджет түзүү, финансылоо, салык салуу саясаттарын бириктирип, бири-бирин айкалыштырып турат. Коомдук-саясий түзүлүшкө карабай ар-бир өлкө фискалдык саясат жүргүзөт, антпесе кирешени, чыгашаны, инвестицияны, сатуу, сатып алууну, суроо-талап жана сунушту тең салмакта балансташтырып экономиканын туруктуулугуна жетише албайт. Эң негизгиси фискалдык саясатта салык салуу жана салык жыйноо болуп эсептелет. Ошондуктан бул экинчи суроодо чечмеленет.

### Экинчи суроо: Салыктар жана салык системасы.

Рынок тибиндеги экономиканын негизги структуралык элементтеринин бири болуп бюджет түзүүнүн булагы болгон салык жана салык системасы эсептелет. Бардык өлкөлөрдө рационалдуу салык системасын колдонбосо бюджеттик саясат натыйжа бербейт, анткени салыктар ишкерлерди кысымга албай, салыктан кутулуунун көмүскө жолдорун издебегендей болгону дурус.

Салык илгертен бери жашап келе жаткан категория. Ал үлүш, сый-тартуу катары каралган жана мамлекеттин жашоосун камсыз кылууга жумшаш үчүн алынган. Салыктын сөзсүз керек экендигин эч ким тана албайт экен. АКШнын көз каранды эместигинин Декларациясынын авторлорунун бири Бенджамин Франклин 1789- жылы «Бул дүйнөдө өлүмдөн жана салыктан башка эч нерсеге чындап ишенбеш керек»- деп жазган экен. (1. Райзберг. Курс экономики. М.1991,447-стр).

***Салык*** - бул сөзсүз төлөнө турган нерсе. Мамлекеттик жогорку же жергиликтүү бийликтер тарабынан юридикалык жана жеке тараптардан алынып ар түрдүү деңгээлдеги бюджетке келип түшөт. Салыктын болушу мамлекет кандай керек болсо, ал дагы ошондой керек экендиги менен түшүндүрүлөт. Салык - бул мамлекеттик аппаратты, армияны өндүрүштүк эмес сферанын экономикалык базасы.

Алгач салыктын ролу фискалдык милденттемени ишке ашыруучу курал катары эсептелген. Келечекте мамлекеттин экономиканы жөнгө салуусуна байланыштуу мамлекеттин өзгөчө экономикалык функциясы келип чыккан. Ошондуктан салыктын экономикага тийгизген таасири акырындык менен топтоштурулуп, ар тараптуу боло баштаган.

*Салыктар азыркы учурдун киреше бөлүштүрүүдөгү жана финансылык ресурстардагы негизги инструмент* болуп калды.

Мамлекет ишканаларды, жеке менчиктерди программалар, өндүрүш каражаттары менен тейлөөдө, ресурстарды бөлүштүрүүдө, ким-кайдан аларын жөнгө салууда салыктык системаны пайдаланат б.а социалдык, экономикалык, техникалык жактан региондордун, өлкөнүн өнүгүшүнө ресурстарды бөлүштүрүү салыктык акча каражаттары аркылуу жүргүзүлөт.

Ошондуктан, ***юридикалык*** көз караш менен алганда салык системасы өзгөчө милдеттенме болуп эсептелет. Ал бир тарапта мамлекет, экинчи тарапта – салык салынган субьект (юридикалык жана жекече тараптар) турган мамилени чагылдырат. ***Экономикалык көз караш*** менен алганда салык - фискалдык саясаттын инструменти жана макродеңгээлдеги экономикалык кыйыр жөнгө салуунун усулу. Мамлекеттин салык салуу иштерин **эки** багытта кароого болот. **Биринчи** багыты - коомдук керектөө үчүн бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү жана салык төлөөлөрдү аккумуляциялоо (салык салуудагы мамлекеттин фискалдык функциясы). **Экинчи** багыты - салык рычагтары аркылуу айрым экономикалык тармактарды стимулдаштыруу (дестимулдаштыруу) салык салуудагы мамлекеттин багыттоочу функциясы.

Мамлекет жыйнап алуучу салыктардын жыйындысы жана башка төлөмдөр, пошлиналардын жалпыланышы ***салык системасы*** деп аталат. Бул түшүнүккө салык салуунун жолдорун жана эрежелерин камтыган өкмөттүн мыйзамдары, аны жөнгө салуу усулдары, мамлекеттик салык салуунун органдары, алардын структурасы кирет. Салык системасы мамлекеттин тиешелүү мыйзам актысына таянат (Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын салык системасынын негиздери жөнүндөгү Закону»). Анда салык салуунун негизи усулдары, жыйноочу жолдору, салыктын баардык элементтери көрсөтүлөт. Мындан тышкары салык

жыйноочу органдар жана аны көзөмөлдөөчү органдар - **<u>салык инспекциясы</u>** жана **<u>салык полициясы</u>** көрсөтүлөт.

Толугураак түшүнүш үчүн салык системасынын айрым элементтери менен тааныштырып кетели:

1. <u>Салык салуучу субьект</u> – юридикалык же жеке (физический) тарап салык төлөөчүүлөр. Салыктын жүгүн башкага арта салуучу механизмдер бар, ошондуктан атайын салык салуучу, салыкты алып жүрүүчү, төлөөчү деген түшүнүк колдонулат.
2. <u>Салыкты алып жүрүүчү</u> - салык төлөөчү накта адам.
3. <u>Салык салынуучу обьект</u> - киреше (пайда), мүлк (материалдык ресурстар), товардын жана тейлөөлөрдүн баасы, кошулган нарк (НДС). Мына ушуларга салык салынат. Азыркы салык материалдык, акчалай деп аталат, ал эми жан башына деген салык эч жерде, эч бир өлкөдө колдонулбайт.
4. <u>Салыктын обьектиси</u> жана булагы дал келеби же дал келбейби? Көп учурда дал келбейт. Эгерде дал келсе, анда салыктын түрлөрүн классификациялоо келип чыгат.
5. <u>Салыктык ставка</u> (салык салуунун нормасы) салык салынуучу бирдикке (кирешеге мүлккө д.у.с.) туура келүүчү чоңдук. Аны ***чегине жеткен*** ставка - кошумча ашыкча алынган кирешеге салынуучу салыктын ставкасы жана ***орточо*** б.а. салыктын суммасынын кирешенин өлчөмүнө болгон катышын эсептеп туруп салынуучу ставка киреше менен бирге өссө, анда орточо ставка дагы кирешенин өскөнүнө жараша өсөт. Кирешеге карата пайыз боюнча көрсөтүлгөн салык салуунун ставкасы ***<u>салык квотасы</u>*** деп аталат.
6. <u>Салык жеңилдиктери</u> – салыктын бир бөлүгүнөн же толук эле бошотуу. Мисалы: Кыргыз Республикасында пайдасын өндүрүштү кеңейтүүгө жумшаган ишканаларды пайдага салынуучу салыктан бошотулган, айыл чарбасында НДС салыгын төлөшпөйт. Келечекте ишканалардын көбү салык жеңилдиктерин алып, салык кредитине өтүшөт. ( Мейманов К.М., Мусакожоев Ш.М., Экономика Республики Кыргызстан. Бишкек. 1992 г. стр.96)
7. <u>Салык кредити</u> - салыктын пайдадан алынуучу өлчөмүнө туура келүүчү сумманы жаңы капиталдык салымга чегерип ишканага жеңилдик берүү көп өлкөлөрдө колдонулат. Бизде 1994 жылы биринчи жолу Нарын жана Талас областарында колдонулган. Азыркы оор шартта бул жаңылыкка көңүл бурула элек.

Салык салыш үчүн анын белгилүү ***принциптерине*** таяныш керек. Бул принциптер биринчи жолу улуу окумуштуу А. Смиттин «Исследования в природе и причинах богатства народов» (1776) китебинде көрсөтүлгөн. Ал салыктын ***үч*** булагын сунуштайт: **рента, пайда жана маяна**. Ушуга карата А.Смиттин көз карашын беребиз жана алар ушул күндө дагы өзүнүн актуалдуулугун жогото электигин эскертебиз:

1) Мамлекеттин жашоочулары өзүлөрүнүн жөндөмдүүлүгүнө жана күч–кубатына жараша мүмкүн болушунча өкмөттү багууга катышууга милдеттү, б.а. мамлекет тарабынан корголуп жана колдоого алынып жаткандан келип түшкөн кирешеге жараша. Салыктын баардыгы эле, (муну дайыма эстен чыгарбайлы), акыры жүрүп олтуруп жогоруда эскертилген кирешенин үчөөнүн бирөөнө тура келет (рента, пайда,

маяна) жана бири-бирине барабар келбейт, анткени ал эки негизгиге тиешеси жок.

2) Ар бир адам төлөй турган салык так көрсөтүлүшү керек, үстүртөн алынбастан, төлөө мөөнөтү, төлөөнүн жол-жобосу, суммасы-төөлөчүлөргө жана бардык эле тышкаркы адамдарга түшүнүктүү жана ачык-айкын болушу керек.
3) Ар бир салык төлөөчүлөргө качан ыңгайлуу болгон убакытта жана шартта алынышы керек.
4) Ар бир салык ушунчалык ойлонулуп жана мыкты иштетилип чыгышы керек, анткени элдин чөнтөгүнөн алып төлөнүп жаткандыктан салык мамлекеттик казынага алып келүүчү ашык суммадан аз болгону дурус. Мына ушундай жыйынтык чыгарууда А.Смитт төмөнкү принциптерге таянган:
    - теңдештик, б.а. салык төлөтүүнүн жүгүнүн бирдейлиги мамлекеттин салык төлөөчүлөргө талабынын бирдейлиги, салык эрежелеринин жалпы бирдейлиги;
    - тактыгы - салык төлөө системасынын мазмунун түзгөн түшүнүктөрдүн тактыгы, ачыктыгы, түшүнүктүүлүгү, туруктуулугу, узак убакыттарга өзгөрбөй турушу (салыктын саны жана салык алуунун өлчөмлөрү);
    - жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу - чечмелебесе деле түшүнүктүү болуп турат.
    - элдин башына түшкөн оор жүк болбостугу - ортозаар салык, б.а. салыктын суммасы өтө жогору болбошу керек, аны төлөө элдин башына түшкөн жүк болбосун.

Ушул принциптер теориялык жактан мыкты аныкталган принциптер. Иш жүзүндө, артыкча акыркы экөө туура аткарылбайт, анткени мамлекет учурдагы конкретүү маселелерди чечүүдө жана экономиканын шартына жараша салыктардын түрлөрүн, өлчөмүн өзгөртүп жиберет. (К.Мейманов. Көрсөтүлгөн адабият. 57-58 беттер).

**Салык системасын түзүү** рынок механизмдери менен административдик буйрук берүү механизмдеринин биргелешкени аркылуу ишке ашат. Ошондуктан бир жагынан алганда салык салуу жана жыйноо мамлекеттик бийликтин милдеттүү иши болсо, экинчи жагынан алганда салыктын санын жана өлчөмүн аныктоого рыноктун шарты жана экономиканын өнүгүү деңгээли үстөмдүк кылышат. Жогорку принциптерди биздин республикада салык системасына колдонуу үчүн төмөнкүлөргө таянсак болот:

- салыктын бардыгына бирдейлиги - киреше алган бардык экономикалык субьектилерди камтышы керек;

- туруктуулугу - белгилүү мезгилге саны, түрлөрү, ставкалары туруктуу болсо;
- теңсалмактуу (төлөөгө мүмкүн болгудай);
- салыктын оордугу - кирешеден жана пайдадан алынуучу салыктар окшош продукцияларга жана өлчөмдөргө бирдей болушу;
- сөзсүз төлөнүшү – болбосо күч колдонуп сөзсүз төлөтүп аларын унутпашы керек;
- социалдык теңчилдиги - салыктын ставкалары жана жеңилдетүүлөр кирешелери ар түрдүү субьектилерди бирдей шартта салыктарды төлөөнүн өлчөмүн аныктоо;
- горизонталдык теңчилдик – бирдей шарттагы мүмкүнчүлүктөргө бирдей киреше алып жаткандарга салыктын мыйзамдары бирдей болушу керек;
- вертикалдык теңчилдик – кирешеси боюнча бири биринен бирдей эмес ахвалда тургандарга салыктын мыйзамдары бирдей эмес болуш керек.

Мындан тышкары бардык учурда эске ала турган төмөнкү **үч** пункт керек:

1) кирешени жана пайданы көбөйтүүгө аракет кылып иштеп жаткан жамаатты салыктар кысып, кызыкчылыгын такыр өлтүрүп койбошу зарыл;
2) салыктар балансташылып турушу зарыл, анткени бюджетке ишканадан башка каражаттар дагы түшкөндүктөн салык азайтып турушу керек;
3) салыктын кесепетинен калктын реалдуу кирешеси төмөндөбөшү керек, жашоо минимумунун мүмкүн болгон чегинен түшүп кеткенде жакырчылык келет.

Ушунун бардыгын иштетиш оңой эмес. Бюджеттин 80-90% салык түзөт, ар бир өлкө салык саясатын жүргүзөт, салык мамлекетинин саясатынын негизги борбору, экономикалык саясаттын бир бөлүгү, элдин социалдык абалынын көрсөткүчү. Салыксыз өлкө жок, бирок ортозаар салык нормалдуу көрүнүш.

## ***Үчүнчү суроо*: Салыктын түрлөрү.**

Азыркы учурда салыктын түрлөрү өтө эле көп, алардын санын кыскартып, универсалдуу түргө алып келүүгө жасалган аракеттер натыйжа бере элек. Салыктар окуусу боюнча АКШнын окумуштуусу Генри Джордждун бардык салыктарды бир эле – жер салыгына бириктирели деген сунушу бар. Аны Лев Толстой, Уинстон Черчилл, Сун Ятсен колдошкон, андан бери салык азайбастан көбөйүп келе жатат.

Балким бул деле туура, анткени бир чоң салыкка караганда майда жана көп салык элдин бардык катмарларынан аз байкалып көп салык алып келчү жол болсо керек.

**Салыктар төмөнкүдөй <u>классификацияланат:</u>**

- жыйноо шарты боюнча (кыйыр жана түз);
- башкаруу деңгээли боюнча (федералдык, регионалдык, жергиликтүү, муниципиалдык);
- субьектилер боюнча (юридикалык жана жеке (физический) тараптар);
- обьектилер боюнча (товарларга жана тейлөөлөргө, кирешеге, пайдага, капиталдын рыноктук наркынын өсүшүнө, кыймылсыз мүлккө жана мүлккө);
- максатка ылайык салынган салык (жалпы жана өзгөчө).

Ар бирин өзүнчө карап чыгуу керек. **<u>Түз салыктар</u>** - салык төлөөчүлөрдүн кирешесинен же мүлкүнөн көрсөтүлгөн ставка боюнча же алдын-ала белгиленген сумма боюнча алынат жана кирешенин бир бөлүгүн ээси албай калганын көрсөтөт. Ар бир адам киреше салыгын (подоходный) төлөшөт, мураска калгандан жана белекке берилгенден, жер салыгы, жаратылыш ресурстарын пайдалануудан алынат, Кыргыз Республикасында 1993-ж. кабыл алынган «Ишканалардан, бирикмелерден жана уюмдардан алынуучу салыктар жөнүндөгү Закон» ишке киргизилген, анда пайданын 35% салыкка кетет.
(ФРГ, Швецария -56-52 %, Австрияда -30%, АКШ -34%, Великобритания -35%) (1Мейманов К.М. Көрсөтулгөн адабият 52-53 беттер).

**<u>Кыйыр салыктар</u>** – башкача, анча «байкалбаган» жол менен алынат. Айрым товарлардын жана тейлөөлөрдун баасына мамлекет кошумча баа киргизет, аны сатып алуучулар төлөшөт жана ал мамлекетттик бюджетке барып түшөт. Буларга: акциз салыгы, бажыкана пошлинасы (экспорт жана импорт салыгы), сатуудан түшкөн салык, жаңы түзүлгөн нарктын салыгы (НДС). Кыйыр салыктар «сөзсүз» болуп эсептелет, ал салык төлөөчүлөрдун кирешесине тиешеси жок. Алар пайда алабы жокпу алган товарларына төлөп жатышат, салык төлөөчулөр кыйыр салык төлөп жатам деп ойлоп дагы коюшпайт. М: арак, туз, кездеме, машина, мебель, хрусталь, тамак - аш ж.у.с. бардыгы.

Түз салыктар продукция чыгып жатканда жана сатылганда, ал эми кыйыр салык бөлүштүрүү жана керектөө процесстеринде салынат. Ошондуктан түз салык - бул кирешеге, кыйыр салык –чыгашага салынган салык. Түз салыктын булагы жана обьектиси бирдей дал келсе, кыйырдыкы дал келбейт. Ушул белгилер аркылуу салыктын негизги түрлөрүн окшоштуктарына карата бириктиришет. Мисалы: 1). **Жеке адамдардан** кирешеге карата алынуучу салык – бул түз салык, булагы жана обьектиси дал келет, жана граждандардын акча кирешесинен кармалат.

Кирешеге карата төмөнкү салык салынат:

- иштеп маяна алганда;
- иштеп жаткан иштен алынуучу кирешеден;
- жекече ишкердик кылган кирешеден;
- илимдин, техникалык, маданият жана адабият искусстводогу ачуулар, чыгармачылыктар, аткаруучулуктан алынган автордугу же аткаруучулугу үчүн берилген сыйлоолордон;
- ишине тиешеси жок ишкердик кылгандан түшкөн кирешеден:
- дыйкан чарба жүргүзүүдөн алынган кирешеден;
- чет өлкөдөн келген кирешелерден.

Бул салыктар мамлекет кабыл алган мыйзам ченемдери менен ар бир жарандан алынат. Эсептөөнүн базасы болуп бир айлык эмес бир жылдык бардык кирешени камтыган салык эсептелет, андан кийин салык инспекциясы эсептеген-кошумча салыктар кирет.

Салыкта женилдиктер (көп балалууларга,фермердик чарбаларга 5 жыл салыктан бошотуу, дыйкан чарбаларга ,үй-чарбага Россияда бар) согуштун ардагерлерине, майыптарга бар. Ар бир жаран киреше салыгын төлөөнү парызы катары кабыл алып, созсүз толошү керек, кошумча кирешелери боюнча жылына кабыл алынган формадагы «киреше жөнүндөгү декларацияны» толтуруп турушат.

2). **Пайдага салынуучу салык** – түз салык. Ишканалар, корпорациялар, бирикмелер төлөшөт. Салыктын эн негизгиси, анткени баардык өлкөлөр ишканаларды тапкан таза пайдасын коомдун кызыкчылыгы үчүн мамлекет менен бөлүштүрүп, коомдук капчыкка – мамлекеттик бюджетке берүүсүн муктаждайт. Көп өлкөлөрдө ушул салык 30-60% түзсө деле, өкмөт пайданын бардык суммасына эмес, анын бир бөлүгүнө -салык салынуучу пайда –дегенге эле салат. Демек пайда экиге бөлүнөт: бир бөлүгүнө салык салынбайт, анткени [illegible]нны ишкананын өнүгүшүнө жумшайт, экинчи бөлүгүнө салык салынат. Ушул саясат бизде 2000-жылдан бери практикаланганы менен тиешелүү мыйзамдар иштей элек. Салык төлөнгөндөн кийин калган пайда экиге (калдык пайда болуп) бөлүнүп топтоо фондусу жана керектөө фондусун түзүп администрация пайдаланат. Кыргыз Республикасында 1993 жылдан бери закон боюнча салык алуу системасы төмөнкү таблицадагыдай;

*Таблица №1*

| Бир айдагы пайданын көлөмү (сом) | Салыктын суммасы. (сом) | Бир айдагы пайданын көлөмү (сом) | Салыктын суммасы (сом) |
|---|---|---|---|
| 1. 16сомго чейин | - | 48 сом. | 60% |
| 2. 16дан 96 сомго чейин. | 16 сомдон жогору 12 % | 48 сомдон 96 сомго чейин | 48сом-28сом80т+68% жогоруу |
| 3. 96дан 192 сомго чейин. | 96 - 9сом. 60т. +15% жогору. | 96 сомдон 288 сомго чейин | 60сом +70% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. 192дон 320 сомго чейин. | 24сом. +20%жогору. | 288 сомдон 576 сомго чейин | 576сом-194с40т+75% жогору |
| 5. 320дон 560 сомго чейин. | 320 - 49сом. 60т.+30%жогору | 576 сомдон 1152 сомго чейин | 576сом-410сом40т+80% |
| 6. 560 сомдон жогору | 560сомдон жогору121сом.60т.+40%. | 1152сомдон жогору | 1152сомдон жогору 871сом20т+85% |

(Мейманов К. Көрсөтүлгөн адабият. 192 бет.)

Таблица көрсөткөндөй республикдагы салык салуу негизинен фискалдык саясатка ылайыкталган жана экономиканы жогорулатуу структурасын өзгөртүү, орто жана кичи бизнести колдоо деген жок.

Мамлекет өндүрүштү өнүктүрүүгө пайдасынын бир бөлүгү өндүрүш чыгымдарын киргизген ишканалардан алынуучу слыкты көбөйткөн. Алар: пенсиялык фондго, страховой фондго, калкты ишке тартуу фондуна, мүлктү милдеттүү түрдө страховка кылууга, жерге төлөгөө, жол фондусуна, транспорт каражаттарына кетүүчү чыгымдар.Айла кеткенде ишканалар продукциянын баасын жогорулатышты же жабылып калышты. Келечектеги салыкты республика ресурстардан алынуучу кирешеге бурганы турат.

3). **Акча капиталынан** алынуучу салык - түз салык: булагы жана обьектиси бир, дивиденд, пайыздык облигациядан, банкка акча салгандан алынуучу салык.

4). **Жер салыгы** - кыйыр салык. Жердин белгилүү аянт бирдигине абсолюттук суммада салынат. Салык төлөөнүн булагы болуп жердин ээсинин учурдагы алган кирешеси, обьектиси болуп жердин натуралай көрсөтүлгөн аянты. Шаарда бул салык жеке адамдар аркылуу төлөнөт.

Кыргыз Республикасы Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын 17 март 1997ж. №536-1 токтомунун негизинде айыл-чарба жерлерин пайдалануу үчүн 1997-жылы убактылуу базалык өлчөмдөгү кабыл алынган «Айыл чарба жерлерин пайдалангандыгы үчүн бирдиктүү айыл чарба убактылуу салыгынын базалык убактылуу өлчөмдөрү» төмөндөгүдөй:

*Таблица №2*

| Областар менен райондордун аталышы | Сугат жерлер | Кайрак жерлер | Көп жылдык өсүмдүктөр | Чөп чабык | Жайыттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Кыргыз Республикасы (орточо) | 345,7 | 136,2 | 170,4 | 46,4 | 11,1 |
| Талас областы | 343,9 | 165 | 157,3 | 17,6 | 7,6 |
| Бакай-Ата району | 326,4 | 213 | 155,9 | 0 | 10,5 |
| Кара-буура району | 378 | 164,6 | 157,2 | 18,3 | 6,9 |
| Манас району | 342 | 157,6 | 158,5 | 18,3 | 6,9 |
| Талас району | 319 | 164,6 | 155,9 | 18,3 | 6,9 |
| Чүй областы (орточо) | 424,2 | 155,2 | 202 | 44,1 | 13,4 |
| Аламүдүн району | 449,9 | 168 | 198,9 | 39,7 | 15,5 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жайыл району<br>а) Чүй зонасы<br>б) суусамыр зонасы | 377,9<br><br>90,1 | 127,7<br><br>74,3 | 202,4<br><br>0 | 24,7<br><br>19,2 | 11,6<br><br>7,3 |
| Ысык-ата району | 416,2 | 219,7 | 202,4 | 51,9 | 15,5 |
| Кант району | 463,9 | 191,6 | 202,4 | 51,9 | 15,5 |
| Кемин району | 381,1 | 163,6 | 204,2 | 51,9 | 15,5 |
| Москва району | 424,7 | 163,6 | 204,4 | 51,9 | 11,2 |
| Панфилов району | 381,1 | 163,6 | 204,4 | 39,7 | 11,2 |
| Сокулук району | 449,9 | 163,6 | 203,5 | 23,2 | 11,2 |
| Чүй району | 436,2 | 200,8 | 202,4 | 56 | 15,5 |
| Ысык-Көл областы (орточо) | 341,8 | 207,1 | 160,7 | 70,4 | 13,2 |
| Ак-суу району | 393,5 | 204 | 165 | 69,8 | 5,1 |
| Жети-Өгүз району | 356,5 | 200,4 | 158,8 | 54 | 11 |
| Ыыккөл району | 316,9 | 193,6 | 176,5 | 54 | 11 |
| Тоң району | 180 | 23,7 | 113,6 | 43 | 10,1 |
| Түп району | 409,4 | 222,3 | 165,8 | 102,1 | 26,9 |
| Нарын областы | 97,9 | 36,4 | - | 19 | 3,4 |
| Ак-талаа району | 95,1 | 36 | - | 21 | 3,2 |
| Ат-башы району | 82,1 | 40,5 | - | 17,3 | 3,2 |
| Жумгал району | 100,1 | 29 | - | 21 | 3,2 |
| Кочор району | 106,5 | 29 | - | 21 | 3,2 |
| Тянь-шань району | 106,5 | 47,5 | - | 17,3 | 3,8 |
| Ош облсты | 361,6 | 116 | 151,8 | 46,9 | 13,1 |
| Алай району | 90 | 45,5 | 86,1 | 27,6 | 8,6 |
| Араван району | 448 | 166,4 | 215,3 | 30,8 | 18,2 |
| Батен району | 153,3 | 46,3 | 70,8 | 0 | 5,5 |
| Кадамжай рйону | 330,2 | 137,5 | 222,1 | 69 | 24,7 |
| Кара-Кулжа району | 146,9 | 60,9 | 110,9 | 30,4 | 14,9 |
| Кара-суу району | 504,5 | 173,7 | 222,1 | 69 | 24,7 |
| Лейлек району | 248,6 | 46,3 | 71,7 | 24,5 | 5,5 |
| Ноокат айону | 474,9 | 173,7 | 222,1 | 56,3 | 18,2 |
| Өзгөн району | 495,2 | 130 | 223,8 | 69 | 24,7 |
| Чоңалай району | 75 | 6,8 | - | 21,8 | 5,5 |
| Жалалабад областы (орточо) | 395 | 114,1 | 190,9 | 49,3 | 16,8 |
| Аксы | 410,4 | 132,2 | 183,6 | 34,3 | 24,2 |
| АлаБука | 408,9 | 132,2 | 194 | 100,2 | 14,1 |
| Базар-коргон | 457,5 | 199,1 | 209,1 | 69,8 | 27,5 |
| Ноокен | 468,5 | 199,1 | 183,6 | 54,6 | 27,5 |
| Сузак | 468,5 | 141,7 | 194 | 59,7 | 24,2 |
| Тогуз-торо | 112,5 | 52,1 | 0 | 36,5 | 11,6 |
| Токтогул | 110 | 45 | 95,8 | 34Ю2 | 11,6 |
| Үч-Терек | 110 | 42,5 | 95,7 | 36,5 | 14,1 |
| Чаткал | 112,5 | 49,8 | 0 | 34,2 | 11,6 |

5). **Мүлккө салынуучу салык** - кыйыр салык, юридикалык же жеке тарапатардан буюмга айланган салык төлөөчүнүн өткөн мезгилдеги кирешесинин нарк менен өлчөнгөн суммасы, аны учурдагы кирешеден төлөйт.

6). **Мурасака калгандан жана белекке берилгенден** төлөнүүчү салык - обьектиси белекке берилип же мураса калтырылган буюм, төлөө булагы – салык салынган субьектинин учурдагы кирешесинин эсебинен.

7). **Баалуу кагаздарга салык** - ал эки карама каршы бөлүктөн турат: 1- түз салык, акционердик коомдордон, облигациялардан жана башка баалуу кагаздардан алынуучу салык; 2- кыйыр салык: баалуу кагаздарга ээлик кылуу укугу башкаларга өткөнгө байланыштуу биржалык келишүүлөгө салынуучу салык.

8). **Акция** - кыйыр салык, обьектиси – товар жана тейлөөлөрдүн баасы, булагы - керектөөчүлөрдүн кирешелери.

9). **НДС** – (наркка кошулган салык) кыйыр салык (1954жылдан бери Францияда колдонулат. АКШ, Австрия, Швецияда жок, Россияда-32%) М: 100 капитал иштесе 80с+20v+20m+32%=152 товар120, НДС менен 152 сом болот, (кыргыздын акча бирдигин менен берилди). Ар бир сатуучу сырьего же даяр товарга кошот жана салык болуп төлөнүп бюджетке кетет. НДС ар бир стадиядан алынат.

10). **Товар айлануудан алынуучу салык** – обьектиси товардын айланышы. Булагы - өндүргөндөрдүн жана керектөөчүлөрдүн кирешелери. Кыйыр салык. Товар сатылгандан кийин дүң баа менен жекече баанын айырмасы катары чыгат. Бул айырманы мамлекет алдын ала эсептеп койот жана сөзсүз алат. Азыр бул салык көп иштебейт.

Салыктын түрлөрү салыктын ставкасынын өлчөмү менен айырмаланат. Мисалы: салык салуу сомго карата пайызы же үлүшү, малдын башына, итке, уйга ж.б.

**Салыктын ставкасына жараша салыктар төмөнкүдөй бөлүнөт:**

1. Пропорционалдуу - эгерде салык салууда бирдей өлчөмдөгү ставка болсо (б.а. бир даанага туруктуу ставка).
2. Прогрессивдүү - салык салынуучу обьектинин өлчөмүнүн өсүшүнө карата өсөт жана экономикалык жагдайда тең эместикти сактайт.

Мисалы: минималдык маянага – салык салынбайт, 10 минималдык маянага – 12%салык, 20 минималдык маянага жана андан жогору-20%. Бул салык *жөнөкөй прогрессивдүү,* киреше канча жогорулаcа ставка дагы жогорулайт дегенди түшүндүрөт; ал эми *татаал прогрессивдүү* – баскыч боюнча салынышы, б.а. салык салынуучу кирешенин бардык суммасы менен төмөнкү ставканын салыгынын айырмасы.

3. Регрессивдүү ставка – киреше жогорулаган сайын салыктын азайышы. Кыйыр салык кирешеге стимул берип, киреше боюнча теңсиздик өсөт.

Салыкты ким салып жана жыйнап жатканына жана кайсы бюджетке түшкөнүнө карата салыктар ***мамлекеттик*** жана ***жергиликтүү*** болуп бөлүнөт. Эгерде мамлекет федералдык түзүлүштө болсо салык ***федералдык*** жана ***республикалык*** болот.

Салык субъектилери (салык төлөөчүлөр) ***жеке*** граждандык жана ***юридикалык*** (ишкана жана бирикме) болуп бөлүнөт.

Керектелгени боюнча салык: - ***жалпы*** (мамлекеттин чыгашаларына жана жергиликтүү бюджетке) жумшалат; - ***өзгөчө*** салыктар (максатка багытталып колдонулуучу салыктар), буларга социалдык фонддор, жол фонддору, транспорт салыктары кирет.

Мына салык жана анын түрлөрү, салык салуу, жыйноо. Анын түрлөрү ар өлкөдө ар кандай жана өлкөнүн ички иштеринин катарына кирет. Ал өлкөнүн экономикалык, социалдык жана саясий абалына жараша болот. Азырынча бир дагы өлкө салыктан баш тарта элек. Бир гана Түндүк Корея болгону эки салыкты калтырган (пайдага салынуучу жана товарды, тейлөөнү сатуудан алынуучу салыкты). Бирок турмуш бул өлкөнүн артка кетип, карама-каршылыктардын күчөгөнүнө алып келгенин көрсөттү. Ошондуктан бардык өлкөлөр, нормалдуу, туруктуу салык саясатын жүргүзүшү керек. Антпесе жеңил салык бюджеттик тартыштыкка алып келсе, оор салык из жашырууга, көмүскө экономикага алып келет. Салык – бул оңой олтоң иш эмес, ал өлкөдөгү түрдүү социалдык топтордун ал ахвалы, тагдыры.

## <u>Темага тиешелүү тесттер.</u>

1. Салыкты кимдер салат жана кимдер алат:
   а) ишканалар, корпорациялар;
   б) акимдер, губернаторлор;
   в) мамлекет салат жана мамлекет алат.
2. Салык салуунун бир нече принциптерин атагыла:
   а) кирешени, чыгашаны жөнгө салуу;
   б) жалпылык, туруктуулук, милдеттүүлүк, теңчилдик;
   в) мамлекеттин казынасын, бюджетти толтуруу.

3 .Салыктын бир нече элементтерин белгилегиле:
   а) мөөнөтү, ставкасы, өлчөмү;
   б) пайызы, натуралай чени;
   в) субъектиси, объектиси, булагы, ставкасы.

4 .Фискалдык саясаттын негизги аткара турган кызматы:
   а) калктын турмуш – тиричилигин жзөнгө салу;
   а) товар жана тейлөөлөрдү сатып алуу;
   в) мамлекттин кирешесин, чыгашасын жөнгө салып, бюджетти түзүү.

5. Түз салыктын негизги белгиси кайсы:
   а) субьектиси менен булагы бири - бирине дал келүүсү;
   б) бир жерден ар кайсы убакта алынат;
   в) субьектиси менен булагы бири-бирине дал келбегени.
6. Ар бир керектөөчү кирешесинен төлөй турган салыкты атагыла:
   а) кирешеге жараша салынган салык;
   б) акциз салыгы;
   в) пайдага салынуучу салык.
7. Салыктан эл тажабас үчүн, жашырып жатпас үчүн кандай салык керек:
   а) жеңил жана жеңилдетилген;
   б) ортозаар болуп, социалдык теңчилдикти камсыз кылган;
   в) оор, көп суммада төлөнүүчү салык.

8. Автоматтык стаблизаторлор кандай иштейт:

а) керек болгондо ишке киришет;

б) кырсык болгон жерде колдонулат;

в) алдын - ала мыйзамдарга киргизилип, каражат бөлүнөт, учуру келгенде автоматтык түрдө ишке кирет.

9.Автопилот штурвалды качан колго алат, өкмөт качан алат:

а) пилот автоматтык штурвал иштебей калганда, өкмөт мурдагы чечимдери иштебей калганда;

б) абадагы татаал жолго келгенде, өлкөдө жаңы өкмөт түзүлгөндө;

в) террористтер самолетту тартып алганда, эски өкмөт кулап, жаңы өкмөт келгенде.

10 ) А. Смит салыктын негизги булагына кайсыларды киргизген:

а) киреше, чыгаша, пайда;

б) рента, пайда, маяна;

в) пайыз, акча, баалуу кагаздар.

Жооптору; 1в, 2б , 3в, 4в, 5а, 6б, 7б, 8в,9а,10б.

**Мазмуну**

**Кириш сөз-** - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - 4 бет

Экономика боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаттары - - -5-6 беттер

## Практикалык сабактар

1. Экономикалык предметке кириш сөз - - - - - - 6-16 беттер

2. Менчик жана ишкердик эмгектин формалары - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - -16-20 беттер

3. Рыноктук экономиканын негиздери - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - - 20-31 беттер

## Лекциялар:

4.Жумушсуздук жана калкты ишке тартуу саясаты - - - - 31-49 беттер

5.Инфляция жана ага каршы чаралардын системасы - - - 49-65 беттер

6 Мамлекеттин фискалдык саясаты - - - - - - - - - - - - - - - - 65-79 беттер